**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭСЕПТӨӨ ПАЛАТАСЫ**

# Кыргыз Республикасынын 2019-жылга карата республикалык бюджеттин аткарылышына аудиттин отчету

**БИШКЕК 2020-жыл**

# Мазмуну


| | | |
|---|---|---|
| 1. | Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурунку аудиттеринин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктардын жана сунуштардын өз учурунда аткарылышы жана толуктугу | 1-3 |
| 2. | Республикалык бюджетти түзүү жана аткаруу процессин жөнгө салуучу мыйзамдык жана ченемдик актылардын ченемдеринин сакталышына жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудит | 3-10 |
| 3. | Негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрдү жана аны аткаруунун жүрүшүндө киргизилген өзгөртүүлөр жана 2019-жылга республикалык бюджеттин бекитилген көрсөткүчтөрү менен алардын өз ара байланышын талдоо | 10-13 |
| 4. | 2019-жылдын бюджети жөнүндө Мыйзамды, бюджетти аткаруу боюнча отчеттун түзүмүнүн, форматынын ылайык келишин талдоо | 14-15 |
| 5. | Булактар бөлүгүндө кирешелердин аткарылбаган себебин жана бюджеттин ресурстук жана киреше бөлүгүнүн аткарылышын талдоо | 15-19 |
| 6. | Бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышын талдоо | 19-31 |
| 7. | Республикалык бюджеттин кассалык аткаруу тартибинин сакталышы | 31-39 |
| 8. | Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Улуттук банктагы эсептерин талдоо | 39 |
| 9. | Коммерциялык банктарда ачылган эсептерге талдоо | 39-40 |
| 10. | Коммерциялык банктарда депозиттерди жайгаштыруу | 40 |
| 11. | Мамлекеттик карызды тейлөө жана абалын талдоо | 40-44 |
| 12. | Инвестициялык долбоорлорду талдоо, кредиттик жана гранттык каражаттардын максаттуу жана натыйжалуу пайдаланылышын талдоо | 44-48 |
| 13. | Эл аралык уюмдарда жана интеграциялык бирикмелерде мүчөлүк, үлүштүк төгүмдөрдү каржылоону талдоо | 48-50 |
| 14. | Программалык бюджеттин аткарылышын талдоо | 50-51 |
| 15. | Пландалган жана өткөрүлгөн товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү мамлекеттик сатып алууларга жана консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдү талдоо | 51-52 |
| 16. | “Ички аудит жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын аткаруу боюнча ички аудит кызматынын ишине талдоо | 52-54 |
| 17. | Бюджеттик кредиттерди башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик жүргүзгөн бюджеттик кредиттерди башкарууну талдоо | 54-55 |
| 18. | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин комитеттеринин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тапшырмаларын жана каттарын аткаруу | 55-56 |
| 19. | Корутунду | 57-70 |
| 20. | Сунуштар | 70-79 |

**Аудит жүргүзүү үчүн негиз:** Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 107-беренеси, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 72-беренеси, “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4, 7, 31-беренелери, 2020-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитордук иш планы, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын төрагасынын 13.08.2020-жылдагы №10-2/282 буйругу.

**Аудит объектиси:** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги жана анын ведомстволук бөлүмдөрү: борбордук аппарат, Борбордук казыналык, Бюджеттик кредиттерди башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик, Мамлекеттик сатып алуулар департаменти.

**Аудиттин максаты:** Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышы.

**Аудит мезгили:** 2019-жыл.

*Аудит республикада эпидемиологиялык кырдаалга байланыштуу, 2020-жылдын июнь-июль айларындагы мезгил аралыгында жумуш процесстери убактылуу тототулгандыгынан улам, тандалма ыкма менен жүргүзүлдү.*

*Отчет Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан берилген комментарийлерди кароону жана макулдашууну эске алуу менен даярдалды.*

**Аудит мезгилине карата кызматтагы жооптуу адамдар болуп, төмөндөгүлөр эсептешишкен:**

- Министр Жеенбаева Б.Ж. бүтүндөй аудит мезгилине карата;
- Статс-секретарь: Баяманова З.Э. 08.01.2019-жылга чейин; Нурматова Ж.Б. 18.03.2019-жылдан тартып 27.09.2019-жылга чейин; Шамшиев А.А. 27.09.2019-жылдан тартып ушул кезге чейин;
- Министрдин орун басары – Борбордук казыналыктын директору: м.а. Азимов А.К. 14.01.2019-жылдан тартып 18.03.2019-жылга чейимн; Амандыков М.Л. 18.03.2019-жылдан тартып ушул кезге чейин;
- Министрдин орун басарлары: Абдыганы т.Суеркул 01.07. -жылдан тартып ушул кезге чейин; Азимов А.К., Кармышаков У.Т. - бүтүндөй аудит мезгилине карата.

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурунку аудиттеринин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктардын жана сунуштардын өз учурунда аткарылышы жана толуктугу**

2018-жылга республикалык бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча Эсептөө палатасы нын 7 пункттан турган жазма буйругу, ушул аудитти аяктоо мезгилинде Финансы министрлиги тарабынан 2 пункт аткарылган, 5 пункт жарым-жартылай аткарылган жана аткаруу баскычында турат.

Республикалык бюджеттин кирешесине калыбына келтирилүүгө тийиш болгон 169,5 млн.сом суммасынын ичинен, 99,7 млн.сом же 58,8% калыбына келтирилген, калыбына келтирилбеген сумманын калдыгы 69,8 млн.сомду 41,2%ды түзгөн.

Жазма буйруктун пункттарынын төмөндөгү бөлүктөрү жарым-жартылай аткарылган жана аткаруу баскычында турат:

- Финансы министрлигинин атайын уруксаты жок туруп, коммерциялык банктарда ачылган алыш-бериш эсептериндеги жалпы 74,0 млн.сом суммасындагы калдыктарды БКЭге чегерүүнү камсыздоо. Калыбына келтирилүүгө каралган суммалардын ичинен, калыбына келтирилбеген сумманын калдыгы 21,1 млн.сомду түзгөн;
- Коммерциялык банктардагы аткаруу агенттиктеринин пайыздык эсептериндеги 26,0 млн.сом каражаттардын калдыктарын өндүрүү. Калыбына келтирилүүгө каралган суммалардын ичинен, калыбына келтирилбеген сумманын калдыгы 2,1 млн.сомду түзгөн;
- Подрядчылар тарабынан аткарылган иштердин 2,6 млн.сом суммасындагы ашырылган көлөмүнүн калдыгын каржылоодо чегерүүнү жүргүзүү. Чегерилбеген сумманын калдыгы 0,3 млн.сомду түзгөн;
- 46,3 млн.сом суммасындагы, эсепти ачуу үчүн бир жолку комиссияны жана кайра кредиттелген каражаттар боюнча төлөм кечиктирилгендиги үчүн айып пулдарды өндүрүү.

Эсептөө палатасы тарабынан сунушталган, БКЭнин иштеши, бюджеттин ресурстарын администрлөөнү жакшыртуу, мамлекеттик карыздын көлөмүн болжолдоо жана башка иш-чаралар бөлүгүндө Бюджеттик кодекстин беренелерин сактоону камсыздоо боюнча иш-чаралар жетиштүү деңгээлде ишке ашырылган эмес.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 11.02.2020-жылдагы “Тартип жазасын берүү жөнүндө” буйругу менен, мамлекеттик карыздын тейленишин талаптагыдай контролдобогондугу жана чыгымдар операцияларын жүргүзгөндүгү үчүн, борбордук аппараттын эки түзүмдүк бөлүмүнүн жетекчилерине эскертүү берилген.

2018-жылга республикалык бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан 30.09.2019-жылы №510 “2018-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудит жөнүндө Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын отчетунда көрсөтүлгөн кемчиликтерди жана жетишпестиктерди жоюу боюнча иш-чаралар планын бекитүү жөнүндө” токтом кабыл алынган, анда, Эсептөө палатасынын сунуштарынын жана жазма буйруктарынын пункттарын ишке ашыруу мөөнөтү белгиленген, ал 2019-жылдын IV кварталынан 2020-жылдын IV кварталына чейинки мезгилди түзгөн.

Жогоруда көрсөтүлгөн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому, мурунку аудиттин жыйынтыктары боюнча аткарылбаган жазма буйруктарды камсыздоо боюнча иш-чараларды бекитүү менен, ведомстволук планды иштеп чыгуу каралган.

Бирок, ушул аудит аяктаган мезгилде, 2017-жылга республикалык бюджеттин аткарылышынын жыйынтыктары боюнча Эсептөө палатасынын жазма буйругун толук аткаруу Финансы министрлиги тарабынан камсыздалган эмес.

2018-жылга республикалык бюджеттин аткарылышынын жыйынтыктары боюнча Эсептөө палатасынын сунуштарын кароо боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынан маалымат, ушул кезге чейин Эсептөө палатасына келип түшкөн эмес.

Эсептөө палатасы Мамлекеттик бюджеттик резервдин түзүлүшүнө байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 23.10.2007-жылдагы №509 “Өзгөчө кырдаалдарды алдын алуу анын кесептеттерин жоюу боюнча атайын эсеп

жөнүндө” токтомун алып салуу маселесин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө кароону; ал боюнча төлөө номиналдык нарктан 608,1 млн. сомго ашырылган, «bank4-96» сериясындагы казыналык милдеттенмелерди тейлөөнү токтотууну сунуштаган.

**Республикалык бюджетти түзүү жана аткаруу процессин жөнгө салуучу мыйзамдык жана ченемдик актылардын ченемдеринин сакталышына жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудит**

- *Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 26.04.2018-жылдагы №2397-VI “2019-жылга Кыргыз Республикасынын Бюджеттик резолюциясы жана 2020-2021-жылдарга болжолу жөнүндө” токтому менен жактырылган, 2019-жылга Кыргыз Республикасынын Бюджеттик резолюциясы жана 2020-2021-жылдарга болжолу менен белгиленген, негизги артыкчылыктар жана багыттар.*

2019-жылга бюджетти түзүүдө, Бюджеттик резолюциянын айрым багыттары сакталган эмес.

Бюджеттик резолюция менен белгиленген, 2019-жылдын бюджет жөнүндө Мыйзамында бекитилген, ИДПга карата 21%дан жогору салыктык келип түшүүлөрдүн үлүшүнүн республикалык бюджеттин бөлүгүнө жетүү багыттары ИДПга карата 19,5%ды түзгөн. 2019-жылдын бюджет жөнүндө Мыйзамында бекитилген, ИДПга карата 21%дан жогору эмес бюджеттик каражаттардын чыгымдарынын болжолдонгон көлөмү алдында, чыгымдар 129,6 млрд.сом суммасында, же ИДПга карата 21,4%га пландалган.

2019-жылдын бюджетинин долбооруна карата Түшүндүрмө катта *“карыздын туруктуулугун сактоо жана бюджеттин тартыштыгын кыскартуу максатында, бюджетти бириктирүү боюнча иштер улантылат”* деп белгиленгение карабастан, БКЭге Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунун операцияларын которуу ишке ашырылган эмес.

Аскер техникасын жана адистештирилген жабдууларды сатып алуу үчүн чыгымдардан сырткары, күч түзүмдөрүнүн бюджетинин чыгымдар бөлүгүнүн жашырындуулук режимин алып салуу жөнүндө сунуш ишке ашырылбастан калган, анткени, учурда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 07.07.1995-жылдагы №267/9 с.с. токтому колдонулат.

Сунуштардын төмөндөгү бөлүктөрү аткарылган эмес:

- 2019-жылга республикалык бюджет жөнүндө Мыйзамга карата өзүнчө тиркеме менен, Бюджеттик кодекстин 29-беренесине ылайык, финансылык жылга республикалык бюджет жөнүндө мыйзам бекитилгенден кийин, курулуш жана реконструкциялоо объектилеринин тизмесин бекитүү укугу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө берилээрин эске алуу менен, “Капиталдык салымдар” беренеси боюнча каржылоо үчүн каражаттарды бөлүштүрүү менен, объектилердин тизмесин түзүү;
- Күрөөлүк камсыздоодогу ишкерлерди кодоо үчүн, “Кепилдик фонду” ААКсынын уставдык фондун көбөйтүү үчүн, каражаттарды бөлүү.

Бюджеттик чыгымдарды, тышкы карыз алууларды контролдоону күчөтүү, бюджетин тартыштыгын аныктоо методикасын иштеп чыгуу жана талдоо, баалоо жана мониторинг жүргүзүү тутумун жана аны жабуу булактарын жакшыртуу боюнча сунушталган чаралар, ушул аудитке тиешелүү маалыматтарды берүүнүн жоктугунан улам, ишке ашырылбастан калган.

Натыйжада, 2019-жылга республикалык бюджетти түзүүдө, Бюджеттик кодекстин 6-беренеси менен каралган артыкчылыктар принциби сакталбастан туруп, 2019-жылга Бюджеттик резолюция жана 2020-2021-жылдарга болжолунун жогоруда көрсөтүлгөн багыттары эске алынган эмес деп, аудит эсептейт.

- *Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 23.08.2018-жылдагы №393 "2019-2021-жылдарга Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүн орто мөөнөттүү болжолдоо жөнүндө" токтому менен бекитилген, экономикалык болжолдоонун көрсөткүчтөрүнүн негизинде бюджетти орто мөөнөттүү болжолдоо*

Макроэкономикалык жана инвестициялык саясат боюнча Координациялык кеңеш тарабынан жактырылган, орто мөөнөттүү болжолдоонун сценарийи, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 23.08.2018-жылдагы №393 "2019-2021-жылдарга Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүн орто мөөнөттүү болжолдоо жөнүндө" токтому менен бекитилген.

Бекитилген макроэкономикалык параметрлердин негизинде, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 23.08.2018-жылдагы №397 "2019-2021-жылдарга Кыргыз Республикасынын фискалдык саясатынын негизги багыттары жөнүндө" токтому менен бекитилген, 2019-2021-жылдарга Кыргыз Республикасынын фискалдык саясатынын негизги багыттары, анын ичинен, 2019-2020-жылдарга бюджетти түзүү үчүн контролдук цифралар түзүлгөн.

*1-таблица. 2019-2021-жылдарга макроэкономикалык көрсөткүчтөр*

| | **Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 23.08.2018-жылдагы №397 токтому** | | | **2019-жылга РБ жөнүндө Мыйзам менен бекитилген** |
|---|---|---|---|---|
| | **2019-жыл болжолдоо** | **2020-жыл болжолдоо** | **2021-жыл болжолдоо** | |
| Номиналдуу ИДП, млн.сом | 604 707,2 | 667 078,8 | 736 239,3 | |
| Реалдуу ИДП, % | 4,0 | 4,4 | 4,2 | |
| Республикалык бюджеттин кирешелери, млн.сом | 151 762,4 | 157 043,3 | 161 890,3 | 151 762,4 |
| Республикалык бюджеттин чыгымдары , млн.сом | 161 913,1 | 165 199,8 | 164 535,1 | 161 913,1 |

Келтирилген маалыматтардан улам, 2019-жылга бюджет жөнүндө Мыйзам менен бекитилген, бюджеттин кирешлер жана чыгымдар бөлүгү боюнча көрсөткүчтөр, 2019-жылга ФСНБда болжолдонгон көрсөткүчтөр менен туура келгени көрүнүп турат.

- *Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 22.12.2016-жылдагы №696 "Кыргыз Республикасында мамлекеттик финансыны башкарууну өнүктүрүүнүн 2017-2025-жылдарга карата стратегиясын бекитүү жөнүндө" токтому менен бекитилген, мамлекеттик финансыны башкарууну өнүктүрүү стратегиясын ишке ашыруу боюнча 2017-2019-жылдарга карата иш-аракеттердин орто мөөнөттүү планы*

2017-2019-жылдарга карата Стратегияны ишке ашыруунун биринчи этабынын максаты болуп, финансылык тартипти сактоо: бюджеттин аныктыгына жана реалдуулугуна жетүү үчүн, планга ылайык бюджетти аткаруу эсептелет.

2017-2019-жылдарга орто мөөнөттүү план менен, 3 багыт: Бюджетти пландоону жакшыртуу; Бюджетти аткарууну жакшыртуу; Бухгалтердик эсептин жана отчеттуулуктун стандарттарын жакшыртуу аныкталган.

1. Бюджетти пландоону жакшыртуу, программалык негизде бюджеттөөнү жана бюджеттин кирешелерин болжолдоону жакшыртууну; бюджеттин толуктугун жана ачыктыгын камсыздоону камтыйт. 2019-жылга бюджеттин кирешелерин болжолдоону жакшыртуу көрсөткүчтөрүнүн бири болуп, 3%дан ашырылбаган кирешелердин факты жүзүндө келип түшүүсүнөн, кирешелерди болжолдоодон четтөө пайызы белгиленген. Отчеттук маалыматтар боюнча, бекитилген бюджетке салыштырмалуу, 2019-жылга республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн факты жүзүндө аткарылышы 97,6%ды, б.а. четтөө 2,4%ды түзгөн.

2. Бюджеттин аткарылышын жакшыртуу, Бюджеттик кодекстин киргизилиши менен иштеп жаткан, БКЭни колдонууну караган, бюджетти аткарууда чыгымдарды контролдоо тутумун жакшыртуу боюнча иш-чараларды камтыган. Бюджетти аткаруу тартибин камсыздоо, 5%дан ашырылбаган четтөө менен, бекитилген бюджеттен факты жүзүндө чыгымдарды жүргүзүүнү караган. 2019-жылга республикалык бюджеттин жыйынды чыгымдарынын факты жүзүндөгү көлөмү *(МИП кредиттерин жана тышкы гранттарды, атайын каражаттарды эске алуу менен),* 162,0 млрд. сомго такталган план алдында 149,3 млрд. сомду, же 92,2%ды түзгөн, б.а. жеткире аткарылбаган жагына 7,8% четтөө менен. 161,9 млрд. сом суммасындагы бюджеттин бекитилген чыгымдарына салыштырмалуу, четтөө 8,4%ды түзгөн.

Аудиттин пикири боюнча, каражаттарды жетишсиз чыгымдоонун негизги себеби болуп, 2019-жылдын аягында БКЭдеги бюджеттик каражаттардын калдыгы 4,9 млрд. сомду түзгөндүгүн эске алуу менен, бюджеттик ресурстардын тартыштык эместиги эсептелет. Бюджетте каралган чыгымдардын төмөн аткарылышын түшүндүрүү болуп, чыгымдарды пландоодо жана тескөөдөгү кемчиликтер эсептелет, алар бюджеттик ресурстарды натыйжалуу бөлүштүрүүгө жардам бербейт.

Мамлекеттик финансыны башкаруунун негизги аспекттери, өзгөчө мамлекеттик инвестицияларды тескөөдө – бюджеттик чыгымдарды пландоо, аткаруу, мониторинг жана баалоо жүргүзүү ортосунда макулдашылбагандык менен мүнөздөлүп, начар болуп калат.

*(Маалымат үчүн: бюджеттик чыгымдарды начар аткаруу позициясы, 2019-жылдын май-июнунда Дүйнөлүк банктын миссиясы тарабынан жүргүзүлгөн, мамлекеттик чыгымдарды диагностикалык балоодо белгиленген).*

3. Бухгалтердик эсептин жана отчеттуулуктун стандарттарын жакшыртуу, ФОЭС НКга ылайык коомдук сектордун финансылык отчеттуулук стандарттарын иштеп чыгуу жана бекитүү боюнча чараларды караган.

Бюджеттик кодекс менен, мамлекеттик башкаруу секторунан сырткары, коомдук сектор түшүнүгү каралган эместигин, белгилеп кетүү керек.

Финансы министрлигинин буйругу менен, 2013-жылы мамлекеттик башкаруу сектору үчүн, Эсеп саясаты, Бухгалтердик эсепти уюштуруу жана отчтту даярдоо боюнча Жобо бекитилген, аларды учурда мекеме өзүнүн иш-аракетинде колдонот.

2019-жылы Мамлекеттик финансыны башкаруу (МФБ) стратегиясынын 1-этабы аяктаганда, МФБ тутумун Кыргыз Республикасынын Өкмөтү донордук коомчулук менен бирге баалоону жүргүзүү каралган, учурда ал, 31.01.2021-жылга

чейин Финансы министрлиги менен түзүлгөн контракт боюнча DT Global IDEV Europe, S.L. компаниясы тарабынан жүргүзүлүүдө.

*(Маалымат үчүн: Финансы министрлигинин 30.06.2020-жылдагы буйругу менен, 2017-2025-жылдарга Стратегияны ишке ашыруу боюнча (II этап) 2020-2022-жылдарга иш-аракеттердин орто мөөнөттүү планы бекитилген).*

- *Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 07.07. 2015-жылдагы № 455 "2015-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын фискалдык саясатынын концепциясын жана 2015-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын фискалдык саясатынын концепциясын ишке ашыруу боюнча Иш-чаралар планын бекитүү тууралуу" токтому менен бекитилген, 2015-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын фискалдык саясатынын концепциясынын иш-чаралар планы*

Пландалган иш-чаралардын ичинен, Финансы министрлигине тиешелүү министрликтер жана ведомстволор менен биргелешип, 2020-жылдын аягына чейин төмөндөгүлөрдү камсыздоо багытталган:

- салык жана бажы органдарынын ишинин натыйжалуулугун жана көрсөтүлгөн кызматтардын сапатын жогорулатууну караган, салык жана бажы органдарынын өнүктүрүү стратегиясын иштеп чыгуу, бекитүү жана ишке ашыруу;

- максаты жергиликтүү бюджеттердин киреше бөлүгүн көбөйтүү болуп эсептелген, бюджет аралык трансферттерди эсептөө методикасын жакшыртуу.

2019-жылы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен, 2019-2020-жылдарга МСКны өнүктүрүү стратегиясы жана аны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы жана 2019-2023-жылдарга Кыргыз Республикасынын бажы кызматын өнүктүрүү стратегиясы жана аны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы бекитилгендигин, белгилеп кетүү керек.

Бюджет аралык трансферттерди эсептөөнү жакшыртууга байланыштуу: "Саясатты өнүктүрүү институту" мекемеси жана "Инфо-Система" Министрлик менен Финансы министрлиги тарабынан түзүлгөн келишимге ылайык, "Теңдөөчү трансферттер" автоматташтырылган маалымат тутуму иштелип чыккан, ал, дотацияда турган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына теңдөөчү трансферттерди эсептөө процессине катышууга мүмкүнчүлүк берет.

Бюджеттик кодекстин 82-беренеси менен каралган мөөнөттө, кезектеги өтүп жаткан бюджеттик жылдын 1-июлунан кечиктирбестен, орто мөөнөттүү мезгилге фискалдык саясаттын негизги багыттарын бекитүү*(бюджетик каражаттарды башкы бөлүштүрүүчүлөр боюнча контролдук цифраларды камтуу менен, негизги категориялар боюнча бюджеттин чыгымдары),* 2019-2021-жылдарга Кыргыз Республикасынын фискалдык саясатынын негизги багыттары, анын ичинен, 2019-2020-жылдарга республикалык бюджетти түзүү үчүн контролдук цифралар, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "2019-2021-жылдарга Кыргыз Республикасынын фискалдык саясатынын негизги багыттары жөнүндө" токтому менен бекитилген. Натыйжада, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 01.02.2018-жылдагы №38-б буйругу менен белгиленген, 2019-жылга бюджеттин долбоорун даярдоо мөөнөтү (бюджеттик календарь) сакталган эмес.

2019-жылга чыгымдар сметасынын долбоорун түзүүдө, министрликтерге жана ведомстволорго Финансы министрлиги тарабынан жеткирилген контролдук цифраларды сактоо тапшырылган. Финансы министрлиги тарабынан бул бөлүк боюнча көрсөтүлгөн талаптардын сакталышын контролдоо камсыздалган эместигин,

талдоо көрсөттү. Айрым БКББ (бюджеттик каражаттарды башкы бөлүштүрүүчүлөр) тарабынан контролдук цифралардан сметалык багыттоолордун четтөөсү аныкталган, ал эми, 2019-жылдын бюджетине киргизилген өзгөртүүлөрдү эске алуу менен, контролдук цифралардан четтөөлөр бир кыйла өлчөмдү түзгөн.

*2-таблица. ФСНБга салынган контролдук цифралардан бекитилген сметалык багыттоолордун четтөөсү*

(млн.сом)

| **Министрлик/ведомство** | **2019-жылга ФСНБга контрол-дук цифралар** | **2019-жылга бекитилген бюджет** | **ФСНБдан бекитилген бюджеттин четтөөсү** | **Бекитил-ген бюджет** | **2019-жылга факт** | **% факты жүзүндө чыгым-дарды аткаруу/ контрол-дук цифралар** | **% факты жүзүндө чыгым-дарды аткаруу /такталган бюджет** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| МБК | 571,9 | 1 071,9 | 500,0 | 920,6 | 869,0 | 151,9 | 94,5 |
| МСК | 1 238,2 | 1 623,6 | 385,4 | 1 702,7 | 1 612,3 | 130,2 | 94,6 |
| ММТМ | 2 111,0 | 1 884,2 | - 226,8 | 2 421,3 | 2 153,5 | 102,0 | 88,9 |
| ЖАМК | 1 208,5 | 1 093,6 | - 114,9 | 1 150,1 | 1 106,5 | 91,6 | 96,2 |
| Башкы прокуратура | 590,3 | 587,3 | - 3,0 | 675,8 | 659,5 | 111,7 | 97,6 |

*(Маалымат үчүн:2020-жылдын июнунда Дүйнөлүк банк тарабынан жүргүзүлгөн отчет боюнча, фискалдык саясаттын сапаты, Финансы министрлигиндеги институционалдык өзгөрүүлөрдөн улам утушу мүмкүн. Финансы министрлиги саясатты талдоого жана формуировкалоого абдан көңүл бурушу керек. Макрофискалдык саясат жана чыгымдар саясаты боюнча атайын бөлүмдөрдү түзүү жана персоналдарды тиешелүү окутууну камсыздоо керек).*

- *Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 05.02.2018-жылдагы №79 “2018-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызын башкаруу стратегиясын бекитүү жөнүндө” токтому менен бекитилген, 2018-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызын башкаруу стратегиясын ишке ашыруунун максаттуу көрсөткүчтөрү*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 05.02.2018-жылдагы №79 токтому менен бекитилген, Стратегияны аткаруунун максаттуу көрсөткүчтөрүн талдоо, бир максаттуу көрсөткүчтүн – МБКны чыгаруунун жалпы түзүмүндө казыналык облигациялардын эмиссиясынын жакшы динамикасын сактоо аткарылбагандыгын көрсөттү.

Мамлекеттик баалуу кагаздардын жыл сайынкы эмиссиясынын жалпы түзүмүндө, Мамлекеттик казыналык облигациялардын салыштарма салмагы 2019-жылы 64% жылды түзгөн, ал эми 2018-жылы - 86%ды түзгөн.

- *Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 20.04.2018-жылдагы № 2377-V “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ишинин программасын бекитүү жөнүндө” токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ишинин программасын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар*

2019-жылга Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн иш планына киргизилген 118-пункттагы иш-чаралардын ичинен, Финансы министрлиги 7 иш-чара боюнча жоопту болуп эсептелген, анын ичинен, мамлекеттик инвестициялардын бюджетинин аткарылышын камсыздоо боюнча милдет аткарылбастан калган. 21,0 млрд. сом суммасында 2019-жылга такталган план менен, факты жүзүндө аткаруу

19,1 млрд. сомду же 90,9%ды түзгөн. МИПти аткаруунун пайызынын төмөндүгү, долбоордук жана башка документтердин өз учурунда даярдалбашы; Финансы министрлигине аткаруу агенттиктери тарабынан табыштама берүү жана жүргүзүлгөн сатып алуулардын жыйынтыктарын кароону кечиктирүү менен шартталган.

- *Финансы министрлигинин 25.06.2018-жылдагы №58-б "Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Коллегиясы жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" буйругу*

Жобого ылайык, республикалык бюджетти түзүү жана аткаруу боюнча Коллегиянын кароосуна Киргизилүүчү маселелерге: мамлекеттик финансы жаатындагы мамлекеттик стратегияны аныктоо; фискалдык саясаттын негизги багыттарын ишке ашыруу; республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди түзүү жана аткаруу; республикалык бюджеттин киреше жана чыгымдар бөлүгүнө өзгөртүүлөрдү киргизүү; бюджеттин киреше бөлүгүн аткаруу ж.б. кирет.

2019-жылга Коллегияны жылдык иш планы жоктугу аныкталган. кварталына бир жолу Коллегияны отурумун өткөрүү каралаганы менен, 2019-жылга факты жүзүндө эки отурум – 2019-жылдын 6-февралында жана 24-декабрында өткөрүлгөн. 2019-жылдын 6-февралындагы Коллегиянын кароосунун жыйынтыгы боюнча кабыл алынган тапшырмалардын төмөндөгүдөй айрым маселелери: кредиттик жана дебитордук карыздарды азайтуу боюнча чаралар; баалуу кагаздардын тартуучулугун жакшыртуу жана ички рынокко тартуу механизмдерин жакшыртуу; резервдик топтоолорду түзүү максатында, өтүмдүүлүктү натыйжалуу башкаруу боюнча механизмдер каралбастан калган.

- *Финансы министрлигинин 24.08..2018-жылдагы №91-б "Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышына мониторинг жүргүзүү жобону бекитүү тууралуу" буйругу*

Жобо бюджетке кирешелердин келип түшүүсүн көзөмөлдөө жана каражаттарды пайдалануу боюнча мониторинг жүргүзүүнү жана квартал сайын бюджеттин аткарылышы отчеттуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин профилдик комитетине берүү жол-жоболорун тутумдашытрууну караган.

Ушул буйруктун аткарылышына жооптуу болуп эсептелген Финансы министрлигинин түзүмдүк бөлүмдөрү тарабынан, белгиленген формада маалыматтын БКга берилбегендиги аныкталган.

Натыйжада, Финансы министрлигинин № 91-б буйругу түзүмдүк бөлүмдөр тарабынан аткарылбайт, бул болсо, БКга баштапкы отчеттун негизинде бириктирилген отчетту түзүүгө мүмкүндүк бербейт деп, аудит эсептейт.

Ошентип, Финансы министрлигинин жетекчилиги, ошондой эле жогору турган органдар тарабынан берилген, республикалык бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн мониторинг боюнча кезектеги маалымат, бюджеттин киреше жана чыгымдар бөлүгүнүн маселелерин көзөмөлдөгөн түзүмдүк бөлүмдөрдүн баштапкы материалдары менен тастыкталган жок.

Өзгөчө белгилеп кетүүчү нерсе, "Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 29-беренесини н 1-бөлүгүнүн 2-пунктун бузуу менен, аудит учурунда айрым маселелер боюнча маалыматтар өз убагында жана туура эмес берилген. Айрым маалыматтар аудитке такыр берилген жок.

Мисалы, Бишкек жана Ош шаарларында, Чүй областынын аймагында билим берүү объекттеринин курулушун каржылоо маселесин караган Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 04.06.2019-жылдагы №185-б буйругунун жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет жана финансы боюнча комитетинин чечиминин аткарылбаган себеби, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн көрсөтүлгөн буйругуна ылайык, объекттерди каржылоонун конкреттүү булактары боюнча маалымат аудитке берилген жок.

**Негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрдү жана аны аткаруунун жүрүшүндө киргизилген өзгөртүүлөр жана 2019-жылга республикалык бюджеттин бекитилген көрсөткүчтөрү менен алардын өз ара байланышын талдоо**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 23.08.2018-жылдагы №393 “2019-2021-жзылдарга Кыргыз Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүүсүн орто мөөнөттүү болжолдоо жөнүндө” токтомуна ылайык, 2019-жылы экономикалык өсүш, 4,8%дагы деңгээлдеги “Кумтөр” кенин иштетүү боюнча ишкананы эсепке албастан, 604,7 млрд. сом номиналдык көлөм менен, 4,0% деңгээлде күтүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин алдын ла маалыматтары боюнча, 2019-жылдын январь-декабрь айлары үчүн ИДПнын номиналдык көлөмү 590,0 млрд. сом деңгээлинде түзүлгөн. ИДПнын реалдуу өсүүсү, 2018-жылдын тиешелүү мезгилиндеги деңгээлден 0,7 пайыздык пункт деңгээлинде түзүлгөн. “КУмтөр” кенин иштеп чыгуу боюнча ишкананы эсепке албастан туруп, экономиканын реалдуу өсүүсү 3,8%ды түзгөн *(2018-жылдын январында-декабрында өсүү 3,7%).*

“Кумтөр” кенин иштетүү боюнча ишкананы эсепке албастан, экономиканын реалдуу өсүү темпи, ИДНын өсүүсүн камсыздаган, негизинен, өнөр жайы (ИДПнын 28,9%га өсүүсү), курулуш (22,2 %) жана соода (20,0 %).

2018-жылдагы экономикалык көрсөткүчтөргө салыштырмалуу, 2019-жылга республиканы өнүктүрүүнүн экономикалык көрсөткүчтөрү 1-тиркемеде берилген.

*2019-жылга мамлекеттик бюджеттин аткарылышынын мүнөздөмөсү*

2019-жылга мамлекеттик бюджеттин ресурстук бөлүгүнө 198,8 млрд.сом келип түшкөн, же 203,4 млрд. сом суммасындагы планга карата 97,8 %. 2018-жылга салыштырмалуу келип түшүүлөр 16,3 млрд. сомго, же 8,9 %га көбөйгөн.

2019-жылга мамлекеттик бюджеттин кирешелеринин жалпы көлөмү 167,3 млрд.сомду, же пландан 98,0 %ды түзгөн (жеткире түшпөгөн сумма – 3,4 млрд.сом).

Кирешелердин көлөмү *(МИП гранттарын жана атайын каражаттарды эсепке албастан)* пландагы 152,7 млрд. сом алдында 150,3 млрд. сомду, же 98,4 %ды түзгөн. Мурунку жыла салыштырмалуу, кирешелер көлөмү 15,1 млрд. сомго көбөйгөн.

Мамлекеттик бюджеттин жыйынды чыгымдары *(МИП гранттарын жана кредиттерин, атайын каражаттарды эсепке алуу менен)* такталган пландагы 182,4 млрд. сом алдында 167,8 млрд. сомду, же 92,0 %ды түзгөн. Мурунку жыла салыштырмалуу, мамлекеттик бюджеттин жыйынды чыгымдары 10,1 млрд. сомго же 6,4%га көбөйгөн.

Мамлекеттик бюджеттин жыйынды чыгымдары *(МИПтин тышкы гранттарын жана кредиттерин, атайын каражаттарды эсепке албастан)* такталган пландагы 153,4 млрд. сом алдында 144,3 млрд. сомду, же 94,1 %ды түзгөн. Мурунку жыла салыштырмалуу, мамлекеттик бюджеттин жыйынды чыгымдары 7,6 млрд. сомго же 5,5%га көбөйгөн.

Мамлекеттик бюджеттин тартыштыгы 11,6 млрд. сом пландуу көрсөткүчтүн алдында 431,7 млн. сомду түзгөн, анын ичинен: республикалык бюджет – тартыштыктын 9 935,7 млн. сом пландуу көрсөткүчүнүн алдында 850,6 млн. сом; жергиликтүү бюджет тартыштыктын 1,8 млрд. сом пландуу көрсөткүчүнүн алдында 418,9 млн. сом профицит менен аткарылган.

*Республикалык бюджеттин аткарылышынын жүрүшүндө киргизилген өзгөртүүлөр жана макроэкономикалык көрсөткүчтөр менен, 2019-жылга республикалык бюджеттин көрсөткүчтөрүнүн өз ара байланышын талдоо*

2019-жылга бюджет жөнүндө мыйзам менен, 151 762,4 млн.сом кирешелер жана 161 913,1 млн.сом чыгымдар менен республикалык бюджет бекитилген.

2019-жылга республикалык бюджеттин тартыштыгынын чектелген өлчөмү, 10 150,7 млн.сом суммасында белгиленген, ал 2 303,5 млн. сом терс калдык менен ички булактрды жабууга багытталган, тышкы булактар боюнча оң калдык 12 454,2 млн. сомду түзгөн. 2018-жылга бекитилген бюджетке салыштырмалуу, 2019-жылга республикалык бюджеттин кирешелери номиналдык көрсөтүүдө, 10 880,2 млн. сомго (7,7 %), чыгымдар 763,7 млн. сомго (0,5%) көбөйтүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин үч окуусунда каралган, Өкмөт ме макулдашуу баскычында даярдалган республикалык бюджеттин версиялары боюнча долбоор, Финансы министрлигинин маалыматтар базасында жоктугу аныкталган, бул болсо, аны кароонун бардык этаптарында бюджеттик маалыматтын ачыктыгыны жоктугун күбөлөндүрөт.

Бюджетти н бекитилген параметрлерине киргизилген оңдоолрду талдоодо, киреше бөлүгү боюнча такталган пландын жоктугу белгиленген.

Алсак, 2019-жылы республикалык бюджеттин киреше (ресурстук) бөлүгүнө бекитилген бюджеттен ашык, 1 537,2 млн. сомго бюджеттин ресурстарын кошумча көбөйтүү каралган, мында, 5 186,2 млн. сом түшүп калуу боюнча тактоо киргизилген. бюджеттин киреше бөлүгүн көбөйтүү боюнча киргизилген өзгөртүүлөрдүн суммасына маалымкат-түшүндүрмө Финансы министрлигинин жана бюджеттин ресурстарынын тиешелүү администраторлору тарабынан таризделген эмес.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 01.11.2017-жылдагы №723 токтому менен бекитилген, социалдык төлөмдөрдү (социалдык пакет) жогорулатууга бюджеттик бөлүнгөн акчаларды багыттоону караган, Республикалык бюджеттин долбоорун түзүү жана республикалык бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүү тартиби сакталбастан, 26653 “Социалдык төлөмдөрдү жогорулатуу” ведомстволук классификациялоонун коду боюнча, так эсептөөлөр жок жана бюджет алуучулар боюнча бөлүштүрүлбөстөн туруп, төмөндөгү беренелер боюнча 1 059,7 млн. сом каралган: «Эмгек акы» жана «Социалдык фондго төгүмдөр» - 649,4 млн. сом; «Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрү пайдалануу» - 410,3 млн. сом.

Социалдык төлөмдөрдү жогорулатууга каралган сметалык багыттоолор, жыл бою Финансы министрлиги тарабынан резервдик булак катары пайдаланылгандыгын, аудит белгилейт.

Алсак, төмөндөгү министрликтер жана ведомстволор боюнча «Эмгек акы» жана «Социалдык фондго төгүмдөр» беренелери көбөйтүлгөн:

- Омбудсмендин (Акыйкатчынын) Аппараты – 22,1 млн.сом;
- маданият, искусство жана билим берүү мекемелери – 30,0 млн.сом;

- Улуттук илимдер академиясы – 42,1 млн.сом;

- Билим берүү жана илим министрлиги – 19,6 млн.сом.

Алсак, социалдык төлөмдөрдү жогорулатууга каралган каражаттардын эсебинен, “Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү пайдалануу” беренеси боюнча социалдык чөйрөгө кирбеген кошумча чыгымдар багытталган:

- Юстиция министрлигине кепилденген мамлекеттик юридикалык жардам алкагында, адвокаттардын эмгегине төлөө – 77,1 млн.сом жана Пробация департаментин түзүүгө – 18,8 млн.сом;

- «Кыргыз туризм» МИнин уставдык капиталын түзүү үчүн ММТМга – 50,0 млн.сом;

- соттук-укуктук реформалар программасынын алкагында кылмыштардын жана дооруктардын бирдиктүү реестрин жайылтуу боюнча иш-чараларды ишке ашыруу үчүн, коомдук тартипти жана коопсуздукту камсыз кылган органдарга – 29,9 млн.сом.

2019-жылдын аягында чыгымдардын сметасын талдоо жана оптималдоонун жыйынтыгында, 26653 “Социалдык төлөмдөрдү жогорулатуу” коду боюнча 716,1 млн. сомго азайтылган, бул болсо, каралган 1 059,7 млн. сомдон 67,6 %ды түзгөн, же болжолдуу көрсөткүчтөрдү негизсиз жогорулатуу жөнүндө күбөлөндүрө тургандыгын, белгилеп кетүү керек.

Жылдын аягында чыгымдар сметасын талдоо боюнча министрликтер менен ведомстволордун сметалык багыттоолору 6,7 млрд.сомго, чыгымдарды оптималдоо - 6,9 млрд. сомго азайтылган. Министрликтер менен ведомстволордун чыгымдарына жүргүзүлгөн оптималдоо алдында, факты жүзүндө аларды кыскартуу жүргөн.

Жыл ичинде чыгымдардын жыйынды көлөмүнөн 5%дан көп эмес өлчөмдөгү каражаттарды чыгымдар беренелери боюнча к кайрадан бөлүштүрүүчү башкы тескөөчүнүн укугун караган, Бюджеттик кодекстин 109-беренеси сакталбастан, айрым министрликтер жана ведомстволор боюнча каражаттарды кайрадан бөлүштүрүү **41,6 млн. сомго** ашырылгандыгы аныкталган.

Такталган бюджеттин параметрлерин талдоо, министрликтер жана ведомстволор тарабынан өздөрүнүн бюджеттик долбоорун түзүүдө, айрым чыгымдар беренелери боюнча көрсөткүчтөрдү ашыруу же азайтуу каралган, көпчүлүк учурда, тиешелүү негизделген эсептөөлөр менен тастыкталбастан туруп.

Бюджеттик кодекстин 104-беренеси менен каралган, бюджеттин аткарылышына ай сайын талаптагыдай талдоо жана мониторинг жүргүзүүнүн жоктугу, финансылык жылдын биринчи жарым жылдыгында, өзгөчө өнүгүү бюджетин аткаруу бөлүгүндө, инвестициялык долбоорлорду төмөн деңгээлде ишке ашырып жаткан мамлекеттик органдарга карата иштиктүү чараларды көрүүгө: Мамкурулуш - 43%; Экономика министрлиги - 48%; ММБФ - 66%; Саламаттык сактоо министрлиги – 67%, ошондой эле, ошондой эле, 1-июндагы абал боюнча бюджетти н бекитилген көрсөткүчтөрүнө оңдоолорду киргизүүгө (2019-жылга бюджетти аткаруу процессине ондоолор 1-октябрдагы абал боюнча гана киргизилген), ошону менен бирге, жыл аягында бюджеттин колдогу ресурстарын натыйжалуу жана максаттуу пайдаланууга мүмкүндүк берген эмес.

2019-жылга бюджет жөнүндө Мыйзамга тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү менен, “Капиталдык салымдар” беренеси боюнча 799,3 млн.сом чыгымдардын жана БДЭге чегерилген каражаттардын эсебинен, Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин киреше бөлүгүн 1 124,6 млн.сомго көбөйтүү боюнча,

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет жана финансы комитети тарабынан 10.06.2019-жылдагы чечими жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 04.06.2019-жылдагы №185-б буйругу менен кабыл алынган чечим, кирешелерди көбөйтүү бөлүгүндө аткарылбастан калган. "Капиталдык салмыдар" беренеси боюнча чыгымдарды 799,3 млн.сомго көбөйтүү, бюджетке кошумча каражаттардын келип түшүү боюнча тиешелүү булактар жок жүргүзүлгөн, бул болсо, Бюджеттик кодекстин 4-беренесин бузуу болуп эсептелет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 5-январындагы №5 "Өзгөчө статуска ээ Кыргыз Республикасынын айрым чек ара аймактарын социалдык-экономикалык өнүктүрүү жана коопсуздукту камсыздоо боюнча мамлекеттик программанын экинчи табын ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүүнү караган Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 04.10.2019-жыладгы №520 токтому менен, Финансы министрлигине Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет жана финансы комитети менен макулдашып, "Чек ара аймактарын өнүктүрүү" беренеси боюнча чыгымдарды 38,65 млн. сомго көбөйтүү жана көрсөтүлгөн каражаттарды 2019-жылдын бюджетине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө Мыйзам долбоорун даярдоодо эсепке алуу тапшырылган.

Бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө Мыйзамдын 6-тиркемесине ылайык, чек ара аймактарын өнүктүрүүгө көбөйтүү жүргүзүлгөн эмес, такталган сумма 3,5 млн. сомду түзгөн, же баштапкы 100,0 млн. сом суммадан 96,5 млн. сомго азайтылган.

**2019-жылдын бюджети жөнүндө Мыйзамды, бюджетти аткаруу боюнча отчеттун түзүмүнүн, форматынын ылайык келишин талдоо**

2019-жылга республикалык бюджетти аткаруу боюнча отчетту даярдоодо жана берүүдө, Бюджеттик кодекстин 116-беренеси менен каралган талаптар сакталган эмес:

- бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчеттун түзүмү Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген эмес;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө мамлекеттик бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчеттун курамына республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетту 1-майдан кечиктирбестен берүүнүн белгиленген мөөнөтү алдында, отчет Финансы министрлигинин каты менен 14.05.2020-жылы жөнөтүлгөн;
- Өкмөт республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетту бекитүү тууралуу мыйзамдын долбоорун отчеттук жылдан кийинки жылдын 15-майынан кечиктирбестен кароонун белгиленген мөөнөтү алдында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан 19.06.2020-жылдагы №345 токтом кабыл алынган.

МСК кирешелеринин көрсөткүчтөрү сабы боюнча мамлекеттик бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчётто 6 019,4 млн.сомго бурмалоолор аныкталган, анын ичинен, республикалык бюджет боюнча - 6 694,8 млн.сомго көбөйүү жагына, жергиликтүү бюджет боюнча - 675,4 млн.сомго азаюу жагына.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 19.06.2020-жылдагы №345 токтому менен жактырылган, 2019-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчётто, такталган план боюнча МСК кирешелеринин көрсөткүчтөрү **8 202,7 млн.сомго** жана факты жүзүндө аткаруу боюнча **6 694,8 млн.сомго** бурмаланган. Буга байланыштуу, 2019-жылга отчетто көрсөтүлгөн мамлекеттик бюджеттин

киреше бөлүгүнүн көрсөткүчтөрү, туура эмес болуп эсептелет жана оңдолууга тийиш *(аудит аяктаганда тиешелүү түзөтүүлөр киргизилди).*

2019-жылдын республикалык бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчетто 11524 экономикалык классификациялоо боюнча көрсөтүлүүгө тийиш болгон, 209 628,7 миң сом суммасындагы "Үчүнчү өлкөгө карата атайын коргоочу, антидемпингдик жана компенсациялык чараларды көрүү жөнүндө макулдашууга ылайык төлөнгөн, атайын, антидемпингдик жана компенсациялык алымдар", Бюджеттик кодекстин 8-бернесинин 3-бөлүгүн жана Бюджеттик классификациялоону бузуу менен, 11525 "Атайын, антидемпингдик жана компенсациялык алымдарды бөлүштүрүүдөн суммаларды чегерүү боюнча мүчө мамлекеттер милдеттенмелери н өз убагында аткарбагандыгы үчүн, келип түшкөн пайыздар" боюнча көрсөтүлгөн.

Ошентип, 2019-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчет, кирешелер боюнча **209 628,7 миң сом** бурмаланган көрсөткүчтөрдү камтыйт, ал оңдолууга тийиш (*аудит аяктаганда тиешелүү түзөтүүлөр киргизилди).*

Отчётто такталган көрсөткүчтөрү көрсөтүлгөн "Эмгек акы" беренеси боюнча кассалык чыгымдар 46 030,7 млн. сомду түзгөн, же такталган пландан 2 493,6 млн. сомго көп. Ушундай эле жагдай, "Социалдык фондго төгүмдөр" жана "Коммуналдык кызматтар" беренелери боюнча да бар. Келтирилген беренелердин такталган көрсөткүчтөрдөн кассалык чыгымдардын ашырылышы, 2219 "Жогорку кесиптик билим берүү тутумунда бирдиктүү берене менен берилген чыгымдар" беренеси боюнча Билим берүү жана илим министрлигинин тутумунда чыгымдарды пландоо себебинен улам пайда болгон, ал эми кассалык аткаруу, чыгымдарды экономикалык классификациялоонун бардык беренелери боюнча жүзөгө ашырылган.

Натыйжада, Мыйзамдын 6-тиркемеси, бюджетке **31,3 млн. сомго** өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча Мыйзамдын (№142) 5-беренесинин 2-пунктуна туура келбейт, бул болсо, Мыйзамдын тиркемелеринин окшош эместиги бөлүгүндө, Бюджеттик кодекстин 90-беренеси сакталбагандык болуп эсептелет.

**Булактар бөлүгүндө кирешелердин аткарылбаган себебин жана бюджеттин ресурстук жана киреше бөлүгүнүн аткарылышын талдоо**

Республикалык бюджетке ресурстардын келип түшүүсү *(атайын каражаттарды, МИПтин кредиттерин жана тышкы гранттарды эске алуу менен)* 148,5 млрд. сомду, же 152,1 млрд. сом суммасындагы пландан 97,6 %ды түзгөн. 2018-жылдын ушуга окшош көрсөткүчтөрүнө салыштырмалуу, ресурстардын келип түшүүсү 9,6 % пайызга көбөйүп, 13,0 млрд. сомду түзгөн (2-тиркемени караңыз).

ИДП көлөмүндөгү салыштырма салмак 25,2 %ды түзгөн, бирок, өткөн жылдын ушул мезгилине карата бул көрсөткүч 24,3 %ды түзгөн.

Ресурстардын келип (кирешелердин) түшүүсү (атайын каражаттарсыз, МИПтин кредиттерисиз жана тышкы гранттарсыз) 132,7 млрд. сомду, же 135,4 млрд. сом суммасындагы пландан 98,0 %ды түзгөн. Өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу, ресурстардын келип түшүүсү 10,3 %га көбөйүп, 12,3 млрд. сомду түзгөн.

МСК үчүн кирешелер боюнча болжолдоо, 2019-жылга бюджет жөнүндө Мыйзамда, 2018-жылдагы маалыматтарга карата 110,2%га же 6,6 млрд. сомго өсүү темпи менен, 71,5 млрд. сомго бекитилген.

Буга байланыштуу, бюджеттин кирешелери боюнча макроэкономикалык көрсөткүчтөрдүн азайтылышына байланыштуу, МСК боюнча такталган план 66,7 млрд.сомду түзгөн, 66,5 млрд.сомго же 99,7%га аткарылган. Мында, салык кирешелери боюнча МСКнны такталган планы 64,2 млрд. сомду түзгөн, 62,6 млрд. сомго же 97,6%га аткарылган. МСКнын салык эмес кирешелери боюнча такталган план 2,5 млрд. сомду түзгөн, 3,9 млрд.сомго же 151,9%га аткарылган.

Натыйжада, МСК боюнча республикалык бюджеттин киреше бөлүгү, салык эмес кирешелерди ашык аткаруунун эсебинен аткарылган.

Ошону менен бирге, "Салык эмес кирешелер жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Кодексинин 29 жана 33-беренелерине ылайык, тиешелүү бюджетке салык эмес кирешелердин келип түшүүсүн эсепке алууну администраторлор же салык эмес кирешелердин башкы администраторлору жүргүзөт, алардын тизмеси жана салык эмес кирешелердин төлөөнү камсыздоо бөлүгүндө, салык органы менен өз ара аракеттенишүү тартиби, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленет. Учурда, салык эмес кирешелердин төлөөнү камсыздоо бөлүгүндө, салык органы менен администраторлордун өз ара аракеттенишүү тартиби, ошондой эле, салык эмес кирешелер боюнча ыйгарым укуктуу орган Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленген эмес.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26.08.2015-жылдагы №604 "Мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүнүн долбоорун түзүү маселелерин уюштуруу жөнүндө" токтому менен белгиленген, ресурстардын администраторлору боюнча келип түшүүлөрдүн булактарынын реестринде, МСК салык эмес кирешелердин бир дагы түрүнө администартор болуп эсептелген эмес, буга байланыштуу, салык эмес кирешелерди администрлөө МСКнын компетенциясына кирбейт *(таштандыларды чыгаруу, жергиликтүү маанидеги инфра түзүмдөрдү өнүктүрүүгө жана күтүүгө чегерүүлөрдөн сырткары).* МСКга салык эмес кирешелердин факты жүзүндө келип түшүүлөрү, казыналак тутумда салык эмес кирешелердин айрым администраторлорунун өздүк эсептеринин жоктугу менен шартталган, бул болсо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомуна ылайык реестрге киргизилген, бюджеттин ресурстарынын администраторлорунун функциясын аткарууну бузуу болуп эсептелет.

Казыналак тутумда салык эмес кирешелердин айрым администраторлорунун өздүк эсептеринин жоктугу менен, МСКныны администрленген эсебине келип түшкөн, республикалык бюджеттин салык эмес кирешелерин алып салуу менен, МСКнын кирешелер боюнча такталган планы, жергиликтүү маанидеги инфра түзүмдөрдү өнүктүрүү жана күтүү боюнча чегерүүлөрдү (504,8 млн.сом) камтуу менен, 64 663,5 млн.сомду түзгөн, аткаруу 63 217,2 млн.сомду түзгөн, же кирешелердин аткарылбай калышы, отчетто көрсөтүлгөн 99,7% эмес, 1,4 млрд.сомду (97,7 %) түзгөн.

ЕАЭБ өлкөлөрүнүн Кыргыз Республикасынын аймагына ташылып келген товарларга КНСтин келип түшүүсү, 18,7 млрд. сом болжолдоо алдында 18,0 млрд. сомду түзгөн, аткаруу 96,0%. Үчүнчү өлкөдөн Кыргыз Республикасынын аймагына ташылып келген товарларга КНСтин келип түшүүсү, 22,0 млрд. сом болжолдоо алдында 20,9 млрд. сомду түзгөн, аткаруу 94,9%.

Сатык салыгы 2,4 млрд. сом болжолдоо алдында 2,1 млрд. сомду түзгөн, аткаруу 89,3%. 2018-жылга салыштырмалуу, келип түшүүлөр 33,5 млн. сомго же 1,6%

кыскартылган. Аткарылбагандын негизги себеби болуп, Кыргыз Республикасынын аймагынан сырткары товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү сатуудан, товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү экспорттоодон, ошондой эле накталай эмес формада төлөөдөн сатык салыгын бошотуу болгон.

Бекитилген бюджетке салыштырмалуу, такталган бюджетте төмөндөгү түрлөр боюнча келип түшүүлөр азайтылган:

- 900,0 млн. сомго дивиденддер. Пландагы 2 700,0 млн. сом алалдында такталган сумма 1 800,0 млн. сомду түзгөн, факты жүзүндө 1 695,8 млн. сом келип түшкөн же, 104,2 млн сомго аз түшкөн. Акционердик коомдорго төлөмдөр азайтылган, дивиденддердин келип түшүүсүнүн азаюу себептери төмөндөгүлөр эсептелет:

- «Кыргызалтын» ААКсы 2019-жылдын башында дивиденддер боюнча 585,5 млн. сом ашыкча төлөмгө ээ болгон, 2018-жылдын ишинин жыйынтыгы боюнча 2019-жылдагы чегерүүлөр 90,3 млн. сомду түзгөн, 100,0 млн. сом төлөнгөн, натыйжада, 2019-жылдын аягында ашык төлөө 595,2 млн. сомду түзгөн;
- ММБФ («Альфа-Телеком» ЖАКнын бирден бир акционери) тарабынан 2018-жылы дивиденддердин өлчөмүн 70%дан тартып 2019-жылы 45%га чейин азайтуу чечими кабыл алынган.

2019-жылдын бюджети жөнүндө Мыйзамда бажы төлөмдөрүнүн келип түшүүлөрүн болжолдоо, 48,6 млрд. сом суммасында бекитилген. бажы төлөмдөрүнүн келип түшүүлөрүнүн такталган болжолдоосу 44,7 млрд. сомду түзгөн. Киреше бөлүгүн кезектеги аткаруудан жана импорт көлөмүн азайтуудан улам, келип түшүүлөр 3,9 млрд. сомго азайтылган. Бажы төлөмдөрүнүн жыйналышына, сомго карата АКШ долларынын алмашуу курсунун көбөйүүсү таасир эткен (2019-жылы 2018-жылга салыштырмалуу, АКШ долларынын орточо алмашуу курсунун өсүүсү 1,5 сомду түзгөн).

Эл аралык соодага жана тышкы операцияларга салыктар, 21 967,7 млн. сом суммасында келип түшкөн, аткаруу 98,3%ды түзгөн, же 384,5 млн. сомго аз.

2019-жылга ЕАЭБ өлкөлөрүнөн келип түшкөн алымдардын келип түшүүлөрүн болжолдоо, белгиленген ченемдерге ылайык тыштан келтирилген бажы алымдарынын суммаларын чегерүү жана бөлүштүрүү тартибине ылайык, башында 19,0 млрд. сом суммасында бекитилген, 18,4 млрд. сомго такталган. ЕАЭБге кирүү келишимине ылайык, 2019-жылга ЕАЭБ катышуучу өлкөлөрдөн республиканын бюджетине, белгиленген ченемдерге ылайык, 17,1 млрд. сом келип түшкөн.

2019-жылгат бюджет жөнүндө Мыйзам менен, министрликтердин жана ведомстволордун тайын эсептеринин каражаттары 9 373,5 млн. сом суммасында бекитилген. Мыйзамга киргизилген өзгөртүүлөр менен, министрликтер менен ведомстволордун табыштамалары боюнча, атайын каражаттар 10 735,7 млн. сомго такталган, же 1 362,2 млн. сомго көбөйтүлгөн. 2019-жылга факты жүзүндө келип түшүүлөр 9 754,3 миң сомду, же планга карата 90,8 %ды түзгөн.

МБКнын атайын эсебиндеги каражаттардын 238,3 млн. сом суммасындагы калдыгы, транспорттук каражаттарды бажылык коштоодон келип түшүүлөрдөн түзүлгөндүгүн, белгилеп кетүү керек. “Кыргыз Республикасында бажылык жөнгө салуу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 40 жана 41-беренелерине ылайык, бажы жыйымдары бажы төлөмдөрүнүн түрлөрүнүн бири болуп эсептелет. Бюджеттик кодекстин 47-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын бажы

мыйзамы менен белгиленген, бажылык алымдар, жыйымдар жана төлөмдөр, республикалык бюджеттин киреше булактары болуп эсептелет.

Буга байланыштуу, 2019-жылдын аягында МБКнын атайын эсебиндеги каражаттардын **238,3 млн.сом** суммасындагы калдыгы, республикалык бюджеттин кирешесине чегерилүүгө тийиш.

Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 10.02.2012-жылдагы №85 "Мамлекеттик органдар, алардын түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана ведомстволук мекемелери көрсөтүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрин (тизмесин) бекитүү жөнүндө" токтому менен, товарларды жана транспорттук каражаттарды бажылык коштоо, мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрине (тизмесине) киргизилген. Натыйжада, бажылык коштоолорду мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн категориясына киргизүү, Бюджеттик кодекстин жана "Кыргыз Республикасында бажылык жөнгө салуу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдерине каршы келет.

ММБФнын компетенциясына төмөндөгү маселелер кирет: менчиктештирүүдөн, дивиденддерден, ижарадан жана башка келип түшүүлөрдөн республикалык бюджеттин кирешесине каражаттарды алуу жана чегерүү; ижарага алынган мамлекеттик мүлк үчүн ижара акысын, дивиденддерди төлөөнү өз убагында камсыз кылуу боюнча чараларды көрүү жана контролдоо ж.б.

2019-жылга бюджет жөнүндө Мыйзам менен, ММБФ администрлеген кирешелерди болжолдоо, 2018-жылдагы факты жүзүндөгү келип түшүүлөрдүн деңгээлинде 3 760,0 млн. сом суммасында белгиленген. Бюджетке киргизилген өзгөртүүлөр менен, болжолдоо 2 500,0 млн. сомду түзгөн, же 1 260,0 млн. сомго (33,5%) азайтылган, анын ичинен: менчиктештирүүдөн 360,0 млн. сом суммасындагы каражаттардын келип түшүүсү алынып салынган, АК акцияларынын мамлекеттик пакетине төлөө жана ЖЧКга катышуу үлүшү 900,0 млн. сомго азайтылган. Ошону менен бирге, МИнин таза кирешесинен каражаттардын келип түшүүсү 125,0 млн. сомго көбөйтүлгөн.

31.12.2019-жылга карата ММБФ тарабынан мамлекеттик мүлктү пайдалануу жана башкаруудан эсептелген 460,3 млн. сом төлөмдөрдү республикалык бюджеттин кирешесине өз учурунда чегерүү камсыздалган эмес, анын ичинен:

- айып пул санкциялары менен акциялардын мамлекеттик пакетине дивиденддер - 229,0 млн. сом;
- МИнин таза кирешесинен чегерүүлөр - 197,0 млн. сом;
- мамлекеттик мүлктү пайдалангандыгы үчүн и жара акысы - 34,3 млн. сом.

Төлөөгө карата реалдуу талап кылынбагандар:

- "БМЗ" ААКсы боюнча дивиденддер - 11,5 млн. сом (төлөө мөөнөтү 17.08.2019-жыл);
- "Кыргыз темир жолу" Улуттук компаниясы" МИнин таза кирешесинен чегерүүлөр - 191,1 млн. сом;
- 2018-жылдын ишинин жыйынтыгы боюнча эсептелген дивиденддер боюнча "РСК Банк" ААКсынын карызы - 125,5 млн. сом (төлөө мөөнөтү 27.07.2019-жыл);
- мамлекеттик мүлктү пайдалангандыгы үчүн ижара акысы боюнча юридикалык жана жеке жактардын карыздарын салыштыруу актылары менен тастыкталган - 34,3 млн. сомов.

Жогоруда саналып өткөн карыздар, 2020-жылдын республикалык бюджетинин потенциалдуу кирешелери жана реалдуу өндүрүүгө тийиш деп эсептелет.

**Бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышын талдоо**

Республикалык бюджеттин жалпы чыгымдары *(МИП кредиттерин жана тышкы гранттарды, атайын каражаттарды эске алуу менен, финансылык эмес активдерди сатып алуу боюнча чыгымдар жана кезектеги чыгымдар)* 149,3 млрд. сомду түзгөн, же такталган 162,0 млрд. сом суммасындагы план алдында 92,2%. (3-тиркемени караңыз).

Республикалык бюджеттин жалпы чыгымдары *(МИП кредиттерин жана тышкы гранттарды, атайын каражаттарды эске албастан)* 127,4 млрд. сомду түзгөн, же такталган 134,9 млрд. сом суммасындагы план алдында 94,4%.

Республикалык бюджеттин аткарылбашы 12,7 млрд. сомду түзгөн, анын ичинен, бюджеттик каражаттар боюнча аткарылбаган - 7,4 млрд. сом, атайын каражаттар боюнча - 3,7 млрд. сом, МИП каражаттары боюнча - 1,6 млрд.сом.

*Корголгон беренелерди каржылоо*

2019-жылга бюджет жөнүндө Мыйзамдын 6-беренесинин 1-пунктун бузуу менен, корголгон беренелер боюнча - 1,8 млрд.сомго жана бюджет аралык трансферттер боюнча - 468,4 млн.сомго толук каржылоо камсыздалган эмес. Ошону менен бирге, “Корлор” жана “Баалуулуктар” сыяктуу корголбогон беренелер толук каржыланган.

ММКФга 390,0 млн.сом суммасындагы трансферттер бөлүнгөн эмес, бул болсо, 2019-жылдын аягында 322,7 млн.сом суммасындагы кредиттик карызга алып келген.

Корголгон беренелер боюнча кредиттик карыз 433,2 млн.сомду түзгөн, анын ичинен: эмгек акы төлөө боюнча - 217,3 млн.сом, медикаменттерге - 94,9 млн.сом, тамак-аш продуктыларына - 89,5 млн.сом ж.б.

Эмгек акы боюнча кредиттик карыздары болуп туруп, айрым министрликтер жана ведомстволор боюнча эмгек акы төлөөдө кредиттик карыздан дебитордук карыздын **3260,9 млн. сом** суммасында ашырылышы аныкт алган, анын ичинен, 1 426,9 миң сом чегерилген. 1 834,0 миң сом калдык 2020-жылы каржылоо эсебинен чегерилүүгө тийиш.

*7-таблица. 01.01.2020-жылга карата эмгек акы төлөө боюнча кредиттик карыздан дебитордук карыздын суммаларынын ашырылышы*

(миң сом)

| № | Министерлик/ведомство | Дебитордук карыз | Кредиттик карыз | Ашыруу | Чегерилген |
|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Жогорку Кенеш | 899,4 | 49,1 | 850,3 | |
| 2. | ЖКнын Иш башкармалыгы | 334,3 | 56,3 | 278,0 | |
| 3. | ЖК ИБ гаражы | 93,3 | 0 | 93,3 | |
| 4. | ӨмененП ИБ | 1214,8 | 658,6 | 556,2 | |
| 5. | Улуттук статкомитет | 1551,6 | 73,9 | 1477,7 | 1426,9 |
| 6. | Мамлекеттик финансылык көзөмөлдөө | 11,9 | 6,5 | 5,4 | |
| | **Бардыгы** | **4105,3** | **844,4** | **3260,9** | **1426,9** |

*Жалпы мамлекеттик программалар, иш чаралар жана төлөмдөр*

2019-жылы бюджетте 26660 “Финансы министрлиги (Япония Өкмөтүнүн Утурлама фондунун каражаттарын кайтаруу”) коду боюнча, Япония Өкмөтүнүн Утурлама фондунун мурда каражаттарынын ичинен Улуттук банкта ачылган Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн тиешелүү депозиттик эсептерине 29,3 млн.сомду калыбына келтирүү каралган, бирок аткарылган эмес. Бул факт, Япония Өкмөтүнүн Утурлама фондунун каражаттарын бир катар жылдар бою максатсыз пайдаланууну

тастыктайт.

Ошондой эле, көрсөтүлгөн бөлүм боюнча тастыктоочу эсептөөлөр жок туруп, төмөндөгүлөр боюнча чыгымдар каралган:

- КНСтин ордун толтуруу жана кайтаруу - 500,0 млн. сом, 333,1 млн. сомго (66,6%) аткарылган;
- сот чечимдерин аткаруу - 268,5 млн. сом, 141,7 млн. сомго (52,8%) аткарылган;
- банк кызматтарына төлөө - 32,9 млн. сом, 26,7 млн. сомго (81,2%) аткарылган;
- коммерциялык банктардагы пайыздык коюмдарды субсидиялоо -984,9 млн. сом, 832,7 млн. сомго (84,5%) аткарылган.

Толук эмес көлөмдө аткаруу, ашырылган жана туура эмес пландоо жөнүндө күбөлөндүрөт, ал бюджеттик параметрлерге өзгөртүү киргизүү жана чыгымдарды оптималдоо боюнча Мыйзам долбоорун даярдоодо эске алынган эместигин, аудит белгилейт.

*Капиталдык салымдар*

2019-жылга бюджет жөнүндө Мыйзам менен, өткөн мезгилде каралган объекттердин курулушун аяктоого, ошондой эле алардын артыкчылыгын эске алуу менен, 2019-жылга бекитилген Тизмедеги объекттерди курууга, реконструкциялоого багыттоо менен, 3 139,7 млн. сом капиталдык салымдар каралган. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 25.01.2019-жылдагы №5-б буйругу менен, республикалык бюджеттен каржыланган курулуш жана реконструкциялоо объекттеринин Тизмеси бекитилген (мындан ары – Тизме).

2019-жылга бюджет жөнүндө Мыйзамга киргизилген өзгөртүүлөр менен, “Капиталдык салымдар” беренеси 3 219,4 млн. сомго көбөйтүлгөнжа такталган сумма 6 359,1 млн. сомду түзгөн. Капиталдык салымдын каражаттары 13 администраторго бөлүштүрүлгөн жана карыжыланган. (4-тиркемени караңыз).

Тизме боюнча капиталдык салымдарга кассалык чыгымдардын бардыгы 5 527,4 млн. сомду түзгөн.

Алсак, ТЖКД боюнча такталган Тизме боюнча 398 объекттерди куруу жана реконструкциялоо үчүн каржылоо каралган.

Бюджеттин тартыштыгынын чектелгендигие байланыштуу, алардын курулуш аяктоо үчүн, 11,9 млрд. сом керектөө суммасы менен, 195 социалдык объекттер Тизмеге киргизилбей калган.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн тапшырмалары боюнча, Кыргыз Республикасынын президентинин жумушчу иш сапарынын жыйынтыгы менен, 114,6 млн. сомго каржылоо суммасы менен 15 жаңы объект Тизмеге киргизилген.

Жыл сайын капиталдык салымдарга, факты жүзүндөгү керектөөлөргө караганда аз пландалаары белгиленген. Ресурстардын жетишсиздиги шартында капиталдык салымдарды пландоо, калган принцип боюнча жүргүзүлөт. Мындан сырткары, Тизмеде аткарылган иштердин көлөмү же курулуш аяктаган объекттер боюнча подряддык уюмдардын алдындагы анчалык чоң эмес көлөмдөгү кредиттик карыздарды төлөө каралган, бул болсо, подрядчылар андан ары кызматташуудан баш тартууга алып келет.

Объекттерди куруунун ар бир этабында каржылоонун тутумдуу механизми жоктугу, дебитордук карыздын бир кыйла суммасынын пайда болуу себептеринин

бири болуп эсептелет.

Алсак, ТЖКД боюнча 31.12.2019-жылга карата дебитордук карыз 751,1 млн. сомду түзгөн, же жыл башына салыштырмалуу 294,1 млн. сомго (64,3%) көбөйгөн.

ЖЧД боюнча 31.12.2019-жылга карата дебитордук карыз 236,4 млн. сомду түзгөн, же жыл башына салыштырмалуу 214,8 млн. сомго (10 эсе) көбөйгөн.

СЧжанаМД боюнча 31.12.2019-жылга карата дебитордук карыз 121,5 млн. сомду түзгөн, же жыл башына салыштырмалуу 86,0 млн. сомго (88,2%) көбөйгөн.

*Дем берүүчү (үлүштүк) гранттар*

2019-жылга бюджет жөнүндө Мыйзам менен, "Дем берүүчү (үлүштүк) гранттар" беренеси боюнча 600,0 млн.сом каралган.

2019-жылга комиссиянын кароосуна долбоорлорду бекитүү боюнча 1 036,7 млн. сом суммасында 324 долбоор келип түшкөн, анын ичинен, төмөндөгүлөрдүн эсебинен каржылоо менен:

- дем берүүчү (үлүштүк) гранттар - 789,1 млн. сом;
- ЖӨБОнун жеке каражаттары - 247,6 млн.сом.

Берилген 324 долбоордун ичинен, дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен 2,2 млн.сом керектөө менен, калктуу пункттарды электрификациялоо жана газификациялоо боюнча 1 долбоор Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 21.04.2015-жылдагы № 230 "Үлүштүк (дем берүүчү) гранттардын эсебинен долбоорлорду тандоо жана каржылоо жөнүндө Жобону жана долбоорлорду даярдоо жана ишке ашыруу боюнча Нускаманы бекитүү тууралуу" токтому менен бекитилген Жобого туура келбейт, буга байланыштуу, "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамга ылайык, ЖӨБОнун функциясы болуп эсептелбейт.

Долбоорлорду бекитүү боюнча комиссиянын чечиминин негизинде баалоо рейтингин эске алуу менен, 599,7 млн. сомдук керектөө менен, 247 долбоор тандалып алынган. Өткөрүлгөн конкурстардын жыйынтыгы боюнча, 414,4 млн.сом суммасындагы ишти аткарууга контракттар түзүлгөн. 247 долбоордун ичинен 6,1 млн.сомдук керектөө менен 3 долбоор боюнча, каржылоого документтер берилген эмес.

2019-жылга бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүүнү даярдоодо, факты жүзүндө жүргүзүлгөн иштерди эске алуу менен, "Дем берүүчү (үлүштүк) гранттар" беренеси боюнча каражаттардын суммасы 180,0 млн.сомго азайтылган. Натыйжада, такталган план 420,0 млн.сомду түзгөн, 409,6 млн.сомго, же такталган планга карата 97,5%га каржыланган.

01.01.2020-жылга карата 230 объектте иш толугу менен аяктаган, 4,2 млн.сом суммасындагы керектөө менен, 14 объектте иш аяктаган эмес.

*8-таблица. 2019-жылдын аягында областтар боюнча курулушу аягына чыгарылбаган объекттер*

| **Областтар** | **Объекттердин саны** | **Аягына чыгарылбаган иштин көлөмү (миң сом)** |
|---|---|---|
| **Республика боюнча** | **14** | **4 211,7** |
| Баткен областы | 2 | 175,8 |
| Жалал-Абад областы | 2 | 184,2 |
| Нарын областы | 3 | 205,0 |

| | | |
|---|---|---|
| Ысык-Көл областы | 1 | 393,8 |
| Ош областы | 2 | 245,7 |
| Чүй областы | 4 | 3 007,2 |

Берилген актылардын негизинде, тандалма аудит тарабынан объекттерде факты жүзүндө аткарылган иштердин көлөмүн жеринде контролдук ченөө жана кароолор жүргүзүлгөн. **2 544,2 миң сомго** иштин көлөмүн ашыруу аныкталган, анын ичинен, аудиттин жүрүшүндө 1 522,9 миң сом калыбына келтирилген, калыбына келтирилбеген сумма 1 021,3 миң сомду түзгөн (5-тиркемени караңыз).

Аудиттин жүрүшүндө Ысык-Көл областынын Темир айыл өкмөтүнүн 29.01.2020-жылдагы №01-32/19 каты каралган, анда "Э. Керимгазиев атындагы орто мектептин жылуулук тутумун капиталдык оңдоо" объектиси боюнча аткарылган иштердин актыларынын тууралыгы жана аныктыгы аныктоо болгон, анын жыйынтыгы боюнча, кошумча аткарылган иштер жана сатылып алынган жабдуулар эсебинен, 1 928,1 миң сомго ашырылган иштин көлөмүн калыбына келтирүү аныкталган.

***Бюджет аралык трансферттер***

Жергиликтүү бюджеттерге бюджет аралык трансферттердин тутумуна, максаттуу жана теңдөөчү гранттар кирет.

*Максаттуу трансферттер*

2019-жылга бюджет жөнүндө Мыйзам менен, жергиликтүү бюджеттерге 1 057,0 млн. сомдук максаттуу трансферттер каралган. Бюджетке киргизилген өзгөртүүлөр менен, максаттуу утрансферттер такталган жана 1 049,6 млн. сомду түзгөн. Республикалык бюджеттен факты жүзүндө 982,4 млн. сом бөлүнгөн, же 67,2 млн. сомго жеткире каржыланган эмес.

Бюджеттик кодекстин 90-беренесинин 7-пункту сакталбастан, 2019-жылга бюджет жөнүндө Мыйзамда бюджет аралык трансферттерди бөлүштүрүү боюнча тиркеме жоктугу белгиленген.

Такталган 1 049,6 млн. сомдун чегинде, максаттуу трансферттер боюнча жүргүзүлгөн факты жүзүндөгү төлөмдөрдүн 982,4 млн. сом суммасына 447,6 млн. сом бөлүштүрүлгөн, алар пландалган жана БКББда азайтылган, анын ичинен:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 27.08.2019-жылдагы №429 "Маданият, искусство жана маалымат мекемелеринин кызматкерлеринин эмгегине төлөө шарттары жөнүндө" жана 30.09.2019-жылдагы №511 "Билим берүү тутумунун айрым категориядагы кызматкерлеринин эмгегине төлөө шарттары жөнүндө" токтомдорун аткаруу үчүн, Бишкек шаарынын жергиликтүү бюджетине 195,7 млн.сом (БИБМ) суммасында;

- Памирлик кыргыздардын жакшы жайланышы үчүн, Ош областынын Алай районунун Талды-Суу айыл өкмөтүнө - 10,0 млн.сом (КРӨгө караштуу Миграция мамлекеттик кызматы);

ошондой эле, алуучулар боюнча бөлүштүрүү жоктугуна байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечими менен төмөндөгүлөргө бөлүнгөн:

- калкка жылуулук энергиясын иштеп чыгуу жана берүү менен байланышкан чыгымдарды компенсациялоо үчүн Токмок шаарына - 30,8 млн.сом;

- Нарын шаарындагы жылуулук энергиясы боюнча кредиттик карызды жабууга - 29,0 млн.сом, Майлуу-Суу шаарына - 32,0 млн.сом;

- күз-кыш мезгилине даярданууга көмүр сатып алууга - 24,7 млн.сом;

- жергиликтүү бюджеттердеги түшүп калган кирешелерди жана финансылык айырмаларды компенсациялоого - 124,5 млн.сом;

- 2019-жылы кабыл алынган, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомуна (КПҮ) ылайык, колдон чыгарылган пайданын ордун толтурууга -0,9 млн.сом.

Финансы министрлигинде жергиликтүү бюджеттерге максаттуу трансферттерди бөлүүдө, критерийлерди аныктоо жана ченемдерди жана эсептөө методикасы боюнча бирдиктүү мамиле жок.

*Теңдөөчү трансферттер*

2019-жылга бюджет жөнүндө Мыйзам менен, 2 000,3 млн. сомго максаттуу трансферттер каралган, факты жүзүндө 1 998,8 млн. сом бөлүнгөн. 2018-жылга салыштырмалуу (1850,0 млн. сом), 148,8 млн. сомго көп каржыланган.

*Мамлекеттик бюджеттик резерв жана резервдик фонддор*

- *Мамлекеттик бюджеттик резерв*

Бюджеттик кодекстин 23-беренесине ылайык, Мамлекеттик бюджеттик резервдин өлчөмү, республикалык бюджет жөнүндө Мыйзам менен бекитилет жана республикалык бюджеттин чыгымдар бөлүгүнөн 2 пайыздан көп эмести түзөт (Мамлекеттик бюджеттик резервди эске албастан). 2019-жылга бюджетте Мамлекеттик бюджеттик резерв 365,6 млн. сомду түзгөн, же чыгымдардын жалпы көлөмүнөн 0,3%.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 10.06.2019-жылдагы №194-б буйругу жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 20.06.2019-жылдагы №3143-VI "Мамлекеттик бюджеттик резервден каражаттарды бөлүү жөнүндө" токтомунун негизинде, ӨКМ үчүн объекттерде авариялык-калыбына келтирүү боюнча биринчи кезектеги кечиктирилгис иштерди жүргүзүү үчүн **35, 1 млн. сом** бөлүнгөн.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтому менен, биринчи кезектеги кечиктирилгис авариялык-калыбына келтирүү иштерин жүргүзүү үчүн бөлүнгөн, бирок Финансы министрлиги тарабынан каражаттар Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 04.06.2018-жылдагы №186-б, 24.07.2018-жылдагы №263-б жана 19.10.2018жылдагы №365-б буйруктарына ылайык, атайын эсептин каражаттарынан 2018-жылы жеткире каржыланбаган объекттерде иштерди аткаруу жана курулушту аяктоого багытталгандыгын, белгилей кетүү керек. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кабыл алган чечимдерине ылайык, 2018-жылы объекттерде иштерди аткаруу жана курулушту аяктоо үчүн, Атайын эсепти н каражаттарынан 180,7 млн.сом багытталган, 134,1 млн.сом каржыланган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 23.10.2007-жылдагы №509 "Өзгөчө кырдаалдарды алдын алуу анын кесептеттерин жоюу боюнча атайын эсеп жөнүндө" токтомун алып салуу маселесин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө кароо сунушуна карабастан, ӨКМ 79,2 млн.сомго чейин такталган, 100,0 млн.сом суммасындагы бюджеттик каражаттардын эсебинен түзүлгөн жана министрлик боюнча 45151 ведомстволук классификациялоо коду боюнча республикалык бюджетте эсепке алынган Атайын эсепти сактаган.

2019-жылы Мамлекеттик бюджеттик резервден **35, 1 млн. сом** суммасында каражаттарды бөлүүдөн, Атайын эсептин болушун, ошондой эле 2018-жылы тайын эсептин каражаттарынын эсебинен мындай чыгымдар жүргүзүлгөндүгүн эске алуу менен баш тартса боло тургандыгын аудит карайт.

Мамлекеттик бюджеттик резервдин 330,4 млн. сом суммасындагы калдыгы, чыгымдарды оптималдоонун натыйжасында азайтылган.

*(Маалымат үчүн: Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 21.02.2020-жылдагы №107 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 23-октябрындагы N 509 “Өзгөчө кырдаалдарды алдын алуу анын кесепеттерин жоюу боюнча атайын эсеп жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтому менен Жобонун редакциясы такталган жана иш-чарларды каржылоо багыты кеңейтилген”).*

- *Резервдик фонддор*

Бюджеттик кодекстин 25-беренесине ылайык, Президенттин, Торага Жогорку Кеңештин төрагасынын жана Премьер-министрдин резервдик фонддорунун өлчөмү, республикалык бюджеттин бекитилген чыгымдарынан ар бир резервдик фонд боюнча 0,02 пайыздан көп эмести түзөт (резервдик фонддун суммаларын эсепке албастан). Резервдик фонддордун каражаттарын пайдалануу, Президенттин, Жогорку Кеңештин төрагасынын жана Премьер-министрдин чечимдердин негизинде жүргүзүлөт.

- *КР Президентинин резервдик фонду*

2019-жылга КР Президентинин резервдик фондуна 30,0 млн. сом каралган, такталган план 34,5 млн. сомду түзгөн. КР Президентинин буйругуна ылайык, резервдик фонддон 34,4 млн.сом бөлүнгөн, анын ичинен, Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Өкмөтүнүн Иш башкармалыгы аркылуу – 22,5 млн.сом жана каржылоо жери боюнча – 11,9 млн.сом.

Резервдик фонддон каражаттар төмөндөгүлөргө бөлүнгөн: жеке жактарга материалдык жардам; Улуу Ата Мекендик согуштун айрым категориядагы ардагерлерине бир жолку акчалай жөлөк пулдарды төлөө; айрым жарандарга финансылык жардам (Аксы, Кой-Таш окуялары, Апрель революциясы); спорттук, маданий-массалык иш-чараларды өткөрүү, материалдык-техникалык базаны чыңдоо, иш-чараларды уюштуруу үчүн финансылык колдоо; Кыргыз Республикасынын Президентинин атынан азем белектерди жана белектерди сатып алуу.

2019-жылга КР Президентинин резервдик фондун аткаруу боюнча факты жүзүндөгү чыгымдар 34,4 млн.сомду түзгөн.

- *Жогорку Кеңештин төрагасынын резервдик фонду*

2019-жылга Жогорку Кеңештин төрагасынын резервдик фондуна 30,0 млн. сом каралган, такталган план 34,5 млн. сомду түзгөн.

Жогорку Кеңештин төрагасынын резервдик фондусунун каражаттары төмөндөгүлөргө багытталган: мамлекеттик жана муниципалдык менчикте турган объекттердин жана инфра түзүмдөрдүн материалдык-техникалык базасын жакшыртуу жана оңдоо; спорттук, маданий-массалык иш-чараларды өткөрүүдө финансылык колдоо көрсөтүү; жеке жактарга, ЖК депутаттарына, алардын консультанттарына, ЖК кызматкерлерине мамлекеттик кызматчынын иши менен байланышпаган максатта материалдык жардам көрсөтүү; оор турмуш жагдайында калган абдан муктаж болгон жарандарга, республиканын көрүнүктүү инсандарына, эмгек ардагерлерине бир жолку жардамдарды төлөө.

Жогорку Кеңештин төрагасынын резервдик фондусун аткаруу боюнча факты жүзүндөгү чыгымдар 34,5 млн.сомду түзгөн.

- *КР Премьер-министринин резервдик фонду*

2019-жылга КР Премьер-министринин резервдик фондуна 30,0 млн. сом каралган, такталган план 34,5 млн. сомду түзгөн. КР Премьер-министринин буйругуна ылайык, резервдик фонддон 32 ,7 млн.сом бөлүнгөн, анын ичинен,

каржылоо жери боюнча - 5,0 млн.сом, Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Өкмөтүнүн Иш башкармалыгы аркылуу - 27,7 млн. сом.

КР Премьер-министринин резервдик фондунун каражаттары төмөндөгүлөргө багытталган: жеке жактарга материалдык жардам; айрым жарандарга финансылык жардам (Аксы, Кой-Таш окуялары, Апрель революциясы); спорттук, маданий-массалык иш-чараларды өткөрүү материалдык-техникалык базасын чыңдоо үчүн, финансылык колдоо көрсөтүү; КР Премьер-министринин атынан азем белектерди жана белектерди сатып алуу. КР Премьер-министринин резервдик фонду боюнча факты жүзүндөгү чыгымдар 32,7 млн.сомду түзгөн.

- *Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн областардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн жана райондордун акимдеринин резервдик фонддору*

2019-жылга бюджет жөнүндө Мыйзам менен, областардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрдүн жана райондордун акимдеринин резервдик фонддорун түзүү боюнча Бюджеттик кодексте ченемдер жок туруп, 30,0 млн.сом суммасында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн областтардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн жана райондук мамлекеттик администрациялардын акимдеринин резервдик фонддорун түзүү каралган.

Ошону менен бирге, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 11.04.2012-жылдагы № 238 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн областтардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн жана райондук мамлекеттик администрациялардын акимдеринин резервдик фонддорун түзүү жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" мыйзамына ылайык, резервдик фонддорду түзүү жана пайдалануу тартибин аныктаган, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн областтардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн жана райондук мамлекеттик администрациялардын акимдеринин резервдик фонддору жөнүндө Жобо бекитилген.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн № 238 токтомун бузуу менен, резервдик фонддордун ичинен **308,6 миң сом** каражаттарды чыгымдоого жол берилген, анын ичинен: Баткен областынын ыйгарым укуктуу өкүлүнүн - 72,6 миң сом; Ош областынын ыйгарым укуктуу өкүлүнүн - 236,0 миң сом.

*"Региондорду өнүктүрүү боюнча социалдык өнөктөштүк фондунунун" жана "Жаратылышты өнүктүрүү фондунун" каражаттары*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан түзүлгөн коомдук фонддор - "Региондорду өнүктүрүү боюнча социалдык өнөктөштүк фондуна" жана "Жаратылышты өнүктүрүү фондуна" "Кумтор Голд Компани" ЖАКынан каражаттар түшөт. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн КР 08.10.2019-жылдагы № 529 токтому менен бекитилген, "Кумтор Голд Компани" ЖАКынан түшкөн каражаттарды пайдалануу жөнүндө Жобонун негизинде, конкурстук комиссиянын чечимдерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн актыларынын негизинде жүргүзүлөт.

2019-жылы "Жаратылышты өнүктүрүү фондунан" БК эсебине 60,6 млн. АКШ долл. (4 232,0 млн.сом) жана "Региондорду өнүктүрүү боюнча социалдык өнөктөштүк фондунан" - 4,5 млн. АКШ долл. (314,2 млн.сом), бардыгы болуп 65,1 млн. АКШ долл. (4 546,2 млн.сом) келип түшкөн.

Конкурстук комиссиянын чечими жок туруп, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 06.12.2019-жылдагы №469-б буйругу менен, регионалдык социалдык-экономикалык өнүктүрүүгө багытталган, бизнес долбоорлорду андан ары каржылоо үчүн, келип түшкөн каражаттардын эсебинен «Айыл Банк» жана «РСК Банк»

ААКларына жалпы 500,0 млн. сом (ар бир банкка 250,0 млн. сомдон) бөлүнгөндүгү, аудит тарабынан аныкталган.

“Региондорду өнүктүрүү боюнча социалдык өнөктөштүк фондунун”, “Жаратылышты өнүктүрүү фондунун” жана “Онкологиялык кызмат фондунун” (ММКФ каражаттары) «Кумтор Голд Компани» ЖАкынан жана «Центерра Голд Инк» компаниясынан келип түшкөн каражаттар боюнча Финансы министрлигинин тиешелүү бөлүмү менен өз ара аракеттенишүү жоктугу белгиленген. Фонддорго келип түшкөн каражаттарды эсепке алуу жана мониторинг жүргүзүү боюнча, Финансы министрлигинин түзүмдүк бөлүмүнө бекитилген эмес.

“Региондорду өнүктүрүү боюнча социалдык өнөктөштүк фондуна” жана “Жаратылышты өнүктүрүү фондуна” Кумтор Голд Компани» ЖАКынан жана «Центерра Голд Инк» компаниясынан келип түшкөн каражаттарды берүү жөнүндө Байкоочу кеңештин чечими аудитке берилген жок.

01.01.2020-жылга карата “Региондорду өнүктүрүү боюнча социалдык өнөктөштүк фондунан” жана “Жаратылышты өнүктүрүү фондунан” келип түшкөн каражаттардын БК эсебиндеги калдыктары 4 046,2 млн. сомду түзгөн.

***Региондорду өнүктүрүү фонддорун түзүү жана пайдалануу тартиби***

Областтарды жана райондорду өнүктүрүү фонддорунун киреше бөлүгү, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 10.11.2014-жылдагы №633 “Региондорду өнүктүрүү фонддорун түзүү тартиби жөнүндө Типтүү жобону бекитүү тууралуу” токтому менен бекитилген, Региондорду өнүктүрүү фонддорун түзүү тартиби жөнүндө Типтүү жобого жана Салык эмес кирешелер жөнүндө кодекске ылайык, түзүлөт. Мында, келип түшкөн каражаттарды бөлүштүрүү, Финансы министрлигинин кызматкерлери тарабынан колго эсептөө м жүргүзүлөт.

Алсак, райондорду өнүктүрүү фонддору боюнча 601,6 млн.сомго такталган сумма алдында, факты жүзүндөгү аткаруу 369,9 млн.сомду түзгөн, же 231,7 млн.сомго жеткире каржыланган эмес.

Областтарды өнүктүрүү фонддору боюнча 420,2 млн.сомго такталган сумма алдында, факты жүзүндөгү аткаруу 260,6 млн.сомду түзгөн, же 159,6 млн.сомго жеткире каржыланган эмес.

Адам фактору менен шартталган, жаңылыш эсептөө тобокелдигин азайтуу максатында, Финансы министрлиги региондорду өнүктүрүү фонддоруна келип түшкөн каражаттарды эсептөө жана бөлүштүрүү тутумун автоматташтыруусу керек.

***Министрликтер жана ведомстволор тарабынан чыгымдар сметаларын түзүүдөгү жана аткаруудагы кемчиликтер жана бузуулар***

*А. Штаттык санды түзүү*

- Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрлиги (ММТМ)

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 18.08.2017-жылдагы №495 “Маданият, искусство жана маалымат мекемелеринин чектелген типтүү штаттарын бекитүү жөнүндө” токтому менен, штаттарды аныктоо үчүн критерийлер жок туруп, мекемелердин колдонуудагы штаттык санынын чегинде маданият, искусство жана маалымат мекемелеринин типтүү штаттары бекитилгенди нин, белгилеп кетүү керек.

ММТМда 45 бирдиктеги штаттык саны менен Улуттук маданий борбор иштейт, аны күтүү боюнча чыгымдар 12,7 млн.сомду түзөт. Улуттук маданий борбордун

функциясы министрликтин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн функцияларына окшоштугу белгиленген. Борбордун түзүмүндө министрликтин борбордук аппаратындагы бөлүмдөр сыяктуу эле бөлүмдөр бар.

- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги (ББИМ)

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 04.05.2017-жылдагы №253 "Кыргыз Республикасынын министрликтеринин, мамлекеттик комитеттеринин, администрациялык ведомстволорунун жана башка мамлекеттик органдарынын техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө" токтомун бузуу менен, жылдык **1 343,9 миң сом** эмгек акы фонду менен, 16 бирдикте техникалык жана тейлөөчү персоналдын штатан ашык саны анкталган. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын саны, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 07.05.2018-жылдагы №227 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик аткаруу бийлик органдарынын штаттык санын оптималдоо жөнүндө" бузуу менен, жылдык **11 375,6 миң сом** эмгек акы фонду менен, 66 бирдикке ченемдик сан ашырылган.

*Б. Сметалык багыттоолорду каржылоо*

*29.4.* Кыргыз Республикасынын Президентинин 27.01.2012-жылдагы ПЖ №19 (КПҮ) Жарлыгын бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Президентинин Архиви боюнча эмгек акы фондун эсептөөдө, дарылануу жөлөк пулдарын төлөө жана 13-эмгек акыдан сырткары, төрт кварталдык сый акылар киргизилген. Натыйжада, эмгек акы фонду **1 526,7 миң сомго** жогорулатылган.

- 331 "Негизги фонддор" беренеси боюнча чыгымдарды карабаган, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 22.11.2018-жылдагы №545 "Кыргыз Республикасынын башталгыч кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү уюмдарында ченемдик каржылоону киргизүү боюнча чаралар жөнүндө" токтомун бузуу менен, бюджетте Баштапкы кесиптик билим берүү агенттигине бул берене боюнча 36,3 млн. сом эсепке алынган, 34,8 млн.сомго такталган. Натыйжада, Баштапкы кесиптик билим берүү агенттигинин 14 мекемесине белгиленген ченемден ашык **12263,5 миң сомго** каржыланган.

- Окуу жайларын каржылоо механизмдери (ченемдери) жок туруп, 2019-жылга орто окуу жайларынын, колледждердин чыгымдар сметалары тиешелүү эсептөөлөрсүз түзүлгөн ( аны түзүүдө бюджеттик жана контракттык негизде окуган окуучулар эске алынган эмес). Натыйжада, эсептик маалыматтар боюнча, контракттык негизде окуган чыгымдары бюджеттик каражаттардын эсебинен төлөнгөн: Билим берүү министрлигининин 25 атайын орто кесиптик окуу жайлары боюнча - **56334,6 миң сом;** Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин колледждери боюнча - **12724,0 миң сом**.

*29.5.* Социалдык өнүгүү министрлигинде "Балага сүйүнчү" акчалай жөлөк пулду төлөө боюнча бюджеттен каржыланган каражаттардын калдыгы 01.01.2020-жылга карата «РСК Банк» жана «Айыл Банк» АКлары менен салыштыруу актысына ылайык, тиешелүү түрдө **5 040,0 миң сом жана 7 960,0 миң сомду** түзгөн, алар 2020-жылы каржылоодо чегерилүүгө тийиш.

- 2019-жылга жогорку жана орто окуу жайларынын, Республикалык маданият колледжинин чыгымдар сметасы, тиешелүү эсептөөлөсүз түзүлгөн (бюджеттик жана контракттык негизде окуган окуучулардын контингенти эске

алынган эмес). Натыйжада, контракттык негизде окуган окуучуларлын чыгымдары бюджеттик каражаттардын эсебинен төлөнгөн (эсептик маалыматтар боюнча) Республикалык маданият колледжи боюнча - **4,7 млн.сом,** Б. Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство университети боюнча - **18,6 млн.сом.**

- ББИМдин ведомстволук мекемелери тарабынан 2019-жылга илими-техникалык жана илимий иштерди жүргүзүүгө 171,8 млн.сом каржыланган.

Аткарылган иштер жөнүндө отчетторду жана бюджеттик каражаттарды пайдалануу боюнча маалыматтарды берүүнү караган, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 06.08.1999-жылдагы № 429 "Мамлекеттик илимий-техникалык программаларды түзүү жана ишке ашыруу тартиби жөнүндө, илимий-изилдөө жана тажрыйба конструктордук иштердин долбоорлоруна мамлекеттик (көз карандысыз) илимий-техникалык экспертиза уюштуруунун жана жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө, илимий, илимий-техникалык жана инновациялык ишмердүүлүктү республикалык бюджеттин эсебинен каржылоонун тартиби жөнүндө жоболорду бекитүү тууралуу" токтому сакталбастан туруп, Финансы министрлигинде башкы мекемелер тарабынан аткарылган иштер жөнүндө отчеттор жана тиешелүү документтер жок, алар илимий жана илимий-техникалык ишти жүргүзүүгө бюджеттик каражаттар бөлүнгөндүгү белгиленген.

*В. Министрликтердин жана ведомстволордун кассаларындагы накталай каражаттардын калдыктары*

- БКЭден сырткары турган, жыл аягында бюджеттик каражаттардын пайдаланылбаган калдыктарын кирешесине чегерүүнү караган Бюджеттик кодекстин 106-беренеси сакталабастан туруп, 01.01.2020-жылга карата министрликтердин жана ведомстволордун кассаларындагы каражаттардын калдыктары **7 543,0 миң сомду** түзгөн, анын ичинен, министрликтердин жана ведомстволор тарабынан бюджетке 3001,8 миң сом чегерилген. 4 541,2 миң сом калдык 2020-жылы каржылоодо чегерилүүгө тийиш.

*9-таблица. 01.01.2020-жылга карата министрликтердин жана ведомстволордун кассаларындагы бюджеттик каражаттардын пайдаланылбаган калдыктары*

*(миң сом)*

| № п | Министрликтер/ведомстволор | Сумма | Чегерилген | Калдык |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Жогорку Кенеш | 332,1 | - | 332,1 |
| 2. | УД ЖК ИБ гаражы | 70,7 | 70,7 | - |
| 3. | Өкмөттүн Аппараты | 2 942,9 | - | 2 942,9 |
| 4. | УД ПиП | 4 045,3 | 2 779,1 | 1 266,2 |
| 5. | ӨКМ | 14,3 | 14,3 | - |
| 6. | ММБФ | 130,1 | 130,1 | - |
| 7. | КЧТЧКМА | 7,6 | 7,6 | - |
| | **Бардыгы** | **7 543,0** | **3001,8** | **4 541,2** |

*Г. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 30.12.2011-жылдагы №767 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортту азайтуунун эсебинен мамлекеттик бюджеттин каражатын үнөмдөө боюнча чаралар жөнүндө” токтомунун сакталышы*

- ММТМ алдындагы Улуттук маданий борбордо белгиленген лимиттен ашык 1 бирдик нөөмөттөгү авто транспорт бар, анын чыгымы **74,6 миң сомду** түзгөн;

- Социалдык өнүгүү министрлигинин борбордук аппаратында белгиленген лимиттен ашык 1 бирдик нөөмөттөгү авто транспорт бар, анын чыгымы **145,9 миң сомду** түзгөн;
- Кыргызпатенттин борбордук аппаратында 2019-жылдын майына чейин 1 бирдик авто транспорт болгон, аны күтүүгө **49,2 миң сом** чыгымдалган.

*Д. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 03.11.2011-жылдагы № 694 "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча Эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" токтомунун сакталышы*

01.01.2020-жылга карата алыш-бериш эсептериндеги товардык-материалдык баалулуктардын ченемден ашык корлору аныкталган:

- Билим берүү жана илим министрлигинин Баштапкы кесиптик билим берүү агенттигинин ведомстволук мекемелери боюнча - **1 162,1 миң сом** *(аудиттин жүрүшүндө чегерилген);*

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин ведомстволук мекемелери боюнча - **6 780,1 миң сом;**

- Кыргыз Республикасынын Жаштар иштери, дене тарбия жана спорт боюнча мамлекеттик агенттиги боюнча - **200,0 миң сом** *(аудиттин жүрүшүндө чегерилген);*

- Ош областындагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппараты боюнча - **94,3 миң сом**; Баткен областындагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппараты боюнча аппараты боюнча - **34,5 миң сом.**

*Е. Коммуналдык кызматтар*

Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Өкмөтүнүн Иш башкармалыгы алдындагы Мамлекеттик имараттар департамент тарабынан, министрликтер менен ведомстволор менен түзүлгөн келишимдер шарттары боюнча, чыгымдардын бекитилген сметаларына ылайык коммуналдык кызматтарга төлөө менен, мамлекеттик имараттар жана жайлар берилет. Мында, министрликтер менен ведомстволор тарабынан коммуналдык кызматтарга төлөө, эсептөө приборлору жоктугуна улам, жылуулук энергиясын, светти, сууну факты жүзүндө керектелишин тастыктабастан жүргүзүлөт.

Коммуналдык кызматтарга төлөө боюнча чыгымдарды каржылануусу менен бирге министрликтерге жана ведомстволорго кирбеген чыгымдарга Департаменттин чыгымдары да кошулганы аныкталган, айрым министирликтер үчүн Департаменттин чыгымдарын төлөө, республикалык бюджеттен жабылган **35,3 млн.сомду** түздү .

**Республикалык бюджеттин кассалык аткаруу тартибинин сакталышы**

Каржылоо булагы боюнча республикалык бюджеттин кассалык аткарылышын талдоо, республикалык бюджет бюджеттик каражаттар боюнча 6 421,2 млн. сом, атайын каражаттар боюнча - 984,0 млн. сом профицит менен аткарылгандыгын көрсөттү.

2019-жылга республикалык бюджет, пландалган 9 935,7 млн. сом тартыштыктын көрсөткүчү алдында 850,6 млн. сом тартыштык менен аткарылган.

2019-жылга "акча каражаттарынын корлорундагы таза өзгөрүүлөр" көрсөткүчүн талдоо, факты жүзүндө бюджетте 3 593,3 млн. сомго эркин каражаттары болгондугун көрсөттү, ал жылдын аягында пайда болгон, аудиттин пикири боюнча, 2019-жылдын

декабрында 2 097,1 млн. сом суммасында МБК чыгаруу жана АӨБнын “Экономикалык диверсификациялоону жылдыруу” гранты боюнча алынган 3 492,5 млн. сом гранттардын жана Россия Федерациясынын 1 396,7 млн. сом грантынын, ошондой эле жыл аягында артыкчылыктуу жана социалдык жактан маанилүү чыгымдарды жабууга пайдаланылбаган жана башка келип түшкөн каражаттарын эсебинен пайда болгон. Ошондой эле, бул көрсөткүчтүн маанисине, Социалдык өнөктөштүк жана региондорду өнүктүрүү фонду жана Жаратылышты өнүктүрүү фондунан 65,1 млн. АКШ долл. (4 546,2 млн. сом) суммасындагы каражаттардын келип түшүүсү таасир берген.

2019-жылдын аягында каражаттардын калдыгы 8,4 млрд. сомду түзгөн, анын ичинен, бюджеттик каржаттар боюнча калдык - 4,9 млрд. сом жана атайын каражаттар боюнча калдык - 3,5 млрд. сом.

*Кассалык жүгүртүүдөгү накталай акчалар*

2019-жылга бюджет жөнүндө Мыйзам менен белгиленген, кассалык жүгүртүүдөгү 500,0 млн.сом суммасындагы накталай акчалар, 2019-жылдын аягында кассалык жүгүртүүдөгү накталай акчалар 4,9 млрд. сомду түзгөн. 2019-жылга эмгек акынын бир айлык фонду 3 955,6 млн. сомду түзгөн. Ошентип, 2019-жылга бюджет жөнүндө Мыйзамда белгиленген кассалык жүгүртүүдөгү накталай акчалардын көлөмү 8 эсе азайган. Мындай абал мурунку аудитте да белгиленген.

*Кассалык пландоо жана ресурстар менен камсыздалышы*

БК тарабынан, кассалык планды түзүү процессинде республикалык бюджеттин кирешелерин тең жана акыйкаттуу бөлүштүрүүнү караган, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 02.10.2017-жылдагы № 632 токтому менен бекитилген, “Республикалык бюджеттин кассалык планын түзүү жана жүргүзүү тартиби жөнүндө жобо” сакталган эмес.

Кошумча кассалык пландарды бекитүү улантылууда, бул болсо, баштапкы кассалык пландарды сапатсыз түзүү жана бюджеттин бекитилген параметрлеринен бир кыйла четтөөлөр жөнүндө күбөлөндүрөт. Финансы министрлигинин жетекчилигинин тапшырмасына ылайык, министрликтер менен ведомстволордун кайрылуулары боюнча, ар бир айдын аягында кассалык пландар такталган жана корголбогон беренелер боюнча кассалык пландар ачылган. Натыйжада, ресурстук бөлүктүн жетишпестигине карабастан, терс калдык менен кассалык пландар такталган жана бекитилген.

Мисалы, 2019-жылдын августунда 5,8 млрд. сомдук ресурстар алдында, 9,3 млрд. сом бекитилген, же 3,5 млрд.сомго көп. Ресурстук бөлүктүн жетишсиздигине карабастан, 2019-жылдын 30-августунда БКББнын кошумча кайрылуусу менен, жалпы 3,8 млрд. сом кошумча кассалык план бекитилген.

2019-жылдын декабрында БК тарабынан бюджеттик мекемелердин 1,4 млрд. сомго кассалык чыгымдары кабыл алынган эмес, анын ичинен, 2019-жылга бюджет жөнүндө Мыйзамдын 6-беренесин бузуу менен, корголгон беренелер боюнча 162,4 млн.сомго.

Ресурстар жетишсиз жана финансылык айырманы жабуу зарылдыгы болгон учурда, корголбогон беренелерди токтотууну караган, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 24.06.2017-жылдагы №444 токтому менен бекитилген, БКЭнин иштөө тартибин бузуу менен, 2019-жылдын декабрында 311 “Негизги фонддор”(корголбогон беренелер) бөлүмү боюнча 3,2 млрд. сом чыгымдар жүргүзүлгөн.

Төмөндөгү беренелер боюнча кассалык пландар аткарылган эмес: 211 «Эмгек акы» - 558,8 млн.сомго (такталган бюджеттен 1,4%); 212 «Социалдык керектөөлөргө чегерүүлөрдү/төгүмдөрдү чегерүү" - 115,7 млн.сом (2,2%); 223 «Коммуналдык кызматтар» - 58,8 млн.сом (4,3%); 311 «Негизги фонддор» - 3232,2 млн.сом (20,4%) ж.б.

БКЭге каражаттардын кадыктарынын чегинде чыгымдар боюнча төлөмдөрдү караган, Бюджеттик кодекстин 105-беренесин бузуу менен, атайын эсептин кажаттарынын, жергиликтүү бюджеттин ресурстарынын жана максаттуу багытка ээ болгон, жергиликтүү бюджеттердин ресурстарынын жана донорлордун каражаттарынын, атайын эсептин каражаттарынын эсебинен кассалык чыгымдар жүргүзүлгөн. Бюджеттик ресурстук жана чыгымдар бөлүктөрүнүн ортосундагы финансылык айырмалар (ресурстардын терс калдыгы) 2,2 млрд.сомго жеткен. 2019-жылы 365 күндүн ичинен 102 күн республикалык бюджеттин финансылык айырмасы менен жабылган.

Кезектеги бюджеттик жылдын чегинде кирешелерин келип түшүү көлөмүнөн бюджеттик чыгымдардын убактылуу ашырылышы менен, төлөм көлөмдөрүнө кассалык чектөөлөрдү киргизүү тартибин жоктугун, белгилей кетүү керек, ал Бюджеттик кодекстин 113-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленет.

Финансы министрлигинин расмий сайтында аны жарыялоону караган, "Кыргыз Республикасынын республикалык бюджети нин кассалык планын түзүү жана жүргүзүү тартиби жөнүндө Жобо" сакталбастан туруп, такталган кассалык пландар (кошумча кассалык пландарды камтыган маалыматтар) Финансы министрлигинин расмий сайтын жайгаштырылган эмес, бул болсо, Бюджеттик кодекстин 6-беренеси менен белгиленген принциптерге ылайык, бюджеттик жол-жоболордун ачыктыгын камсыздаган эмес.

*"Бюджеттик каражаттарды алуучу" (БКА) төлө мкарты менен эсептерди жүргүзүү*

Накталай эсептешүү үчүн бюджеттик каражаттардын чыгымдарынын динамикасын талдоо, алардын көлөмүнүн азайышын көрсөттү. БКнын маалыматтары боюнча, накталай эсептешүү үчүн бюджетин каражаттарынын чыгымдары 3,4 млрд.сомду түзгөн, же 2018-жылга салыштырмалуу, 0,9 млрд. сомго (2018 – 4,3 млрд. сом) азайтылган.

Бирок, республикалык боюнча банкоматтардын бир кыйла кеңири тармагы болуп туруп, бир катар бюджеттик мекемелер боюнча "Эмгек акы долбоору" төлөм карттарына (мугалимдердин, аскер кызматчыларынын, айрым мамлекеттик органдардын кызматкерлери) толук өтүү жүзөгө ашырылган эместиги белгиленген, боюнча берилген командировкалык чыгымдар, отчет берүүчү суммалар, каражаттар боюнча эсептешүүлөрдү жүргүзүүгө болот. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 28.03.2018-жылдагы №166/51-6 токтому менен бекитилген, 2018-2022-жылдарга накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча бекитилген мамлекеттик программага карабастан, Финансы министрлиги тарабынан бул багытта талаптагыдай иш жүргүзүлгөн эмес.

*БДЭги акча каражаттарынын жүгүртүлүшүн талдоо*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 22-июнундагы № 298 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарынын ишинин жыйынтыктары боюнча мамлекетке орду толтурулуп берилген акча каражаттарды бөлүштүрүү тартибине ылайык *(22.06.2020 –жылдагы №353 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому менен күчүн жоготкон),* укук коргоо органдары тарабынан демилгеленген материалдардын негизинде өндүрүлгөн, жазык иштери боюнча тергөөнүн жүрүшүндө келип түшкөн орду толтурулган каражаттар казыналык тутумда ачылган укук коргоо органдарынын депозиттик эсептеринен БДЭге которулат жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн өзүнчө чечиминин негизинде бөлүштүрүлгөн бюджеттин кошумча булактары болуп эсептелет.

БДЭ ачылгандан баштап, 02.07.2018 - жылдан 31.12.2019- жылга чейин, укук коргоо органдарынан 2 029,2 млн.сом акча каражаттары чегерилген, алардын ичинен: ЭККМК - 1 019,8 млн.сом, УКМК - 369,1 млн.сом, Башкы прокуратура - 628,3 млн.сом, ИИМ - 12,0 млн.сом. Келип түшкөн каражаттын эсебинен укук коргоо органдарынын каттарына ылайык, бюджетке 1 960,0 млн. сом которулган.

Аудитке биринчи берилген маалыматтарга ылайык, БДЭге ЭККМК тарабынан 1 019,8 млн. сом которулган, ал эми бюджетке 1 022,2 млн. сом, же 2,4 млн. сомго көп которулган. Ушундай эле, УКМК бюджетке 370,8 млн. сом, же БДЭге келип түшкөн суммадан 1,7 млн. сомго көп которгон. Кыска убакыттан кийин, БК тарабынан түзөтүүлөр киргизилген, анда УКМКдан БДЭге 371,2 млн. сом келип түшкөн, БДЭден бюджетке 370,8 млн. сом которулган.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 22-июнундагы №298 токтому менен бекитилген Тартипти бузуу менен, Финансы министрлиги тарабынан БДЭнин администратору катары, келип түшкөн жана которулган суммалардын эсеби тийиштүү деңгээлде жүргүзүлбөйт.

01.01.2019-жылга БДЭде калдык 317,8 млн. сомду түзгөн.

Мамлекеттик салык кызматынын 2019-жылдын 31-декабрындагы катына шилтеме берүү менен, БК 2019-жылдын 31-декабрындагы төлөө датасы менен, БДЭден Бишкек шаарынын Биринчи Май жана Октябрь райондорунун МСКБнын административдик эсептерине тиешелүүлүгүнө жараша 176,0 млн. сом жана 290,0 млн. сом которууларын тариздеген. Ушундай эле, Башкы прокуратуранын каттарынын негизинде Биринчи Май МСКБнын административдик эсебине 25,9 млн. сом өткөрүлгөн. Бишкек шаарынын Биринчи Май жана Октябрь райондорундагы МСКБнын эсептерине БДЭден которулган каражаттарынын жалпы суммасы 491,9 млн. сом. Факты жүзүндө көрсөтүлгөн төлөмдөр, 2020-жылдын январь айында гана жүргүзүлгөн, бирок бюджеттик жыл аяктагандан кийин, Бюджеттик кодекстин 7-беренесин бузуу менен, 2019-жылдын 31-декабрында жүргүзүлгөндөй таризделген.

Жыйынтыгында, 14221900 "Жана башка төлөмдөр" экономикалык классификациясы боюнча Мамлекеттик салык кызматынын административдик эсептерине 491,9 млн. сом чегерилген, ага карабастан, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 26-ноябрындагы №604 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын бюджеттик ресурстарынын администраторлору боюнча бюджетке келип түшкөн булактардын реестрине ылайык, МСК 14221900 "Жана башка төлөмдөр" экономикалык классификациясы боюнча салыктык эмес төлөмдөрдүн администратору болуп эсептелбейт. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 24-июлундагы №444 токтому менен бекитилген БКЭнин иштөө тартибине ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 22-июнундагы №298

токтомуна ылайык келип түшкөн каражаттарды кошпогондо, БДЭге келип түшкөн жана башка салыктык эмес кирешелер, бюджеттин кирешесине түздөн-түз которулууга тийиш.

Ошондой эле, 2019-жылга бюджет жөнүндө Мыйзам жана бюджетке киргизилген өзгөртүүлөр менен БДЭден келип түшкөн кирешелеринин эсебинен МСК боюнча кирешелерди көбөйтүү каралган эмес.

Аудит БК жана Мамлекеттик салык кызматынын кызмат адамдарынын көрсөтүлгөн иш-аракеттери Бишкек шаарынын Биринчи Май жана Октябрь райондорунун МСКБнын кирешелери боюнча пландарын ашыра аткарууга алып келгендигин белгилейт, анда көрсөтүлгөн которууларды эсепке алуу менен, 2019-жылга карата киреше боюнча план 101,1% жана 100,7%га аткарылган, факты жүзүндө тиешелүүлүгүнө жараша аткаруу 95,8% жана 97,7% түзгөн.

Ошентип, Салыктык эмес кирешелер жөнүндө Кодексти, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 26-ноябрындагы №604 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын бюджеттик ресурстарынын администраторлору тарабынан бюджетке киреше булактарынын реестрин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 24-июлундагы №444 токтому менен бекитилген БКЭнин иштөө тартибинин 172-пунктун бузуу менен, жалпы **491,9 млн. сомго** МСКБнын административдик эсебине БДЭден которууларды тариzделген.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн өзүнчө чечими жок болгондуктан, республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнө которулган БДЭнин каражаттарынан бюджеттин кезектеги чыгымдарына **157,2 млн. сом** пайдаланылган.

01.01.2020-жылга БДЭнин каражаттарынын калдыгы 80,9 млн. сомду түзгөн.

Кийинчерээк, финансы жылы аяктагандан кийин, 2020-жылдын башталышында Финансы министрлиги бюджетке салыктык эмес 466,0 млн. сом суммасында төлөмдөрдү бюджетке толук чегерүү жөнүндө укук коргоо органдарынан каттар берилбегендигине байланыштуу, БДЭге бюджеттен төлөмдөрдү кайтарып берүү жөнүндө каты менен Мамлекеттик салык кызматына кайрылган. Биринчи Май жана Октябрь райондору боюнча МСКБ БДЭге 491,9 млн. сом, анын ичинде 25,9 млн. сомду кайтарып берген, ал төлөөчүнүн жазуу жүзүндөгү каты жок, "Салыктык эмес кирешелер жөнүндө" Кодекстин 26-беренесинин 1-пунктун бузуу менен, БДЭге которулган.

Ошол эле учурда, көрсөтүлгөн каражаттарды 2020-жылы Биринчи Май жана Октябрь МСКБ тарабынан кайтарып берүү, бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышынын көз карандылыгына жараша ашыкча алынган кирешелерди кайтарып берүүнү караштырган Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №444 токтому менен бекитилген, БКЭнин иштөө тартибинин 111-пунктун бузуу менен ишке ашырылган. Факты жүзүндө, 14221900 "Жана башка төлөмдөр" элементи боюнча кезектеги келип түшүүлөр болбогондуктан, 2020-жылдын январь айында 491,9 млн. сомго БДЭге кайтарылган.

2019-жылга карата республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн 491,9 миллион сомго ашыкча аткарылышын эске алуу менен, аудиттин эсептөөлөрү боюнча тартыштыктын көлөмү **1 342,5 млн. сомду** түзөт.

*Сот органдары тарабынан аныкталган мыйзамсыз алынып коюлган суммалар*

2019-жылга карата мамлекеттик бюджет боюнча негизги китептеги баланстын бириктирилген отчетунун ресурстук бөлүгүндө КСКда “Сот органдары тарабынан аныкталган мыйзамсыз алынып коюлган суммалар” - 13 943,0 миң сом, КСКда “1996-1998-жылдардагы тастыктоочу булактары жок суммалар”- 17 151,0 миң сом деп көрсөтүлгөн.

БК күнөөлүү адамдар тарабынан мыйзамсыз алынып коюлган каражаттарды калыбына келтирүү боюнча сот органдары менен тиешелүү иштерди жүргүзбөйт, алардын мониторингин жүргүзүү жана эсепке алуу үчүн, соттун чечими чыккан күндөн баштап калыбына келтирилген каражаттардын суммасы такталган эмес

*Аныкталбаган суммалардын эсеби*

01.01.2020-жылга мамлекеттик бюджет боюнча башкы китептин балансынын бириктирилген отчетунда, аныкталбаган суммалардын курамындагы 280 698,6 миң сомду, казынанын региондор боюнча бөлүмдөрү боюнча (-20 791 миң сом) жана атайын каражаттарда (-8151,7 миң сом) бюджеттик каражаттар эсептелген.

Жыйынтыгында, бир катар жылдар аралыгында сот органдары тарабынан аныкталбаган суммалар жана алардын мыйзамсыздыгы аныкталган суммалар жана алар инвентаризацияланып, жыйынтыгы боюнча тиешелүү мамлекеттик бюджеттин эсептерине чегерүү керек.

*Эркин бюджеттик тизме менен министрликтер менен ведомстволордун бюджеттик жана атайын каражаттары боюнча чыгымдардын эркин сметасынын ылайык келиши*

Аны аткаруу үчүн негиз болуп эсептелген, бюджеттин киреше жана чыгымдар бөлүктөрү боюнча эркин тизмени түзүүнү караган, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 01.11. 2017-жылдагы №723 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетине өзгөртүүлөрдү киргизүү жана республикалык бюджеттин долбоорун түзүү тартибин бузуу менен, Финансы министрлиги тарабынан эркин тизме түзүлгөн эмес.

2019-жылга министрликтер жана ведомстволордун бюджеттик жана атайын каражаттары боюнча бюджеттик чыгымдардын сметаларын түзүү, кварталга бөлүү менен, бюджеттик сметаны түзүүнү аныктаган Бюджеттик кодекстин 2-беренесин бузуу менен, кварталга бөлбөстөн жана мурда колдонулган төрт белгинин ордуна үч белгиге чейин беренелерди ирилештирүү деңгээлинде жүргүзүлгөн.

Аудиттин пикири боюнча, үч белги деңгээлиндеги чыгымдар тобу боюнча бюджетти аткаруу жана бюджеттик сметаларды түзүү, берене боюнча бөлүктө болжолдонгон бюджеттик чыгымдар жана корголгон беренелер боюнча бюджеттин аткарылышына мониторинг жүргүзүү боюнча малыматтардын жоктугунан улам, бюджеттин аткарылышын талдоо процессин кыйындатат.

2019-жылы республикалык бюджеттин чыгымдарын берене боюнча түзүү тутумунун төрт белгиден үч белгиге өтүү жөнүндө ченемдик акты чыгарылган эмес.

*Дебитордук жана кредиттик карыздардын абалы*

31.12.2019-жылга бюджет боюнча, дебитордук карыз 5,8 млрд. сомду, кредиттик карыз - 25,4 млрд. сомду түзгөн.

*10-таблица. 2016-2019-жылдарга дебитордук жана кредиттик карыздардын динамикасы*

(млн.сом)

| Жылдар | Дебитордук | Кредиттик | Дебитордук карыздын өсүшү | Кредиттик карыздын өсүшү | Коэф-т катышы Кред/Дебит |
|---|---|---|---|---|---|
| 2016 | 6594,5 | 13373,2 | | | 2,0 |
| 2017 | 6600,8 | 23008,9 | +6,3 | +9635,7 | 3,5 |
| 2018 | 6172,3 | 24551,4 | -428,5 | +1542,5 | 4,0 |
| 2019 | 5798,2 | 25393,8 | -374 | +842,4 | 4,4 |

2016-2019-жылдарга карата бюджеттик милдеттенмелердин динамикасын талдоо кредиттик карыздын 13,4 млрд. сомдон 25,4 млрд. сомго же 1,9 эсеге өскөнүн көрсөттү. Ушул мезгилге карата кредиттик карыздын дебитордук карызга болгон катышы 1,0%ды түзгөн экономикалык теориядагы стандарттык ченемдин ордуна 2,0ден 4,4 пайызга чейин жогорулаган.

Дебитордук жана кредиттик карыздардын түзүмүндө негизги салыштырма салмакты бюджеттик каражаттар ээлейт.

*11-таблица. 2016-2019-жылдарга карата жалпы дебитордук карыздын түзүмү*

(млн.сом)

| Жылдар | Бюджеттик каражаттар | Атайын эсептин каражаттары | Салыштырма салмак (%) | |
|---|---|---|---|---|
| | | | Бюджеттик каражаттар | Атайын каражаттар |
| 2016 | 9802,2 | 1400,7 | 87,5 | 12,5 |
| 2017 | 8998,9 | 1140,3 | 88,7 | 11,2 |
| 2018 | 12160,0 | 1033,1 | 92,2 | 7,8 |
| 2019 | 4959,0 | 839,2 | 85,5 | 14,5 |

*12-таблица. 2016-2019-жылдарга карата жалпы кредиттикк карыздын түзүмү*

(млн.сом)

| Жылдар | Бюджеттик каражаттар | Атайын эсептин каражаттары | % Бюджеттик каражаттар | % Атайын каражаттар |
|---|---|---|---|---|
| 2016 | 12746,4 | 1350,6 | 90,4 | 9,6 |
| 2017 | 21867,3 | 1634,4 | 93,0 | 7,0 |
| 2018 | 22978,8 | 2294,3 | 90,9 | 9,1 |
| 2019 | 23215,6 | 2178,2 | 91,4 | 9,4 |

“Аванс катары төлөнгөн корлор” жана “Аванс катары төлөнгөн негизги фонддор” беренеси боюнча дебитордук карыздын ири суммасы төмөнкү министрликтер жана ведомстволордо эсептелген.

*13-таблица. “Аванс катары төлөнгөн корлор” жана “Аванс катары төлөнгөн негизги фонддор” беренеси боюнча дебитордук карыздын суммалары*

(млн.сом)

| № | Министрлик/ ведомство | 2019-жылдын башында | 2019-жылдын аягында | Четтөө |
|---|---|---|---|---|
| 1. | МТБМК | 45,1 | 46,9 | 1,8 |
| 2. | ӨЭЖМК | 55,8 | 49,3 | -6,5 |
| 3. | ТЖМ | 222,3 | 415,3 | 193,0 |
| 4. | ММРФ | 1079,4 | 837,5 | -241,9 |
| 5. | ӨКМ | 208,0 | 142,9 | -65,1 |
| 6. | КЧКТЧМА | 101,6 | 94,4 | -7,2 |

“Убактылуу пайдаланууга алынган каражаттар”, “Акцияларга, кызмат көрсөтүүлөргө жана жумуштарга, негизги каражаттарга карата эсептер” беренелери боюнча кредиттик карыздын ири суммасы негизинен төмөнкү министрликтер жана ведомстволор тарабынан жол берилген.

*14-таблица. Убактылуу пайдаланууга алынган каражаттар", "Акцияларга, кызмат көрсөтүүлөргө жана жумуштарга, негизги каражаттарга карата эсептер" беренелери боюнча кредиттик карыздын суммалары*

(млн.сом)

| **№** | Министрлик/ ведомство | **2019-жылдын башында** | **2019-жылдын аягында** | **Четтөө** |
|---|---|---|---|---|
| 1. | ВФКМИ | 1,0 | 29,3 | +28,3 |
| 2. | МТБМК | 262,9 | 186,1 | -254,9 |
| 3. | КЧКТЧМА | 65,1 | 104,1 | +39,0 |
| 4. | ЭТКМИ | 13,4 | 4,1 | -9,3 |
| 5. | ТЖМ | 473,2 | 891,7 | +418,5 |
| 6. | ӨКМ | 54,9 | 105,0 | +50,1 |

Финансылык тартиптин начарлашы, бюджеттик каражаттардын жана мамлекеттик милдеттенмелердин тартуунун өсүшүнүн себептери болуп, бюджеттик милдеттенмелерге карата мониторинг жана контролдоо боюнча тутуму жана механизми жок болгондуктан, келишимдер боюнча жарым-жартылай каралгандардын ордуна толугу менен төлөөнү ишке ашыруудан, 2010-жылы кабыл алынган, "Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинде турган мекемелердин контракттарын жана бюджеттик милдеттенмелерин каттоонун тартиби жөнүндө" Нускаманын актуалдуу эместигинен пайда болгон.

*Контракттарды жана бюджеттик милдеттенмелерди каттоо*

Бюджеттик мекемелерде катталган контракттар боюнча, 31.12.2019-жылга карата корголгон беренелер боюнча карыздын калдыгы 222,6 млн. сом. Мында, бюджеттик милдеттенмелердин аткарылышына мониторинг жана талдоо жүргүзүү жоктугуна байланыштуу, БК кредиттик карыздардын пайда болушунун себептери жөнүндө толук жана жеткиликтүү маалыматка ээ эмес.

Белгилей кетсек, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 18.10.2010-жылдагы бекитилген токтому менен бекитилген, Республикалык бюджетинде турган мекемелердин контракттарын жана бюджеттик милдеттенмелерин каттоонун тартиби жөнүндө нускамасы, Бюджеттик кодекске ылайык келтирилген эмес, ал кабыл алынган жана аткарылган бюджеттик жана акчалай милдеттенмелер, ошондой эле мөөнөтү өтүп кеткен карыздарга карата тийиштүү контролдун жоктугуна алып келген.

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Улуттук банктагы эсептерин талдоо**

2019-жылы Улуттук банкта Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 53 депозиттик эсептери түзүлгөн, аларды башкарууну БК ишке ашырган, анын ичинен 34 эсеп улуттук валютада, 19 эсеп чет өлкөлүк валютада болгон.

2019-жылы Өкмөттүн депозиттик эсептерине 20,7 млрд. сом келип түшкөн, мында акча каражаттарынын жүгүртүлүшү жыл ичинде 9 эсеп боюнча жүргүзүлгөн эмес. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн депозиттик эсептериндеги болгон каражаттардын калдыктарынын жалпы суммасы улуттук валюта менен эсептегенде, 01.01.2020-жылга 11,7 млрд. сомду түзгөн, анын ичинен 14 эсеп боюнча нөлдүк калдыктар болгон.

Депозиттик эсептердин ичинен 14 балансtan тышкаркы эсептер болгон (11 эсеп АКШ доллары жана 3 эсеп евро), алардын жүгүртүлүшү республикалык бюджетте көрсөтүлгөн эмес. 2019-жылга карата балансtan тышкаркы эсептерге 1741,6 млн. сом

келип түшкөн. 2019-жылдын акырына карата калдык 3 610,6 млн. сомду түзгөн, алардын ичинен **700,1 млн. сом** эсептелген пайыздарды түзөт. Бюджеттик кодекстин 47-беренесине ылайык, пайыздар республикалык бюджеттин кирешеси болуп эсептелет.

Белгилей кетсек, Өкмөттүн эсептериндеги калдыктар түрүндөгү акча каражаттарынын олуттуу суммасы болгон учурда, Улуттук банк Борбордук Комитеттин эсептерине пайыздарды эсептөөнү жүргүзбөйт. Пайыздарды эсептөө 2013-жылдын июнь айында Өкмөттүн Улуттук банктын алдындагы милдеттенмелери толугу менен төлөнгөндөн кийин токтогон. Жыйынтыгында, Финансы министрлиги республикалык бюджетке туруктуу киреше алып келген булагын жоготкон.

**Коммерциялык банктарда ачылган эсептерге талдоо**

Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын атайын уруксаты боюнча коммерциялык банктарда эсеп ачууну караган Бюджеттик кодекстин 105-беренесин бузуу менен, төмөнкү мекемелердин алыш-бериш эсептери бар:

- Мамлекеттик жаза аткаруу кызматынын №16 мекемеси, “Жер казынасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жана “Жер казынасын пайдаланууну лицензиялоонун тартиби жөнүндө” Жобонун жана лицензиялык макулдашуунун негизинде ачылган, 01.01.2020-жылга каражаттардын калдыгы 6,0 миң сомду түзгөн;
- Башкы прокуратура, прокуратура тарабынан негизги милдеттерди жана функцияларды аткаруунун алкагында келип түшкөн акча каражаттарын чегерүү жана топтоо үчүн ачылган, каражаттардын калдыгы 01.01.2020-жылга 691,7 миң АКШ долларын жана 1,5 миң росс. рублин түзгөн;
- ТИМ, 24.11.2016-жылдагы Вице-премьер министрде өткөн отурумдун №6-67 протоколунун 2-пунктунун негизинде, “Электрондук виза” программасы үчүн ачылган, 01.01.2020-жылга каражаттарынын калдыгы 1 184,0 миң сомду түзгөн.
- МСК, Акциздик маркаларды ишке ашыруудан каражаттарды чегерүү үчүн ачылган, 01.01.2020-жылга каражаттардын калдыгы 313,3 миң АКШ долларын жана 156,7 миң сомду түзгөн *(Маалымат үчүн: Мамлекеттик салык кызматынын демилгеси боюнча, Экономика министрлигине Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун долбоору менен, Коммерциялык банкта Мамлекеттик салык кызматынын бөгөттөлгөн эсебин жабуу жана БКнын тутумунда депозиттик эсеп ачуу жөнүндө 2020-жылдын 29-февралындагы № 23-1-5 / 2436 кат жөнөтүлгөн. Ушул убакка чейин токтомдун долбоору Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кароосуна киргизилген эмес).*

**Коммерциялык банктарда депозиттерди жайгаштыруу**

2016-жылы Германиянын Өнүктүрүү Банкы (KFW) менен Финансы министрлиги тарабынан кол коюлган макулдашуулардын шартында KFW программасы боюнча 216,8 млн. сом каражаттары тандалган коммерциялык банктарда: “БТА Банк” ЖАКында, “Компаньон Банк” ЖАКында жана “КБ Кыргызстан” ААКсында мөөнөттүү депозиттер катары револьвердик негизде жайгаштырылган. Каражаттарды жайгаштыруу мөөнөтү БКнын Улуттук банктагы тиешелүү топтолмо эсептерине жылына эки жолу (30-июнь жана 31-декабрь) эсептөө жана которуу шарты менен 9%дык коюм менен, 36 айды түзгөн (2016-жылдын 19-сентябрынан 2019-жылдын 20-сентябрына чейин).

Жалпысынан, үч банк боюнча 2016-жылдан 2019-жылга чейинки мезгил аралыгына карата эсептелген пайыздар 58,5 млн. сомду түзгөн. KfW менен Финансы

министрлигинин ортосундагы макулдашууга карата Толуктоонун 8.1-пунктуна ылайык жайгаштырылган депозиттин 3% же 19,5 млн. сом республикалык бюджеттин кирешесине которуу, ал эми KfWден алынган кредит жана гранттар боюнча каражаттарды кайтарып берүү боюнча тиешелүү эсептерге 6% которуу керек. Факты жүзүндө бюджетке 1812,6 миң сом которулган, ал эми бюджетке которулууга тиешелүү **17 676,6 миң сомдун** калган бөлүгү Кыргыз Республикасынын Улуттук банкындагы KfWтин эсептеринде турат.

**Мамлекеттик карызды тейлөө жана абалын талдоо**

Мамлекеттик карыздын өнүгүү тенденциялары мамлекеттик карызды башкаруу боюнча саясатын жалпысынан жакшы мүнөздөйт. Мамлекеттик карыздын туруктуулугунун тобокелдик параметрлери жана көрсөткүчтөрү белгиленген чектерге туура келет, МБКнын жылдык чыгарылышынын жалпы түзүмүндө МКОнун салыштырма салмагынын көрсөткүчүн эске албаганда, ал оң эмес, өнүгүүнүн терс динамикасына ээ (2018 - 86%, 2019 - 64%).

2019-жылдын 31-декабрына карата Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызынын өлчөмү 319,5 млрд. сомду түзгөн (4 587,3 млн. АКШ доллары), анын ичинде тышкы карыз - 268,2 млрд. сом, ички карыз - 51,3 млрд. сом. Белгилей кетсек, республиканын мамлекеттик карызынын өсүү тенденциясы 2018-жылга салыштырмалуу 7,7 млрд. сом (2018-жылга + 2,47%)

Ушуга байланыштуу, мамлекеттик карыздын портфелинин 83,9% тышкы карызга туура келет, анда чет өлкөлүк валюта үстөмдүк кылат, валюта тобокелдиги жогору бойдон калууда. Тышкы карыздын түзүмүндөгү көп тараптуу кредиторлордун алдында карыз 41,6% жана эки тараптуу кредиторлорго карыз 58,4%ды түзөт. Эки тараптуу зайымдын өсүшү кредит портфелинин туура диверсификацияланышына тоскоол болууда.

2019-жылга карата мамлекеттик карызды төлөөгө бюджеттик чыгымдар 28,1 млрд. сомду түзгөн, план боюнча 28,4 млрд. сом, анын ичинде тышкы карызды төлөөгө кеткен чыгымдар - 14,0 млрд. сом жана ички карыз - 14,1 млрд. сом.

2019-жылга республикалык бюджетинин аткарылышы боюнча отчетто ички карыздын негизги суммасын төлөөгө бюджеттин чыгымдары туура эмес көрсөтүлгөндүгү аныкталган, мында 10,1 млрд. сомду эмес, 10,2 млрд. сомду түзгөн. Четтөө МКВны дисконттук суммага 163,4 млн. сом төлөө наркынын азаюусунан келип чыккан, алар белгиленген практика боюнча баалуу кагаздар боюнча пайыздарды төлөөгө мыйзамсыз киргизилген.

Ички карыз боюнча болжол толугу менен аткарылган, тышкы карыз боюнча болжолдун четтөөсү минус 505,5 млн. сомго ээ (аткарылышы 98,2%). Аудит тарабынан, болжолдоолор менен факты жүзүндөгү аткаруулардын ортосундагы четтөөлөрдүн, атап айтканда, 487,8 млн. сом суммасында, тышкы карыз боюнча төлөмдөрдүн негизги суммасы жана пайыздар боюнча негиздүү түшүндүрмөсү алынган эмес, аларда төлөөнүн так графиги бар. Ушундай кырдаал мамлекеттик карыздын абалына карата контролдоонун жана мониторинг жүргүзүүнүн натыйжалуу тутуму Финансы министрлигинде жоктугун күбөлөндүрөт.

2018-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген мамлекеттик карызды башкаруу стратегиясы мамлекеттин жалпы карыздык (каржылык) туруктуулуктун көрсөткүчтөрүн гана камтыйт. Мамлекеттик карызды

башкаруунун натыйжалуулугу жана өткөрүлгөн карыздык саясат көрсөткүчтөрүнүн эсептөөлөрү жана талдоосу сунушталган эл аралык практикада колдонулбайт.

Ченемдерди эсептөө механизми жана мамлекеттик карыз боюнча отчеттуулукту түзүү боюнча ченемдик укуктук актыларда карама-каршылыктардын жана кемчиликтердин болушу ченемдик көрсөткүчтөрүн бир кыйла төмөндөтөт жана бакубатчылыктын картинасын түзөт. Алсак, 2019-жылга карата бюджетти аткаруу боюнча отчеттуулук үчүн эсептелген ИДӨгө карата тышкы карыздын индикатору 26%ды түзөт, Финансы министрлигинин мамлекеттик карыз боюнча отчетторунда, 36% дан ашпаган бекитилген босоголук ченемде - 45,5% түзгөн.

2019-жылга карата мамлекеттик карыз боюнча отчеттуулук кассалык метод боюнча түзүлгөн, ал эл аралык ченемдер менен, Бюджеттик кодекс менен макулдашылбайт жана мамлекеттик карыздын көрсөткүчтөрүн тутумдук азаюуга алып барат, анткени эсептелген милдеттенмелер эске алынбайт. Эсептөө методун колдонуу менен, 31.12.2019-жылга тышкы карыздын суммасын эсептөө жүргүзүлгөн аудиттин жүрүшүндө алынган милдеттенмелердин суммасы 299,8 млрд. сомду (4 304,8 млн. АКШ доллары) түзгөн, же отчеттуулукта көрсөтүлгөндөн 31,6 млрд. сомго көп.

2019-жылдын аягында тышкы карыз боюнча эсептөөлөрдө четтөөлөр аныкталган, ал кредиттик тилкелер боюнча мамлекеттик карыздын туура эмес калдыгына алып келген. Мамлекеттик инвестициялардын 81 долбоор боюнча бурмалоолор аныкталган, ушуга байланыштуу, отчеттулук датасына тышкы карыздын калдыгынын ишенимдүүлүгүн тастыктоо мүмкүн эмес.

Мамлекеттик карыздын калдыгынын тууралыгын текшерүү эки ыкма менен жүргүзүлгөн. 31.12.2019-жылга карата улуттук валютага кайра эсептөөдөгү четтөөлөрдү эсептөөнүн натыйжасында алынган жалпы сумма: биринчи ыкма боюнча - 32,5 млрд. сом, экинчи ыкма боюнча - 5,7 млрд. сомду түзөт. Ушундай четтөөлөр төлөмдөрдү эсептөө сыяктуу эле, карыздын жана өздөштүрүлбөгөн каражаттардын суммаларын көрсөтүүдө дагы катанын орду бар экендигин күбөлөндүлөт.

Тышкы мамлекеттик карыз боюнча сактоо тутуму жана маалыматтарды иштеп чыгуу, анын ичинде компьютердик, жаңылоону же алмаштырууну талап кылат, маалыматтардын ишенимдүүлүгү камсыздалбагандыктан, Финансы министрлигинин башка түзүмдөрүнүн маалыматтары менен салыштырмалуулугун жана контролдоонун таасирдүү тутумун камсыз кылбайт.

*15-таблица. 2019-жылга мамлекеттик баалуу кагаздарды чыгаруудан жана сатуудан болжолдуу жана факты жүзүндөгү келип түшүүлөр*

(млн. сом)

| Булак | Башиапкы болжолдоо | Такталган болжолдоо | Четтөө баштапкы/такталган | Факты жүзүндө келип түшүүлөр | Четтөө такталган/факт |
|---|---|---|---|---|---|
| МКВны чыгаруу | 2 325,0 | 5 315,2 | *2 990,2* | 5 315,2 | *0* |
| МКОну чыгаруу | 13 175,0 | 9 583,5 | *- 3 591,5* | 9 577,3 | *- 6,2* |
| ***Бардыгы*** | **15 500,0** | **14 898,7** | ***-601,3*** | **14 892,5** | ***- 6,2*** |

Мамлекеттик казына облигацияларын сатуудан келип түшкөн 9 577,3 млн. сом бюджеттин тартыштыгын жабууга багытталган, анын үстүнө, ал 2019-жылга карата

МКОлорду төлөө жана тейлөө боюнча бюджеттин чыгымдары 10 077,0 млн. сом, же МКО боюнча эсептешүүлөрдүн калдыгы (-) 499,7 млн. сом.

*16-таблица. 2019-жылы МКО чыгаруу (миң сом)*

| Чыгаруу мөөнөтү | Аукциондордун саны | Орточо кирешелүүлүк % | Сатык суммасы | Номиналдык нарктын суммасы | Пайыздар |
|---|---|---|---|---|---|
| 2 жыл | 7 | 6,18 – 7,51 | 1 274 971,6 | 1 309 029,0 | 130 902,9 |
| 3 жыл | 7 | 8,35- 9,01 | 1 075 801,6 | 1 177 084,8 | 188 562,7 |
| 5 жыл | 8 | 10,15-10,62 | 2 268 645,3 | 2 706 710,0 | 851 703,0 |
| 7 жыл | 18 | 10,71-11,80 | 4 682 344,9 | 5 937 740,8 | 2 909 4923,0 |
| 10 жыл | 1 | 13,53 | 255 524,6 | 364 000,0 | 291 200,0 |
| **БАРДЫГЫ** | | | **9 577 288,0** | **11 494 564,6** | **4 371 861,6** |

МКВнын 2019-жылкы чыгарылышын төлөө жол-жоболорунда алардын иш-аракетинин мөөнөтү аякташы боюнча, республикалык бюджеттен баалуу кагаздардын ээлерине киреше түрүндө республикалык бюджеттен 6,3 млрд. сом киреше түрүндө баалуу кагаздардын ээлерине төлөнөт. МКОнун 2019-жылдагы чыгарылышы боюнча республикалык бюджеттеги эсептөө калдыгы минус 6,3 млрд. сомду түзөт. Ошону менен, бюджеттин тартыштыгын жабуу үчүн гана баалуу кагаздарды эмиссиялоо практикасы мамлекеттик баалуу кагаздар боюнча пайыздык кирешелерди төгүүнү (сатып алууну) жана төлөөнү жабуу үчүн кошумча бюджеттик каражаттарды издөө зарылчылыгын жаратат. Бюджеттин өнөкөт тартыштыгынын шартында ал өзүн-өзү актабайт жана дүйнөлүк тажрыйбада бюджеттин тартыштыгын азайтуу боюнча оң жыйынтыктарга жетише албаган "туура эмес" деп аталат.

2018-2020-жылдарга мамлекеттик карызды башкаруу стратегиясы менен ички карыз боюнча үч максаттуу көрсөткүч бекитилген, анын ичинде бекитилген эсептөө методикасынын жоктугунун себебинен, алардан экөө аткарылган эмес. Республикада мамлекеттик баалуу кагаздарды өнүктүрүүнү жана ички карыздарды башкарууну талдоо боюнча максаттуу көрсөткүчтөр аныкталган эмес жана колдонулбайт.

Аудит тарабынан, зарыл болгон документтер жок болгондуктан, банкрот болгон "Курулуш-Банк" АКБсы, "Инсан" АКБсы, "Меркурий" АКБсынын аманатчыларынын алдындагы 34,3 млн. сом (0,5 млн. АКШ доллары) Которулган векселдин суммасындагы карыз жана калктын аманаттарын индексациялоо боюнча милдеттенмелер катары көрсөтүлгөн 664,0 млн.сом (9,53 млн. АКШ доллары) өлчөмүндөгү ички карыздын суммасынын ишенимдүүлүгү жана негиздүүлүгү аныкталган эмес. Белгилей кетсек, 2004-жылга чейинки Калктын аманаттарынын эсептелген суммалары төлөмүнүн мөөнөтү мыйзамда бекитилген боюнча 2019-жылга чейин Эсептик-аманат компаниясы аркылуу улантылып келген, жыйынтыгында, бюджеттен 343,2 млн. сом тартылган. Финансы министрлиги катталган аманатчылардын саны, эсептелген жана төлөнгөн аманаттардын суммалары жөнүндө маалымат жок.

Мамлекеттик карыз боюнча финансылык отчеттуулукта:

- бюджет алдындагы 92,4 млн. сом суммасындагы мамлекеттик карыз боюнча дебитордук карыздын аналитикалык маалыматтары (түзүлгөн убактысы, мезгилдер боюнча кыймылы ж.б.) тастыкталган эмес;

- 1-формасынын 5-тиркемесиндеги "Валюта жана депозиттерди" эсепке алуу боюнча мамлекеттик карызды башкарууда жыл башында катталган, 144,0 млрд. сом

башкаруу чечими жана тастыктоочу документтер жок болгондуктан, мамлекеттин таза активдерин азайтуу үчүн эсептен чыгарылган. Ошол эле учурда, бул сумма бириктирилген финансылык отчетко киргизилген эмес;

- баштапкы документтер менен "Акциялар жана капиталга катышуунун башка түрлөрү" 1-формасынын 8-тиркемесинде көрсөтүлгөн 704,9 млн. сом суммасына тастыктоо жок. Отчетто мамлекеттик сектордун башка бирдигине берилген сыяктуу, мамлекеттин таза активдеринин суммасын азайтууга 704,9 млн. сом өткөрүлгөн, мында, финансылык транзакцияны жүргүзүүгө жетекчиликтин уруксаты жана акциялардын үлүшүн өткөрүп берүү боюнча документтер жок;

- Мамлекеттик карызды башкаруунун "Карыз алуу" 1-формасынын 11-тиркемесинде 2019-жылга карата тышкы карыз алуунун суммасы 13 102,5 млн. сомду түзгөн. 2019-жылга карата мамлекеттик бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчеттун 1-тиркемесиндеги бириктирилген отчеттуулукка ылайык сумма 13 072,9 млн. сомду түзгөн. 29,6 млн. сомго четтөө, Финансы министрлигинин жана транзакцияны жүргүзүүгө тийиштүү ыйгарым укуктун уруксаты жоктугунан, тышкы кредиторлор менен өз ара милдеттенмелерди эсепке алуу мамлекеттик башкаруу менен жүргүзүүнүн эсебинен түзүлгөн.

Ошентип, Бюджеттик кодекстин 20 жана 67-беренелерин бузуу менен, бюджетти аткаруу боюнча бириктирилген финансылык отчетто 29,6 млн. сом көрсөтүлгөн эмес;

- "Жана башка милдеттенмелер" 1-формасынын 12-тиркемеси жана "Таза активдер" 1-формасынын 13-тиркемеси оңдоолорду жүргүзүү ж.б. мамлекеттик баалуу кагаздарды жайгаштыруу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн төлөмүндө көптөгөн ишенимсиз (бурмаланган) маалыматтарды камтыйт.

Алсак, 12-тиркемеде - 74,4 миң сом мамлекеттик баалуу кагаздарды жайгаштыруу боюнча банктын кызмат көрсөтүүлөрү үчүн төлөөгө эсептелген сумма катары көрсөтүлгөн, ал эми кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдү төлөө 81,1 миң сом өлчөмүндө көрсөтүлгөн. 9,7 миң сомдук четтөө кредитордук карыздын калдыгын оңдоо катары эске алынган, б.а. отчеттуулук боюнча сумма жүргүзүлгөн, ал факты жүзүндө төлөнгөн эмес жана мамлекеттин активдерин азайтуу үчүн эсептен чыгарылат.

Эсептөөлөрдүн жана пайыздардын төлөмүнүн суммасы тышкы кредиттер жана зайымдарга 4,0 млрд. сом жана ички кредиттер жана зайымдар катары көрсөтүлгөн 3,9 млрд. сом. Баалуу кагаздар боюнча эсептелген жана төлөнгөн пайыздардын суммасы 163,4 млн. сомдон көптү түзгөн. 13-тиркемедеги кирешеге мамлекеттик карызды тейлөө боюнча чыгымдар жана курстук айырма 28,1 млрд. сом киргизилген.

Жыйынтыгында, аудит тарабынан 2019-жылга карата мамлекеттик карызды эсепке алуу боюнча финансылык отчеттуулук, жана ага ылайык, 2019-жылга карата мамлекеттик бюджеттин аткарылышы боюнча отчетко тиркемеде көрсөтүлгөн маалыматтардын тиешелүү формалары, позициялары жана ишенимдүүлүгү бөлүгүндөгү бириктирилген отчеттулук тастыкталган эмес.

**Инвестициялык долбоорлорду талдоо, кредиттик жана гранттык каражаттардын максаттуу жана натыйжалуу пайдаланылышын талдоо**

2019-жылы эл аралык каржы институттары жана донор өлкөлөр менен жалпы суммасы 359,5 млн. АКШ долларын түзгөн 18 программалык келишимге Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кол коюлган жана

ратификацияланган, алардын ичинен 157,0 млн. АКШ доллары грант түрүндө жана 202,5 млн. АКШ доллары кредит түрүндө.

2019-жылы мамлекеттик органдарга жана ведомстволорго жиберилген кредиттер жана гранттар боюнча 225 инвестициялык программа иштеген.

2019-жылга карата МИП болжолдоосун аткаруу төмөнкүдөй:

*17-таблица. 2019-жылга мамлекеттик инвестициялык долбоорлордун болжолунун аткарылышы*

(млн. сом)

| **Инвестициялар** | **Баштапкы болдолдоо** | **Такталган болжолдоо** | **Факт** | **Такт./факт четтөө** | **% аткаруу** |
|---|---|---|---|---|---|
| Тышкы, анын ичинен: | 32 329,2 | 20 104,0 | 18 315,4 | - 1 788,6 | 91,1% |
| - гранттар | 9 494,5 | 5 959,7 | 5 272,6 | - 687,1 | 88,5% |
| - кредиттер | 22 834,7 | 14 144,3 | 13 042,8 | - 1 101,5 | 92,2% |
| Ички | 1 266,7 | 945,5 | 804,0 | - 141,5 | 85,0% |
| **Бардыгы** | **33 595,9** | **21 049,5** | **19 119,4** | **- 1 930,1** | **90,8%** |

Бекитилген параметрлерден болжолдуу көрсөткүчтөрдүн 12,5 миллиард сомго азаюусу, донорлор тарабынан дагы, аткаруучу агенттиктер тарабынан дагы долбоорлорду ишке киргизүүнүн жол-жоболук маселелеринин кечеңдеп жаткандыгына байланыштуу. Ушул эле себептер боюнча МИПтин такталган болжолунан аткарылбай калганы 1,9 млрд. сомду түзгөн. Бул кырдаал, учурдагы инвестициялык долбоорлор боюнча болжолдуу сарптардын өлчөмүн аныктоо боюнча зарыл иш-чаралардын жана так эсептөөлөрдүн жоктугун, ошондой эле Финансы министрлиги тарабынан республиканын экономикасына мамлекеттик инвестицияларды тартууда тийиштүү талдоонун жоктугун күбөлөндүрөт.

Республикалык бюджеттин болжолдоо көрсөткүчтөрүнө болжолдоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн ушундай практикасы, Бюджетти түзүүнүн мурдагы циклдарында каралган көрсөткүчтөрдөн 3 пайызынан көп эмес, бюджеттик каражаттарды бөлүүнүн көлөмүнүн азаюусу каралган, Бюджеттик кодекстин 89-беренесинин ченемдерине карама-каршы келет.

*18-таблица. 2019-жылга мамлекеттик органдар бөлүгүндө МИП каражаттарын өздөштүрүү*

| **Ведомство** | **Ички каржылоо** | | | **Тышкы каржылоо** | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **план** | **факт** | **% аткаруу** | **план** | **факт** | **% аткаруу** |
| Фин. мин | 151,20 | 151,20 | 100% | 351 568,64 | 347 597,88 | 99 % |
| Эконом. мин | 5 025,60 | 4 850,00 | 97 % | 79 990,80 | 38 659,46 | 48 % |
| ББИМ | 32 600,00 | 31 749,50 | 97 % | 347 673,80 | 337 394,67 | 97 % |
| ССМ | 10 790,00 | 10 482,16 | 97 % | 185 378,33 | 123 416,21 | 67 % |
| МСХППМ АЧТӨММ | 15 450,00 | 12 843,11 | 83 % | 343 988,36 | 326 575,25 | 95 % |
| ТЖМ | 589 459,02 | 486 853,28 | 83 % | 8 618 827,22 | 7 926 561,07 | 92 % |
| ӨКМ | | | | 182 499,08 | 182 144,14 | 100 % |
| ӨЭЖМК | 17 590,00 | 17 583,00 | 100 % | 5 361 955,73 | 4 979 562,94 | 93 % |
| МТБМК | | | | 92 205,80 | 92 125,78 | 100 % |
| Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамагент. | 130 979,70 | 116 735,80 | 89 % | 1 285 757,88 | 1 206 962,45 | 94 % |
| КЧКТЧМА | | | | 195 440,00 | 156 294,83 | 80 % |
| Мамкурулуш | 5 396,00 | 5 396,00 | 100 % | 244 677,62 | 105 691,90 | 43 % |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Суу ресурстары боюнча мамагенттик | 132 427,00 | 111 773,81 | 84 % | 2 642 989,97 | 2 342 841,00 | 89 % |
| МКК | | | | 115 170,00 | 112 581,71 | 98 % |
| ММБФ | 5 584,00 | 5 584,00 | 100 % | 55 840,00 | 37 025,51 | 66 % |
| **Бардыгы** | **945 452,52** | **804 001,86** | **85 %** | **20 103 963,23** | **18 315 434,81** | **91,1 %** |

Тышкы каржылоодон, башында каражаттын 81,4%ын транспорт, энергетика жана инфра түзүм (суу менен жабдуу жана ирригация) тармактарында программаларды өнүктүрүүгө багыттоо пландаштырылган, анткени, бул тармактар каражаттарды өздөштүрүүдө жакшы натыйжаларды көрсөткөн.

Тышкы каржылоонун каражаттарын начар өздөштүрүү, саламаттык сактоо, мамлекеттик башкаруу жана айыл чарба тармактары көрсөттү. Тышкы каржылоодон, кредиттик каражаттардан 4 594,8 млн. сом, гранттык каражаттардан - 996,4 млн. сом кайра каржыланган, алар энергетика, инфраструктура (суу менен жабдуу, канализация, ирригация, катуу калдыктар) жана мамлекеттик башкаруу тармактарына багытталган. Ички каржылоодон, төмөн жыйынтыктарды транспорт тармагы - 82,6% жана айыл чарба тармагы - 82,6% көрсөткөн.

МИПти ишке ашыруу боюнча начар администрлөөнүн жыйынтыгында кредиттик ресурстардын өз убагында өздөштүрбөй калуу, республикалык бюджеттин жоготууларына алып келет. 2019-жылы МИПти ишке ашыруудагы үзгүлтүктөн жана каражаттар өздөштүрүлбөгөндүктөн, республикалык бюджеттен **232,1 млн. сом** төлөнгөн, анын ичинде ЕАӨБ тарабынан каржыланган “Камбарата ГЭС 2нин экинчи гидроагрегатын пайдаланууга берүү” программасы боюнча 81,4 млн. сом, ал эми Кытайдын Эксимбанкынын каржылоосу менен “Альтернативдик Түндүк-Түштүк жол” программасы боюнча 39,4 млн сом ж.б.

ОПЕКтин Эл аралык Өнүктүрүү Фонду, Абу-Даби Өнүктүрүү Фонду, Ислам Өнүктүрүү Банкы менен түзүлгөн макулдашууларга ылайык, кредит үчүн пайыздык төлөмдөрдөн тышкары, кредитти тейлөө үчүн төлөмдөр белгиленген, алар алынган жана төлөнбөгөн кредиттин суммасынан пайызыы эсептелет жана төлөнөт.

*19-таблица . ОПЕКтин Эл аралык Өнүктүрүү Фондунан, Абу-Даби Өнүктүрүү Фондунан, Ислам Өнүктүрүү Банкынан алынган кредиттерди тейлөө*

| **Кредитор** | **Кредит үчүн пайыз** | **Тейлөө үчүн төлөм** |
|---|---|---|
| ОПЕКтин Эл аралык Өнүктүрүү Фонду | 1,25 % | 1,00 % |
| Абу-Даби Өнүктүрүү Фонду | 2,0 % | 0,5 % |
| Ислам Өнүктүрүү Банкы | - | ≥ 2,5 % |

Ушундай шартта макулдашуу түзүү менен, чындыгында тараптар тейлөө үчүн төлөмдөр жөнүндө эмес, жогорулатылган пайыздык коюм жөнүндө сүйлөшүлгөн. Финансы министрлигинин түшүндүрмөсү боюнча, келишимдердин ушундай шарттары, кредиторлордун демилгеси менен белгиленет, алардын учурдагы жагдайларына байланыштуу, жогорку пайыздык кредитти алар бере албайт.

Маселеде ачык-айкындуулукка жетишүү үчүн, республика кредиттик каражаттарды канча пайызда алат жана күмөндүү келишимдердин мүмкүн болгон айыптоолорун алдын алуу менен, ушундай шарттарда макулдашууларды түзүүдөн болушунча алыс болуш керек.

01.01.2020-жылга коммерциялык банктардагы долбоорлордун атайын эсептериндеги каражаттардын калдыктарынын пайызы **13,6 млн. сомду** түзгөн жана банктык кызматтарды төлөөдө зарыл болгон каражаттарды алып салуу үчүн республикалык бюджеттин резервдери болуп эсептелет.

2019-жылга бюджети жөнүндө Мыйзам менен, программалык жардам 2 094,0 млн. сом суммасында пландаштырылган. Кошумча жардамды тартууга байланыштуу бюджеттин өзгөрүүсүн эсепке алуу менен, болжолдоо 8 971,3 млн. сомду түзгөн, факты жүзүндө 8 245,5 млн. сомго аткарылган, анын ичинен гранттык жардам боюнча - 8 215,4 млн. сом жана кредиттик каражаттар боюнча - 30,1 млн. сом.

2019-жылы программалык жардам аркылуу 5 колдоо программасы ишке ашырылган (4 гранттык жана 1 кредиттик). 2018-2022-жылдарга Социалдык коргоо боюнча стратегиясы боюнча иш-чаралар белгиленген мөөнөттөрдө аткарылбагандыгына байланыштуу, 2019-жылы "Социалдык коргоо тармагын реформалоого контракт" программасы боюнча ЕСтен 349,0 млн. сом, Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлиги менен Верификациялык компаниянын ортосунда контракт түзүү боюнча жол-жоболорунун кечиктирилгенине байланыштуу, "Биринчи медициналык-санитардык жардамдын сапатын жогорулатуу" программасы боюнча ДБдан 73,3 млн. сом келип түшкөн эмес *(каражаттардын келип түшүүсү 2020-жылга жылдырылган).*

Программалык жардамдын келип түшүүсүн эсепке алуу үчүн жоопкерчиликтүү бөлүмдүн отчеттуулугу жана Россия Федерациясынын гранттык жардамынын суммасы боюнча республикалык бюджеттин аткарылышы боюнча бириктирилген отчеттуулуктун ортосунда айырмачылык аныктаган, алар Финансы министрлигинин бириктирилген отчеттуулугунда 714,0 миң сомго көп жана 3489,0 млн. сомду түзгөн.

Аныктамаларда так жана ачык айырмачылыктарды көрсөткөн жана "Мамлекеттик инвестициялар программасы" жана "программалык жардам" түшүнүктөрүн бекемдеген, трансферттер же тышкы инвестициялар катары кредиттик жана гранттык жардам агымын бөлүүнү жөнгө салуучу ченемдик-укуктук актылар жок. Жыйынтыгында, программалык жардам тилкеси боюнча алынган 30,1 млн. сом кредиттер, 2019-жылга бюджеттин аткарылышы боюнча отчетто мамлекеттик инвестициялар катары мыйзамсыз көрсөтүлгөн.

**Эл аралык уюмдарда жана интеграциялык бирикмелерде мүчөлүк, үлүштүк төгүмдөрдү каржылоону талдоо**

Кыргыз Республикасы 74 эл аралык уюмдун, 14 келишим органынын жана 8 финансылык институтунун мүчөсүнөн турат, ошондой эле эл аралык уюмдардын программаларына катышат. 31.12.2019-жылдагы абал боюнча Кыргыз Республикасынын үлүшүн, мүчөлүк акыларын бюджетке төлөгөн уюмдардын саны 93 эл аралык уюмдарды түзөт.

2019-жылы мүчөлүк төгүмдөрдү төлөө үчүн эл аралык уюмдардын тизмеси жөнүндө Тышкы иштер министрлиги тарабынан сунуштардын жоктугунан, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 02.12.2015-жылдагы №817 "Кыргыз Республикасынын эл аралык уюмдар, интеграциялык бирикмелер жана эл аралык келишимдик органдар менен кызматташуусунун натыйжалуулугун жогорулатуу жөнүндө" токтому сакталбагандыктан, 2019-жылга бюджет жөнүндө Мыйзам менен бекитилген, 26630 бөлүмү боюнча жалпы мамлекеттик чыгымдарга киргизилген жалпы суммасы 635,0 млн. сомго 39 эл аралык уюмдардын жана интеграциялык бирикмелердин тизмеси Финансы министрлиги тарабынан өз алдынча түзүлгөн.

Белгилей кетсек, Финансы министрлиги тарабынан түзүлгөн тизмеге, Эл аралык Түрк маданияты уюмунун 93,9 миң АКШ доллары, эквивалентте 6,6 млн. сом киргизилген, бирок, Тышкы иштер министрлигинин маалыматы боюнча, төгүм

катары 85,3 миң АКШ долларын түзгөн (6,0 млн. сом), же мүчөлүк төгүмдөрдү төлөө үчүн, 2019-жылдын бюджети жөнүндө мыйзамда бекитилген сумма **0,6 млн. сомго** ашырылган.

2019-жылдын 8 айынын ичинде Эл аралык милдеттенмелерди аткарууга каражаттарды бөлүштүрүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечими жок болгондуктан, Финансы министрлиги тарабынан түзүлгөн тизме боюнча көрсөтүлгөн мезгилге карата мүчөлүк акылардын 252,5 млн. сом суммасында төлөмү жүргүзүлгөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 06.09.2019-жылдагы №330-б буйругу менен, 2019-жылга 484,6 млн. сом суммасында мүчөлүк, үлүштүк төгүмдөрдү төлөө боюнча 35 эл аралык уюмдардын Тизмеси бекитилген, бекитилген Мыйзамда 635,0 млн. сом суммасында, же 150,4 млн. сомго аз.

Белгилей кетсек, 2019-жылга мүчөлүк, үлүштүк төгүмдөрдү төлөө боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтү чечим кабыл алган мезгилде, факты жүзүндө Финансы министрлиги тарабынан 52,1% өлчөмүндө эл аралык милдеттенмелерди төлөө жүргүзүлгөн.

2019-жылга бюджет жөнүндө Мыйзамга киргизилген өзгөртүүлөр менен, эл аралык милдеттенмелерди аткаруу үчүн такталган сумма 478,4 млн.сомду түзгөн, ага карабастан Өкмөттүн мурдагы чечими менен 484,6 млн.сомго белгиленген, же четтөө 6,2 млн.сомду түзгөн.

Ошондой эле, Финансы министри кол койгон 2019-жылдын бюджетине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө Мыйзам долбоорунун Түшүндүрмө катында төмөнкүдөй көрсөтүлгөн, анда *"Азия Өнүктүрүү Банкынын пайдасына чыгарылган Кыргыз Республикасынын векселин төлөө үчүн 3,8 миллион сом суммасындагы каражат кошумча каралган"*. Аудиттин жүрүшүндө бул позиция, көрсөтүлгөн абзацка жаңылыш киргизилгендигининин натыйжасында тастыкталган жок.

Жыйынтыгында, көрсөтүлгөн багыт боюнча материалдарды даярдоодо жооптуу адамдар тарабынан тийиштүү көзөмөлдүн жоктугун жана адистердин аткаруу тартибинин деңгээлинин төмөндүгүн аудит белгилейт.

Финансы министрлиги тарабынан 431,6 млн. сом суммасында мүчөлүк, үлүштүк төгүмдөрдү төлөө жүргүзүлгөн, же Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 6-сентябрындагы №330-б буйругу менен бекитилген Тизмеде каралгалгандарга дал келбеген суммаларда, 53,0 млн. сомго жана бюджетке киргизилген өзгөртүүлөрдү эсепке алуу менен (478,4 млн. сом) 46,8 млн. сомго аз.

2019-жылдын аягында эл аралык уюмдарга жана интеграциялык бирикмелерге төлөө боюнча кредиттик карыздар 863,6 млн. сомду түзгөн, же 2018-жылдын тийиштүү мезгилине салыштыруу боюнча 154,5 млн. сомго көбөйгөн. Мында, 2019-жылдын аягында республиканын карызы эске алынган уюмдардын саны, 2018-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 16га көбөйгөн.

Эки жылдын аралыгында Билим берүү, илим жана маданият боюнча Ислам уюму (ИСЕСКО) сыяктуу, айрым эл аралык уюмдарга жана интеграциялык бирикмелерге мүчөлүк төгүмдөрүнө Кыргыз Республикасы тарабынан төлөм жүргүзүлгөн эмес; КМШнын курулуш ишиндеги кызматташтык боюнча өкмөттөр аралык кеңеш (МСССД); Өкмөттөр аралык кеңештин алдындагы Стандартташтыруу, техникалык жөнгө салуу жана курулуштагы шайкештикти баалоо боюнча мамлекеттер аралык илимий-техникалык комиссия (МНТКС); КМШдагы мамлекеттер аралык авиация комитети (МАК) ж.б.

Аудит, эл аралык келишимдер боюнча кабыл алынган милдеттенмелердин аткарылышын камсыз кылуусун караган “Кыргыз Республикасынын Эл аралык келишимдери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 32-беренесинин аткарылбагандыгын жана ошондой эле мамлекеттик органдар менен биргеликте Тышкы иштер министрлиги тарабынан Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдик милдеттенмелеринин алкагында карыздарды төлөө жана төлөмдөрдүн мөөнөтүн сактоо бөлүгүндө, Финансы министрлиги тарабынан дагы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №817 токтому толук көлөмдө аткарылбагандыгын белгилейт, эл аралык уюмдардын алдындагы карыздарды реструктуризациялоо же эсептен чыгаруу боюнча тийиштүү иштер жүргүзүлгөн эмес.

**Программалык бюджеттин аткарылышын талдоо**

2019-жылга бюджет жөнүндө Мыйзамдын 17-беренесине ылайык, министрликтер, мамлекеттик комитеттер жана административдик ведомстволор үчүн 2019-2021-жылдарга программалык бюджеттер жактырылган. Көрсөтүлгөн беренеде министрликтер, мамлекеттик комитеттер жана административдик ведомстволор тарабынан Финансы министрлигине бюджеттик программалар жана бюджеттик иш-чаралар боюнча натыйжалуулук көрсөткүчтөрүнө жетишкендиги жөнүндө жарым жылдык жана жылдык отчетторду берүү каралган.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 87-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын 2019-жылдын 28-январындагы № 17 “Бюджеттик программалардын натыйжалуулугуна мониторинг жана баалоо жүргүзүү тууралуу” токтому менен, бюджеттик программалардын натыйжалуулугуна мониторинг жана баалоо жүргүзүүнү камсыздоо үчүн, Бюджеттик программалардын натыйжалуулук индикаторлоруна жетишүү жөнүндө отчетту берүүнүн тартиби жана Бюджеттик программалардын натыйжалуулугун баалоонун тартиби бекитилген.

2019-жылдын бюджети жөнүндө Мыйзамдын 17-пунктуна, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №17 токтомунун 8-9-пункттарына ылайык, БКББ белгиленген форма боюнча натыйжалуулук индикаторлоруна жетишүү жөнүндө отчетту жана тиешелүү отчеттук мезгил үчүн программалык бюджеттин аткарылышы боюнча Иш-чаралар планынын аткарылышы тууралуу жыйынды маалыматты, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга (Финансы министрлиги) берет. Финансы министрлиги тарабынан талдоонун жыйынтыктары боюнча, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө жыйынды маалыматтарды берүү жана республикалык бюджеттин аткарылышы тууралуу отчеттордо көрсөтүү менен, бардык БКББ боюнча натыйжалуулук индикаторлоруна жетишүү жөнүндө бириктирилген отчет түзүлүш керек.

БКББден 2019-жылга карата отчетторду берүү үчүн Финансы министрлигинин түзүмдүк бөлүмдөрү тарабынан көзөмөлдүн жоктугунан, бардык БКББ боюнча натыйжалуулук индикаторлоруна жетишүү жөнүндө жыйынды отчет түзүлбөгөндүгү жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө берилбегендиги аныкталган. Ушуга байланыштуу, бириктирилген отчет түзүлгөн эмес, 2019-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы тууралуу отчетто тийиштүү тиркеме жок.

Аудит тарабынан, 2019-жылга карата бюджеттин аткарылышынын жыйынтыгы боюнча Финансы министрлиги тарабынан 2019-жылдын бюджети жөнүндө Мыйзамдын 17-беренесинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №17 токтомунун аткарылышын контролдоону камсыз кылган эмес де эсептейт.

Ошол эле учурда, Финансы министрлиги 2019-жылдын программалык бюджеттери боюнча натыйжалуулук индикаторлоруна жетишүү жөнүндө отчет бербегендигине байланыштуу, бюджеттик мыйзамдарды бузгандыгы үчүн, БКББ жетекчилигине тартиптик жоопкерчилик чараларын колдонуу жөнүндө сунуштарын Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө киргизүү жөнүндө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №17 токтому менен берилген укугун колдоно алган эмес.

2019-жылы программалык негизде бюджетти түзүү жана аткарууга катышкан пилоттук министрликтер болуп, Саламаттык сактоо министрлиги жана МТД аныкталган. 2019-жылдын бюджети жөнүндө бекитилген Мыйзамдын 11-2-тиркемеси менен Саламаттык сактоо министрлиги жана МТДга программалык бюджеттер жана натыйжалуулук индикаторлорунун максаттуу маанилери бекитилген.

Саламаттык сактоо министрлигинин программалык бюджетинде "Инфраструктуралык долбоорлорду ишке ашыруу" 5-программасы боюнча Бюджеттик кодекстин 86-беренесинде каралган сандуу жана сапаттуу индикаторлорду аныктоо жок болгондуктан, 962,2 млн.сом каралгандыгы белгиленген. 2019-жылдын бюджетине киргизилген өзгөртүүлөр менен, ушул программа боюнча такталган планы 192,2 млн. сомду түзгөн, факты жүзүндө 133,9 млн. сомго аткарылган.

Финансы министрлиги караган пилоттук долбоорлорду ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө маалыматты жалпылап, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратына берүүнү караган, пилоттук министрликтер тарабынан программалык бюджеттерди ишке ашыруу үчүн, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү 2019-жылдын 16-апрелиндеги №173 "Пилоттук министрликтердин 2019-2021-жылдар мезгилине бекитилген программалык бюджеттерин ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө" токтомун кабыл алган.

Саламаттык сактоо министрлиги боюнча берилген маалыматта "Инфра түзүмдүк долбоорлорду ишке ашыруу" 5-программасынын төмөн деңгээлде аткарылышына баа берилбегендиги белгиленген

Программалык бюджеттерди түзүү жана өнүгүүнүн тармактык программаларын ишке ашырууга негизделген толук кандуу бюджеттөөгө өтүү боюнча коюлган максаттарга карабастан, Финансы министрлиги тарабынан 5 жылдан ашык аралыктагы натыйжага багытталган, мониторинг жүргүзүү жана натыйжалуулук индикаторлорунун максаттуу маанисине жетишүүгө мониторинг жүргүзүү жана талдоо боюнча иштер толук өлчөмдө жүргүзүлгөн эмес.

*(Маалымат үчүн: Дүйнөлүк Банктын миссиясынын отчету боюнча 2020-жылдын июнь айында өткөрүлгөн программалык бюджеттөөнү киргизүү татаал милдеттерден болгон. Программалык бюджеттөө бюджетти пландаштыруу ыкмасындагы радикалдуу өзгөртүүлөр сыяктуу жана жетишпеген бюджеттик пландаштыруу көндүмдөрүн талап кылат. Программалык бюджеттөөнү туура жайылтууда, мамлекеттик чыгымдарды тескөөнү жана натыйжалуулугун жогорулатууга болот.).*

**Пландалган жана өткөрүлгөн товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү мамлекеттик сатып алууларга жана консультациялык кызмат көрсөтүүлөрдү талдоо**

2019-жылындагы сентябрында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 30.05.2019-жылдагы № 243 "Мамлекеттик сатып алуулар веб-порталынын электрондук каталогу аркылуу товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү

мамлекеттик сатып алуунун тартиби жөнүндө" токтомуна ылайык, каталогу ишке киргизилип жана контентти толтуруу боюнча иштер башталган, алар жылдын аягына чейин бүтпөгөн бойдон калган.

2019-жылга карата электрондук мамлекеттик сатып алуулардын расмий порталында жалпы 100,0 миллиард сомдон ашык суммага товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу боюнча 118 миңден ашуун конкурс жарыяланган. Жалпы катталган конкурстардын ичинен 37,3 миллиард сомго 41 миң конкурс өткөрүлгөн эмес, 63,2 миллиард сомго 77 миң конкурс ийгиликтүү өткөрүлгөн.

Конкурстардын жалпы санынан бюджеттик мекемелер тарабынан 31,0 млрд. сомго пландоодо 23,6 млрд. сомго 40 миң конкурс өткөрүлгөн. Өткөрүлгөн конкурстардан бюджеттик каражаттарды үнөмдөө 7,4 миллиард сомду түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2019-жылдын 29-майындагы № 3084-VI токтому менен саламаттык сактоо үчүн атайын техникаларды (тез жардам машиналарын) жана билим берүү жана саламаттык сактоо тармактары үчүн эмеректерди кошпогондо, кызматтык автомобилдерди жана эмеректерди сатып алууга 3 жылга тыюу салуу киргизилгени белгиленген.

Ошол эле учурда, республикалык бюджеттен каржыланган мекемелерге **15 876,5 миң сомго** кызматтык автомобилдерди, эмеректерди сатып алынган. Мында, Финансы министрлигинин 15.03.2019-жылдагы № 05-4-1/3901 катында кызматтык автомобилдерди, оргтехниканы жана эмеректерди сатып алууга байланыштуу, мамлекеттик сатып алууларды өткөрүүдөн баш тартуу бюджеттик каражаттардын башкы тескөөчүлөрүнө сунушталган.

*Өз компетенциясынын чегинде даттанууларды кароо, алар боюнча корутунду чыгаруу*

2019-жылга карата берилген жалпы даттануулардын саны 2,9 миңди түзгөн, алардын ичинен комиссия тарабынан 1,1 миң даттануу каралган, 1,7 миң даттануу четке кагылган, 175 даттануу чакыртылып алынган. Ишенимсиз (ак ниет эмес) жабдуучулардын (подрядчылардын) базасына 47 компания киргизилген.

2019-жылы көз карандысыз ведомстволор аралык комиссиянын чечими менен макул болбогон жабдуучулар, подрядчылар жана сатып алуучу уюмдар тарабынан 40 соттук доо арыз берилген, анын ичинен 12 доо арыз канааттандырылган;14 доо арыз канааттандырылган эмес; 13 доо арыз кароосуз калтырылган, Департамент 1 доо арыз боюнча 3-жак катары катышкан.

**"Ички аудит жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын аткаруу боюнча ички аудит кызматынын ишине талдоо**

Мамлекеттик башкаруу секторунда ички аудитти өнүктүрүү стратегиясын аныктоочу, ички аудиттин башкаруу методологиясы жана бухгалтердик эсепке алуу ички аудит методологиясы бөлүмү, Финансы министрлигинин түзүмдүк бөлүмү болуп эсептелет.

Көрсөтүлгөн бөлүмдүн ыйгарым укуктарына ички аудит кызматы жок, ички аудит объекттеринде ички аудитти жүргүзүү боюнча ишти уюштуруу, өткөн жыл үчүн алардын иши тууралуу отчет мамлекеттик органдардын ички аудит кызматтарынан кабыл алынган, ички аудит жаатындагы ыйгарым укуктуу органдын функцияларын аткаруу маселелери кирет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 13-мартындагы № 177 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана мекемелеринде,

жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ички аудит кызматтарын түзүү жөнүндө" токтому менен бекитилген Тизмеге ылайык, 2019-жылдын 31-декабрына ички аудит кызматында 30 мамлекеттик орган болгон, алардын ичинен: 11 министрлик, 2 мамлекеттик комитет, 15 ведомство 2 жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы.

Финансы министрлиги тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө берилген, 2019-жылдын жыйынтыгы боюнча мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ички аудит кызматтарынын иши жөнүндө отчетто мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ички аудит кызматтарынын иши жөнүндө жыйынды отчеттуу түзүүнү караган, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 7-майындагы №227 "Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын штаттык санын оптималдаштыруу жөнүндө" токтому сакталбагандыктан, мындай кызматтарга ээ болгон 6 мамлекеттик органдын ички аудит кызматтарынын ишинин жыйынтыктары жок болгон.

Натыйжада, Финансы министрлиги тарабынан түзүлгөн, 2019-жылдын жыйынтыгы боюнча мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ички аудит кызматтарынын иши жөнүндө отчет, анын толуктугун жана ишенимдүүлүгүн көрсөткөн эмес.

Ошол эле учурда, Финансы министрлиги тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 31-декабрындагы № 722 "Бюджеттик мекемелерде финансылык башкаруу жана контролдоо жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтому менен бекитилген, Бюджеттик мекемелерде финансылык башкаруу жана контролдоо жөнүндө Жобо менен каралган, зарыл болгон контролдун мониторинги үчүн, ички аудиттин отчетторун жана маалыматтарды бербегендиктен министрликтердин жана ведомстволордун жетекчилеринин жоопкерчилик маселеси демилгеленген эмес.

*(Маалымат үчүн: Финансы министрлиги 2019-жылга карата ички аудиттин иши жөнүндө отчетторду тапшырбаган министрликтер менен ведомстволордун жетекчилеринин жоопкерчилиги жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратына 2020-жылдын 29-октябрындагы No24-1-1/10370 катын жөнөткөн).*

Финансы министрлиги тарабынан, ыйгарым укуктуу орган катары, ички аудит кызматы жок объектилерде аудит жүргүзүүнү караган, "Ички аудит жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренеси сакталган эмес. 2019-жылдын 31-декабрына берилген маалыматтар боюнча, 14 мамлекеттик органда ички аудит кызматтары жок, анын ичинде Экономика министрлиги, Маалыматтык технологиялар жана байланыш мамлекеттик комитети, Кыргызпатент ж.б.

Белгилей кетсек, Финансы министрлиги тарабынан жүргүзүлгөн аудиттин жүрүшүндө 7 мамлекеттик органда ички аудит кызматын түзүүнү караган Өкмөттүн токтомунун долбоору даярдалган, анын ичинде жогоруда көрсөтүлгөндөр, министрликтерге жана ведомстволор тарабынан макулдашууга жиберилген.

*(Маалымат үчүн: Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудити тарабынан 2018-жылга карата көрсөтүлгөн мамлекеттик органдарда бузуулар аныкталган: Экономика министрлиги - 10,4 млн.сом, МТБМК - 2,0 млн.сом, Кыргызпатент - 5,1 млн.сом).*

2019-жылдын ичинде кварталына бир жолу жолугушууларды өткөрүүнү караган, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 09.09.2013-жылдагы №498 токтому менен бекитилген, Ички аудит боюнча Кеңеш жөнүндө Жобо сакталбагандыктан, эки отурум өткөрүлгөн (22.03.2019 жана 18.04.2019). 18.04.2019-жылда Кеңештин чечими

менен аткарылбаган пландарды кароо 2018-жылга карата мамлекеттик органдардын ички аудит кызматтарынын иши жөнүндө отчетторду кароонун графиги бекитилген, алар 2019-жылдын аягына чейин Кеңеш өткөрүлбөй калгандыгына байланыштуу каралбай калган.

*(Маалымат үчүн: Эсептөө палатасы ички жана тышкы аудиттин өз ара байланышын координациялоо максатында, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 29.04.2019 - жылдагы № 01-26 / 90 токтому менен, Эсептөө палатасы ички жана тышкы аудиттин өз ара байланышын координациялоо максатында, Тышкы жана ички аудиттин өз ара аракеттенүүсү маселелери боюнча аудит стандарттарды колдонуу боюнча методикалык сунуштар бекитилген).*

Финансы министрлигинин Ички аудит кызматы жалпы штаты 11 бирдиктеги сандан турган борбордук аппараттагы ички аудит бөлүмү жана түштүк аймагы боюнча ички аудит бөлүмүнөн турат, анын ичинен 2019-жылдын 31-декабрына карата 2 бирдик бош кызмат орун болуп эсептелген. Пландаштырылган ички аудитти жүргүзүүдө болгону 86 объект, факты жүзүндө 49 объектте аудит жүргүзүлгөн, бул болсо пландын 57%ын түзгөн. Пландуу көрсөткүчтө аудит жүргүзүүгө кеткен адамдардын / күндөрдүн саны 1257, ал 787ни түзгөн, же 62,6%, калган убакытта 470 адам / күн ички аудит бөлүмүнүн иш-аракеттерине тиешеси жок маалыматтарды даярдоого, атайын иликтөөлөрдү жүргүзүүгө, консультацияларга, семинарларга катышууга жана эмгек өргүүлөрүнө сарптаган. Финансы министрлигинин ички аудит кызматы тарабынан министрликтин өзүнүн ведомстволук жана түзүмдүк бөлүмдөрүндө гана аудитордук иш- чаралар жүргүзүлгөн.

**Бюджеттик кредиттерди башкаруу боюнча мамлекеттик агенттик жүргүзгөн бюджеттик кредиттерди башкарууну талдоо**

*(БКБМА, маалымат алуу үчүн 8-тиркемени караңыз).*

БКБМА бюджеттик кредиттерди натыйжалуу башкаруу боюнча өз максатына жетпегендиги айрыкча белгиленет.

Бюджеттик кредиттер боюнча чарбалык субъектилердин карыздарынын калдыгы 2019-жылдын башында - 125 418,0 млн сомду, 2019-жылдын аягында - 124 261,7 млн. сомду түзгөн, же 1 156,4 млн.сомго (0,9%) азайган. Көзөмөлгө алынган карыздардын түзүмүндө, мөөнөтү өтүп кеткен карыздар 2019-жылдын башында 5 235,6 миллион сомду түзсө, жылдын аягында - 3 888,2 миллион сомду түзгөн, же 1 347,4 миллион сомго (25,7%) кыскарган.

БКБМАнын маалымат базасына ылайык, 2019-жылы 9 412,5 млн. сом кайтарылууга тийиш болгон (график боюнча - 5 880,1 млн. сом, мөөнөтү өткөн карыздын бөлүгү - 3 532,4 млн. сом).

2019-жылга бюджет жөнүндө Мыйзамда бюджеттик кредиттер боюнча негизги суммаларды жана пайыздарды төлөө боюнча болжолдонгон келип түшүүлөр мөөнөтү өтүп кеткен карыздын бир бөлүгүн төлөөнү киргизбестен бекитилген жана 3 496,8 млн. сомду түзгөн. Карыздарды кайтаруудан келип түшүүлөрдүн такталган болжолу 4 963,6 млн. сомду түзгөн, ал кредиттердин суммасынан төмөн, график боюнча кайтарылууга тиешелүү 916,5 млн. сом. Факты жүзүндө төлөнгөнү 5 048,7 млн. сом.

Факты жүзүндө алынган зайымдардан энергетика тармагы гана 114 977,6 млн. сом, же 80% алган. Мында, тармактагы чарбалык субъектилер боюнча көптөгөн реструктуризациялар өткөрүлгөндүгүнө карабастан, анын ичинен бюджеттик пайызсыз ссуда түрүндөгү субсидиялардын финансылык көрсөткүчтөрдүн начарлоо тенденциясы сакталып турат.

2015-2019-жылдарга карата энергетикалык компаниялардын карызы 11,1 млрд. сомго реструктуризацияланган, мында, аларды төлөп берүү жана энергетика тармагын жаңылоо боюнча мамлекеттик программа жок болгон. Энергетика тармагындагы карыздын көлөмүнүн ашыкча көбөйүшү, келечекте, мамлекеттик зайымга алынган каражаттарды бюджетке кайтарып бербөө тобокелдигине алып келиши мүмкүн.

Чет элдик кредиттер боюнча карыздардын жалпы суммасынын 56% же 67 978,8 млн. сом КЭРдин  кредиттерине туура келет.

2019-жылы бюджеттик кредиттер 4 097,4 млн. сомго таризделген, анын ичинен 1 470,4 млн сом, же 35,8% өздөштүрүлгөн. “Кадамжай сууканал” муниципалдык ишканасынын карызы 15 жылга 9 861,3 миң сом суммасында реструктуризацияланган.

2019-жылы банкроттук процессин аяктаган ишканалар боюнча республикалык бюджеттин кирешелеринин жоготуулары 335,4 млн. сомду,   жоюлган ишканалар боюнча 1992-жылдан 2000-жылга чейин берилген бюджеттик кредиттерди кайтарып берүү боюнча - 1 232,6 млн. сомду түзгөн.

Бюджеттик кредиттердин  кайтарылышын болжолдоо маселелери жана мөөнөтү өтүп кеткен карыздарды төлөө боюнча  көрүлгөн чаралар боюнча БКБМА жана Финансы министрлигинин борбордук аппаратынын бөлүмдөрүнүн ортосунда өз ара байланыш жок.

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин комитеттеринин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тапшырмаларын жана каттарын аткаруу**

Эсептөө палатасынын жетекчилигинин тапшырмасы боюнча суроо-талаптарына ылайык, жүргүзүлгөн аудит тарабынан каттар жана тапшырмалар боюнча төмөнкүдөй маселелер каралган:

- *28.12.2019-жылдагы №6-8079/19 Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет жана финансы боюнча комитети* 2019-жылга карата чет өлкөлүк кредиттер жана бюджеттик ссудалар боюнча энергетикалык компаниялардын мөөнөтү өтүп кеткен карыздарын реструктуризациялоо боюнча жүргүзүлгөн иш-чаралар тууралуу;  2019-жылга карата республикалык бюджеттин чыгымдар милдеттенмелерин аткарууда мамлекеттик баалуу кагаздарды чыгаруунун натыйжалуулугу;

2019-жылга карата Кыргыз Республикасынын Улуттук банкында Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Борбордук казыналыгынын эсептериндеги акча каражаттарынын калдыктарын эсепке алуу жана пайдалануу. Ушул отчетко кирген маалыматтар, бекитилгенден кийин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет жана финансы боюнча комитетине жөнөтүлөт;

- *Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин 05.08.2020-жылдагы №13-354/16,* Кумтөрдөн келип түшкөн 4,5 млрд. сомду пайдалануу маселеси боюнча 13.05.2020-жылдагы № 3709-VI “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдагы иши жөнүндө Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин отчету тууралуу” Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтомун аткаруу боюнча Иш-чаралар планынын 4.1-пунктун аткаруу тууралуу. Маалымат Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигине жөнөтүлгөн;
- *Кыргыз Республикасынын Вице- премьер министри З.М. Аскаровдун*

*21.11.2019-жылдагы №17-50109,* “Кыргыз Республикасынын 2020-жылга республикалык бюджети жана 2021-2022-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору боюнча 2019-жылдын 18-октябрындагы Парламенттик угуунун резолюциясын ишке ашырууда бюджеттин жана бюджеттик процесстин айкындуулугун жана ачыктыгын камсыз кылуу, 2019-жылга бюджетти түзүүдө бюджеттик календарды сактоо бөлүгүндө бюджеттик мыйзамдардын ченемдеринин аткарылышы тууралуу. Ушул отчетко киргизилген маалыматтар, бекитилгенден кийин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жана Өкмөттүн Аппаратына жөнөтүлгөн.

- *29.01.2020-жылдагы №01-32/19 Ысык-Көл районундагы Темир айыл аймагынын,* Ысык-Көл районунун Темир айылындагы “Э. Керимгазиев атындагы орто мектебинин жылуулук берүү тутумуну капиталдык оңдоо” объектиси боюнча аткарылган иштердин актыларынын тууралыгын жана аныктыгын аныктоо тууралуу. Ушул отчетко киргизилген маалыматтар бекитилгенден кийин, арыз ээсинин дарегине жөнөтүлөт.

**Корутунду**

2019-жылга республикалык бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча, Эсептөө палатасы бюджеттин аткарылышынын жүрүшүндө бюджеттик мыйзамдын сакталышы боюнча айрым кемчиликтерди жана каржы бузууларын белгилеген:

1. 2018-жылга республикалык бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча Эсептөө палатасынын жазма буйругу толук эмес аткарылган. Республикалык бюджеттин кирешесине калыбына келтирүүгө тийиш болгон 169,5 млн.сом сумманын ичинен, 99,7 млн. сом, же 58,8% калыбына келтирилген, калыбына келтирилбеген сумманын калдыгы 69,8 млн.сомду же 41,2%ды түзгөн.
2. 2019-жылга республикалык бюджетти түзүүдө жана аны аткарууда, бюджеттик процессти жөнгө салган мыйзам жана ченем актыларынын белгиленген ченемдери, ошондой эле ченемдик актыларды аткаруу үчүн, кабыл алынган жеке буйруктар сакталган эмес:

2.1. Бюджеттик кодектин 6-беренеси менен каралган, бюджеттик тутумдун принциптери:

- Бирдиктүүлүк – Бирдиктүү казыналык эсепке которуу жүзөгө ашырылган эмес;
- Толуктук – отчетто салык жана салык эмес кирешелер жетишсиз түзүлгөн жана көрсөтүлгөн;
- Натыйжалуулук жана майнаптуулук – программалык бюджеттерди аткаруу боюнча отчетко моиторинг жүргүзүлгөн эмес;
- Артыкчылыктуулук - 2019-жылга Кыргыз Республикасынын Бюджеттик резолюциясы жана 2020-2021-жылдарга болжолуна ылайык, бюджетти түзүүдө, айрым багыттар сакталган эмес;
- Айкындуулук – күч түзүмдөрүнүн бюджетинин чыгымдар бөлүгүнүн жашырындуулук режими алынган эмес; бюджет аралык трансферттерди бөлүштүрүү;

“Капиталдык салымдар” беренеси боюнча объекттердин тизмеси 2019-жылга бюджет жөнүндө Мыйзамга карата өзүнчө тиркеме катары жок; республикалык бюджеттин аткарылышы боюнча отчетто, программалык бюджетти аткарылышы жөнүндө тиркеме жок.

2.2. Бюджеттик кодекстин беренелери, мыйзамдар жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдорунун жана буйруктарынын ченемдери, жеке буйруктар:

- республикалык бюджетти түзүлүшүнө жана аткарылышына карата, Бюджеттик кодекстин беренелери;

- ички аудит кызматы жок болгон ички аудит объектилеринде ички аудит жүргүзүүнүн ички аудит жаатындагы мамлекеттик ыйгарым укуктуу органдар тарабынан камсыз кылууну караган, “Ички аудит жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренеси;

- эл аралык уюмдарга мүчөлүк, үлүштүк төгүмдөрдү төлөө боюнча тизмени түзүү тартибин караган, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 02.12.2015-жылдагы №817 “Кыргыз Республикасынын эл аралык уюмдар, интеграциялык бирикмелер жана эл аралык келишимдик органдар менен кызматташуусунун натыйжалуулугун жогорулатуу жөнүндө” токтому;

- мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ички аудит кызматынын иши жөнүндө бирдиктүү отчетту түзүүнү караган, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 07.05.2018-жылдагы №227 “Кыргыз Республикасынын аткаруу мамлекеттик аткаруу бийлик органдарынын штаттык санын оптималдоо жөнүндө” токтому;

- 2019-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчеттогу тиешелүү тиркеме жана 2019-жылга бардык БКББ (бюджеттик каражаттарды башкы бөлүштүрүүчүлөр) боюнча натыйжалуулук индикаторуна жетүү жөнүндө бириктирилген отчетту түзүүнү караган, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 28.01.2019-жылдагы №17 “Бюджеттик программалардын натыйжалуулугун баалоо жана мониторинг жүргүзүү жөнүндө” токтому;

- 2019-жылга республикалык бюджет жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоорун даярдоо мөөнөтүн аныктаган, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 01.02.2018-жылдагы №38-б буйругу;

- “Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин коллегасы жөнүндө жобону бекитүү жөнүндө” Финансы министрлигинин 25.06.2018-жылдагы №58-б буйругу;

- “Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышына мониторинг жүргүзүү жөнүндө жобону бекитүү жөнүндө” Финансы министрлигинин 24.08.2018-жылдагы №91-б буйругу.

2.3. “Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 29-беренесин бузуу менен, Борбордук казыналыктын кызматкерлери тарабынан туура эмес маалымат берилген.

3. Ченемдик актылар менен каралган ички аудит жана программалык бюджет боюнча отчетторду бербегендигине байланыштуу, бюджеттик мыйзамды

бузгандыгы үчүн, БКББ жетекчилигине карата тартип жоопкерчилик чараларын көрүү жөнүндө Финансы министрлиги тарабынан демилгеленген эмес.

4. 2019-жылдын май-июнунда Дүйнөлүк банктын миссиясы тарабынан өткөрүлгөн, Кыргыз Республикасында мамлекеттик чыгымдарды диагностикалык баалоону тастыктаган, 2019-жылдагы мамлекеттик финансыны башкаруу (МФБ) стратегиясын ишке ашыруунун 1-этабын аяктоо боюнча бюджеттин аткарылышын жана чыгымдарды натыйжалуу пландоонун максатына жетишилген эмес.

5. 1-этапты аяктоо боюнча мамлекеттик финансыны башкаруу тутуму Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бааланбастан туруп, Мамлекеттик финансыны башкаруу (МФБ) стратегиясын ишке ашыруунун 2-этабынын иш-аракеттер планы Финансы министрлигинин буйругу менен бекитилген.

6. 2019-жылдын бюджетине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө Мыйзам долбоору менен, төмөндөгүлөр эске алынбай калган:

- БДЭ (бирдиктүү депозиттик эсепке) чегерилген каражаттардын эсебинен, 1 124,6 млн.сомго бюджеттин кирешелерин көбөйтүү бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 04.06.2019-жылдагы №185-б буйругу жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Бюджет жана финансы боюнча комитетинин 10.06.2019-жылдагы чечими;

- “Чек ара аймактарын өнүктүрүү” беренеси боюнча чыгымдарды 38,65 млн. сомго көбөйтүү бөлүгүндө, “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 5-январындагы №5 “Өзгөчө статуска ээ Кыргыз Республикасынын айрым чек ара аймактарын социалдык-экономикалык өнүктүрүү жана коопсуздукту камсыздоо боюнча мамлекеттик программанын экинчи табын ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө” токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 04.10.2019-жыладгы №520 токтому.

7. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде кароо, Өкмөт менен макулдашуу баскычтарында бюджетке киргизилген өзгөртүүлөр боюнча маалыматтар базасы Финансы министрлиги тарабынан жүргүзүлбөйт, бул болсо, аларды даярдоонун бардык этаптарында бюджеттик маалыматтардын ачыктыгынын жоктугу жөнүндө күбөлөндүрөт.

8. Жалпы мамлекеттик программаларга чыгымдарды түзүү, бюджет алуучулар боюнча так эсептөөлөрдүн жана бөлүштүрүү жок жүргүзүлгөн. Бул болсо, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 01.11.2017-жылдагы №723 токтому менен бекитилген, Республикалык бюджеттин долбоорун түзүү жана республикалык бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүү тартибин бузуу менен, жыл ичинде кошумча чыгымдарга багытталган, резервдик булакты түзүү үчүн шарттарды түзөт.

9. Министрликтер менен ведомстволордун чыгымдар беренелери боюнча каражаттарды кайрадан бөлүштүрүү, Бюджеттик кодекстин 109-беренеси менен каралган чыгымдардын көлөмүнөн 5%дан көп эмес өлчөмдө 41,6 млн. сомго ашырылган.

10. Чыгымдарды 6,9 млрд. сомго жүргүзүлгөн оптималдоо, негизделген эсептөөлөр менен тастыкталбаган чыгымдар сметасын түзүүдө, көрсөткүчтөрдү ашыруу менен байланыштуу чыгымдарды кадыресе кыскартуу болуп эсептелет.

11. 2019-жылга республикалык бюджетти аткаруу боюнча отчетту даярдоодо жана берүүдө, Бюджеттик кодекстин 116-беренеси менен каралган талаптар сакталган эмес:

- бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчеттун түзүмү Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген эмес;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө мамлекеттик бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчеттун курамына республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетту 1-майдан кечиктирбестен берүүнүн белгиленген мөөнөтү алдында, отчет Финансы министрлигинин каты менен 14.05.2020-жылы жөнөтүлгөн;

- Өкмөт республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетту бекитүү тууралуу мыйзамдын долбоорун отчеттук жылдан кийинки жылдын 15-майынан кечиктирбестен кароонун белгиленген мөөнөтү алдында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан 19.06.2020-жылдагы №345 токтом кабыл алынган.

12. МСК кирешелеринин көрсөткүчтөрү сабы боюнча мамлекеттик бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчётто 6 019,4 млн.сомго бурмалоолорго жол берилген, анын ичинен, республикалык бюджет боюнча - 6 694,8 млн.сомго көбөйүү жагына, жергиликтүү бюджет боюнча - 675,4 млн.сомго азаюу жагына. Республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчётто, такталган план боюнча МСК кирешелеринин сабы боюнча көрсөткүчтөр **8 202,7 млн.сомго** жана факты жүзүндө аткаруу боюнча **6 694,8 млн.сомго** бурмаланган, алар оңдоону талап кылат *(аудит аяктаганда тиешелүү оңдоолор киргизилген).*

13. 2019-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетто Бюджеттик классификацияны сактабастан туруп, 11525 экономикалык классификациялоо коду боюнча **209,6 млн. сомго** “Атайын, антидемпингдик жана компенсациялык алымдар” көрсөтүлгөн, ал 11524 классификациясы боюнча эсепке алынууга тийиш *(аудит аяктаганда тиешелүү оңдоолор киргизилген).*

14. Мыйзамдын тиркемелеринин окшош эместиги бөлүгүндө, Бюджеттик кодекстин 90-беренеси сакталбастан, 2019-жылга бюджетке өзгөртүүлөрдү 31,3 млн. сомго киргизүү боюнча Мыйзамдын тиркемесинин, Мыйзамдын 5-беренесинин 2-пунктунун маалыматтарынын айырмасы аныкталган.

15. МСКнын эсебине келип түшкөн салык эмес кирешелерди алып салуу менен, жергиликтүү маанидеги инфра түзүмдөрдү өнүктүрүү жана күтүүгө чегерүүлөрдү камтуу менен, МСКнын кирешелери боюнча планды аткаруу, Казыналык тутумунда администрленген салык эмес кирешелердин факты жүзүндө администраторлору жок туруп, отчётто көрсөтүлгөн 99,7%ды эмес, 97,7 %ды түзгөн.

16. “Кыргыз Республикасында бажылык жөнгө салуу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Бюджеттик кодекстин 47-беренесине ылайык, транспорт каражаттарын бажылык коштоо боюнча **238,3 млн.сомдук** жыйымдар, республикалык бюджеттин кирешесине чегерилиши керек.

17. 2020-жылга республикалык бюджеттин реалдуу кирешелери болуп, мамлекеттик мүлктү тескөөдөн жана пайдалануудан келип түшпөгөн төлөмдөр - 460,3 млн. сом, “БМЗ” ААКсы боюнча дивиденддер - 11,5 млн. сом, “Кыргыз Темир Жолу” Улуттук компаниясы” Мамлекеттик ишканасынын таза кирешесинен чегерүүлөр - 191,1 млн. сом, дивиденддер боюнча “РСК Банк” ААКсынын карызы - 125,5 млн. сом, мамлекеттик жайларды пайдалангандыгы үчүн ижара акысы боюнча юридикалык жана жеке жактардын карызы - 34,3 млн. сом каражаттар эсептелет.

18. Бюджеттин чыгымдар бөлүгүндөгү аткарылбай калуу 12,7 млрд. сомду түзгөн, 2019-жылга бюджет жөнүндө Мыйзамдын 6-беренесинин 1-пунктун бузуу

менен, корголгон беренелер боюнча 1,8 млрд.сомго жана бюджет аралык трансферттер боюнча 468,4 млн.сомго толук каржылоо камсыздалган эмес.

19. Айрым министрликтер жана ведомстволор боюнча эмгек акы боюнча бүтүндөй кредиттик карыздын болушу менен, кредиттик карыздан дебитордук карыздын **3260,9 млн. сомго** ашырылышы аныкталган, анын ичинен, 1 426,9 миң сом чегерилген. 1 834,0 миң сомдук калдык 2020-жылы каржылоодо чегерилүүгө тийиш.

20. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 25.01.2019-жылдагы №5-б буйругу менен бекитилген, республикалык бюджеттен каржыланган курулуш жана реконструкциялоо объекттеринин Тизмесине, курулушу аяктабаган, аны аяктоо үчүн 11,9 млрд. сом суммасы талап кылынган, 195 социалдык объекттер киргизилген эмес.

21. Объекттердин курулушунун ар бир этабында каржылоонун тутумдуу механизминин жоктугу, администраторлорго эсептелген дебитордук карыздын бир кыйла суммасынын пайда болуу себептеринин бири болуп эсептелет.

22. Республикалык бюджеттен дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен каржыланган региондордогу объекттерде аткарылган иштин көлөмүн ашыруу **2 544,2 миң сомду** түзгөн, анын ичинен, аудиттин жүрүшүндө 1 522,9 миң сом калыбына келтирилген, каржылоодо чегери- лүүгө тийиш болгон сумманын калдыгы 1 021,3 миң сомду түзгөн.

23. ӨКМ үчүн Мамлекеттик бюджеттик резервден, объекттерде авариялык-калыбына келтирүү боюнча биринчи кезектеги кечиктирилгис иштерди жүргүзүү үчүн бөлүнгөн **35, 1 млн. сом** суммасындагы каражаттар, Финансы министрлиги тарабынан Атайын эсептин каражаттарынын ичинен 2018-жылы жеткире каржыланбаган объекттердеги иштерди аткаруу жана курулушту аяктоого багытталган.

24. Областтардын жана райондордун өнүгүү фонддору боюнча каражаттарды бөлүштүрүү, Финансы министрлигинин кызматкерлери тарабынан кол менен эсептеп жүргүзүлөт, буга байланыштуу, жаңылыш эсептөө тобокелдиги пайда болот.

25. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 11.04.2012-жылдагы № 238 “Кыргыз Республикасынын жергиликтүү мамлекеттик администрация башчыларынын - областтардын губернаторлорунун жана райондордун акимдеринин резервдик фондору жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” токтому Бюджеттик кодекске ылайык келтирилген эмес.

26.Областардагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн резервдик фонддору жөнүндө Жобону бузуу менен, Баткен областындагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Ыйгарым укутуу өкүлүнүн резервдик фондунан - **72,6 миң сом**, ал эми Ош областындагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Ыйгарым укутуу өкүлүнүн резервдик фондунан **- 236,0 миң сом** каражаттарды чыгымдоого жол берилген.

27. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 08.10.2019-жылдагы № 529 токтому менен бекитилген, «Кумтор Голд Компани» Жабык акционердик коомунан келип түшкөн каражаттарды пайдалануу жөнүндө Жобо менен каралган, конкурстук комиссиянын чечими жок туруп, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 06.12.2019-жылдагы буйругу менен, «Айыл Банк» жана «РСК Банк» ААКларына жалпы 500,0 млн. сом суммасындагы каражаттар бөлүнгөн.

28. “Региондорду өнүктүрүү боюнча социалдык өнөктөш”, “Жаратылышты өнүктүрүү” фонддоруна жана “Онкологиялык кызмат фондуна” (ММКФ каражаттары) «Кумтор Голд Компани» ЖАКынан жана «Центерра Голд Инк»

компаниясынан келип түшкөн каражаттарды эсепке алуу жана мониторинг жүргүзүү функциясы, Финансы министрлигинин түзүмдүк бөлүмүнө бекитилген эмес.

29. ***Министрликтер жана ведомстволор тарабынан чыгымдар сметаларынын түзүүдөгү жана аткаруудагы кемчиликтер жана бузуулар боюнча***

*29.1. Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрлиги (ММТМ)*

- Окуу жайларын каржылоо механизмдери жок туруп, контракттык негизде окуган окуучулардын чыгымдары бюджеттик каражаттар менен төлөнгөн, анын ичинен, Республикалык маданият колледжи - **4,7 млн.сом,** Б. Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство универститети - **18,6 млн.сом.**
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 18.08.2017-жылдагы №495 “Маданият, маалымат жана искусство мекемелеринин типтүү чектелген типтүү штаттарын бекитүү жөнүндө” токтому менен, санды аныктоо критерийлери жок туруп, маданият, маалымат жана искусство мекемелеринин чектелген типтүү штаттары бекитилген.
- Улуттук маданий борбордун 45 бирдиктеги штаттык санын күтүүгө чыгымдар 12,7 млн.сомду түзгөн, анын функциясы Министрликтин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн функцияларына окшош.

*29.2.Билим берүү жана илим министрлиги (ББИМ)*

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 04.05.2017-жылдагы №253 “Кыргыз Республикасынын министрликтеринин, мамлекеттик комитеттеринин, администрациялык ведомстволорунун жана башка мамлекеттик органдарынын техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө” токтомун бузуу менен, аймактык бөлүмдөр тарабынан техникалык жана тейлөөчү персоналынын 16 бирдиктеги штаттан ашык санын күтүү боюнча чыгымдар **1343,9 миң сомду** түзгөн.
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 07.05.2018-жылдагы №227 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик аткаруу бийлик органдарынын штаттык санын оптималдоо жөнүндө” токтомун бузуу менен, мамлекеттик жана мунипициалдык кызматчылардын саны, эмгек акынын **11375,6 миң сом** жылдык фонду менен, ченемдик сандан 66 бирдикке ашырылган.
- 331 “Негизги фонддор” беренеси боюнча чыгымдарды карабаган, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 22.11.2018-жылдагы №545 “Кыргыз Республикасынын башталгыч кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү уюмдарында ченемдик каржылоону киргизүү боюнча чаралар жөнүндө” токтомун бузуу менен, Баштапкы кесиптик билим берүү агенттиги **12263,5 миң сомго** каржыланган.
- Окуу жайларын каржылоо механизмдери (ченемдери) жок туруп, орто кесиптик окуу жайлар боюнча контракттык негизде окуган окуучулардын **56334,6 миң сом** чыгымдары бюджеттик каражаттар менен төлөнгөн.
- Аткарылган иштер жөнүндө отчетторду жана бюджеттик каражаттарды пайдалануу боюнча маалыматтын ведомстволук илимий мекемелер тарабынан берилишин караган, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 06.08.1999-жылдагы № 429 "Мамлекеттик илимий-техникалык программаларды түзүү жана ишке ашыруу тартиби жөнүндө, илимий-изилдөө жана тажрыйба конструктордук иштердин

долбоорлоруна мамлекеттик (көз карандысыз) илимий-техникалык экспертиза уюштуруунун жана жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө, илимий, илимий-техникалык жана инновациялык ишмердүүлүктү республикалык бюджеттин эсебинен каржылоонун тартиби жөнүндө жоболорду бекитүү тууралуу" токтому сакталбастан туруп, Финансы министрлигинде 171,8 млн.сомго каржылоо эсебинен аткарылган иштер жөнүндө отчеттор жана тиешелүү документтер жок.

*29.3.* Окуу жайларын каржылоо механизмдери (ченемдери) жок туруп, медициналык колледждер боюнча контракттык негизде окуган окуучулардын **12724,0 миң сом** чыгымдары Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан бюджеттик каражаттар менен төлөнгөн.

*29.4.* Кыргыз Республикасынын Президентинин 27.01.2012-жылдагы ПЖ №19 (КПҮ) Жарлыгын бузуу менен, Кыргыз Республикасынын Президентинин Архиви боюнча эмгек акы фонду **1 526,7 миң сомго** жогорулатылган.

*29.5.*Социалдык өнүгүү министрлигинде "Балага сүйүнчү" акчалай жөлөк пулду төлөө боюнча бюджеттен каржыланган каражаттардын калдыгы 01.01.2020-жылга карата **13,0 млн.сомду** түзгөн, ал 2020-жылы каржылоодо чегерилүүгө тийиш.

*29.6.* Бирдиктүү казыналык эсептен тышкары болгон, бюджеттик каражаттарды алуучулар тарабынан пайдаланылбаган бюджеттик каражаттардын калдыктарын чегерүүнү караган Бюджеттик кодекстин 106-беренеси сакталбастан, 01.01.2020-жылга карата министрликтердин жана ведомстволордун кассаларындагы каражаттардын калдыктары **7 543,0 миң сомду** түзгөн, анын ичинен, бюджетке 3001,8 миң сом чегерилген. Бюджеттин кирешесине калыбына келтирилүүгө тийиш болгон калдык 4 541,2 миң сомду түзгөн.

*29.7.* Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 30.12.2011-жылдагы №767 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортту азайтуунун эсебинен мамлекеттик бюджеттин каражатын үнөмдөө боюнча чаралар жөнүндө" токтомун бузуу менен:

- ММТМ алдындагы Улуттук маданий борбордо белгиленген лимиттен ашык 1 бирдик нөөмөттөгү авто транспорт бар, анын чыгымы **74,6 миң сомду** түзгөн;
- Социалдык өнүгүү министрлигинин борбордук аппаратында белгиленген лимиттен ашык 1 бирдик нөөмөттөгү авто транспорт бар, анын чыгымы **145,9 миң сомду** түзгөн;
- Кыргызпатенттин борбордук аппаратында 2019-жылдын майына чейин 1 бирдик авто транспорт болгон, аны күтүүгө **49,2 миң сом** чыгымдалган.

*29.8. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 03.11.2011-жылдагы №694 "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттардын калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү жөнүндө" токтомун бузуу менен,* 01.01.2020-жылга карата төмөндөгү алыш-бериш эсептеринде каражаттардын калдыктары жана товардык-материалдык баалуулуктардын ченемден ашык корлору аныкталган:

- Билим берүү жана илим министрлигинин Баштапкы кесиптик билим берүү агенттигинин ведомстволук мекемелери боюнча - **1 162,1 миң сом** *(аудиттин жүрүшүндө чегерилген);*

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин ведомстволук мекемелери боюнча - **6 780,1 миң сом;**

- Кыргыз Республикасынын Жаштар иштери, дене тарбия жана спорт боюнча мамлекеттик агенттиги боюнча - **200,0 миң сом** *(аудиттин жүрүшүндө чегерилген);*

- Ош областындагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппараты боюнча - **94,3 миң сом**; Баткен областындагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппараты боюнча аппараты боюнча **- 34,5 миң сом.**

30. Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Өкмөтүнүн Иш башкармалыгы алдындагы Мамлекеттик имараттар департаменти менен түзүлгөн келишимдер боюнча министрликтер менен ведомстволордун коммуналдык кызматтарына төлөө, министрликтер менен ведомстволордун чыгымдарына кирбеген, Департаменттин **35,3 млн.сом** суммасындагы чыгымдарына киргизилген.

31. 2019-жылга бюджет жөнүндө Мыйзам менен белгиленген, кассалык жүгүртүүдөгү 500,0 млн.сом суммасындагы накталай акчалар, 2019-жылдын аягында кассалык жүгүртүүдөгү накталай акчалар 4,9 млрд. сомду түзгөн, же 8 эсе жогорулатылган.

32. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 02.10.2017-жылдагы № 632 токтому менен бекитилген, "Республикалык бюджеттин кассалык планын түзүү жана жүргүзүү тартиби жөнүндө Жобо" сакталбастан туруп, терс калдык менен кассалык пландар такталган, бюджеттин ресурстарынын администраторлору тарабынан, кирешелер планынын аткарылбашы же толук эмес аткарылышы боюнча тобокелдиктер эске алынган эмес.

33. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 01.11. 2017-жылдагы №723 токтому менен бекитилген, "Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетине өзгөртүүлөрдү киргизүү жана республикалык бюджеттин долбоорун түзүү тартибин" бузуу менен, бириктирилген тизме түзүлгөн эмес.

34. Бюджеттик кодексин 103-беренесин бузуу менен, кварталдык бюджеттик бөлүштүрүү жок туруп, жылдык бекитилген/такталган болжолдоо планын негизинде жүргүзүлгөн.

35. Ресурстар жетишсиз болгон учурда, корголбогон беренелерди каржылоону токтотууну караган, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 24.06.2017-жылдагы №444 токтому менен бекитилген, Бирдиктүү казыналык эсептин иштөө тартибин бузуу менен, корголбогон беренелер боюнча 3,2 млрд. сомго чыгымдар жүргүзүлгөн.

36. БКЭге каражаттардын чегинде төлөмдөрдү караган, Бюджеттик кодекстин 105-беренеси сакталбастан, алардын суммасы жетишсиз болгондо, максаттуу багытка ээ болгон, жергиликтүү бюджеттердин ресурстарынын жана донорлордун каражаттарынын, атайын эсептин каражаттарынын эсебинен кассалык чыгымдар жүргүзүлгөн. Бюджеттик ресурстук жана чыгымдар бөлүктөрүнүн ортосундагы финансылык айырмалар 2,2 млрд.сомго жеткен.

37. Финансы министрлигинин сайтына такталган кассалык пландар жайгаштырылган эмес, бул болсо, Бюджеттик кодекстин 6-беренеси менен белгиленген принциптерге ылайык, бюджеттик жол-жоболордун ачыктыгы камсыздалган эмес.

38. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 28.03.2018-жылдагы №166/51-6 токтому менен бекитилген, Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн

жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн арттыруу боюнча 2018-2022-жылдарга мамлекеттик программаны ишке ашыруу боюнча Финансы министрлиги тарабынан талаптагыдай иш жүргүзүлбөгөндүгүнүн натыйжасында, “Эмгек акы долбоору” төлөм карттарына (мугалимдердин, аскер кызматчыларынын, айрым мамлекеттик органдардын кызматкерлери) толук өтүү жүзөгө ашырылган эмес.

39. БКЭге чегерилген депозиттик каражаттар жана укук коргоо органдары тарабынан БДЭге чегерилген каражаттар ортосундагы айырмалар аныкталган, бул болсо, БДЭнин администратору катары Финансы министрлиги тарабынан келип түшкөн жана чегерилген суммаларды эсепке алуунун жоктугу жөнүндө күбөлөндүрөт.

40. “Салык эмес кирешелер жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Кодексин, бюджеттин ресурстук администраторлору боюнча бюджетке түшүү булактарынын реестрин бузуу менен, Бишкек шаарынын Биринчи Май жана Октябрь райондук мамлекеттик салык башкармалыктарынын администрленген эсептерине БДЭден 201,9 млн.сом жана 290,0 млн.сом которуулар таризделген. Факты жүзүндө төлөмдөр 2020-жылдын январында жүргүзүлгөн, бул болсо, Бишкек шаарынын Биринчи Май жана Октябрь райондук мамлекеттик салык башкармалыктарынын кирешелери боюнча пландардын жасалма аткарылышына алып келген.

40.1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн өзүнчө чечими жок туруп, республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнө чегерилген 491,9 млн.сом БДЭ каражаттарынын ичинен, бюджеттин кезектеги чыгымдарына **157,2 млн.сом** пайдаланылган.

40.2. Финансылык жыл аяктаганда, Финансы министрлиги Мамлекеттик салык кызматына 466,0 млн.сомду БДЭге кайтарууну сунуш кылган. Бишкек шаарынын Бирнчи Май жана Октябрь райондору боюнча МСКБ 491,9 млн.сомду кайтарып берген, анын ичинен бир бөлүгү 25,9 млн.сом, төлөөчү жазуу жүзүндө кайрылбастан туруп, “Салык эмес кирешелер” Кодексинин 26-беренесинин 1-пунктун бузуу менен БДЭге чегерилген жана республикалык бюджетке кайтарылууга жатпайт.

41. КСК эсептерине эсептелгендер боюнча сот органдары менен тиешелүү иштер жүргүзүлбөйт, “Сот органдары тарабынан аныкталган мыйзамсыз алынган суммалар”- 13,9 млн.сом жана “1996-жылдан 1998-жылга чейин тастыкталган булактары жок суммалар” - 17,2 млн.сом, ошондой эле ачыкталбаган 280,7 млн.сом суммасы боюнча, анын мыйзамсыздыгы сот органдары тарабынан аныкталган.

42. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 18.10.2010-жылдагы № 248 токтому менен бекитилген, “Республикалык бюджетте турган мекемелердин бюджеттик милдеттенмелери н жана контракттарды каттоо тартиби жөнүндө Нускама” Бюджетик кодекске ылайык келтирилген эмес, бул болсо, кабыл алынган жана аткарылган бюджеттик жана акча милдеттенмелерин талаптагыдай контролдоонун жоктугуна, ошондой эле мөөнөтү өткөн карызга алып келген.

43. Улуттук банктагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн балансталган депозиттик эсептеринде каражаттардын болушунан улам, пайыздардын эсептик суммасы 2019-жылдын аягында **700,1 млн. сомду** түзгөн, ал Бюджеттик кодекстин 47-беренесине ылайык, бюджеттин кирешеси болуп эсептелет.

44. Улуттук банктагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн эсептериндеги каражаттардын бир кыйла калдыктарынын сакталышы менен, республикалык бюджетке киреше алып келген калдыктарга пайыздарды эсептөө жүргүзүлгөн эмес.

45. Борбордук казыналыктын уруксаты жок туруп, коммерциялык банктарда эсептер ачылган, алар 2019-жылдын аягында төмөндөгүлөрдү түзгөн: МСК - 313,3 миң АКШ доллары жана 156,7 миң сом; Башкы прокуратура - 691,7 миң АКШ доллары жана 1,5 миң росс. рубли; ТИМ - 1 184,0 миң сом; ЖАМКНЫН № 16 мекемеси - 6,0 миң сом (01.01.2020-жылга карата улуттук валютда кайрадан эсептегенде 70,0 млн.сом).

46. Коммерциялык банктарда жайгаштырылган, KFW программасынын мөөнөттүү депозиттеринин каражаттары боюнча эсептелген пайыздар 19 489,2 миң сомду түзгөн, анын ичинен, 1 812,6 миң сом бюджетке чегеилген, ал эми республикалык бюджетке чегерилүүгө тийиш болгон, калган **17 676,6 миң сом** Кыргыз Республикасынын Улуттук банкындагы KfW эсептеринде турат.

47. 2019-жылдын аягында мамлекеттик карыздын өлчөмү 319,5 млрд. сомду (4 587,3 млн. АКШ долларын) түзгөн, анын ичинен, тышкы карыз - 268,2 млрд. сом, ички карыз – 51,3 млрд. сом, же 2018-жылга салыштырмалуу 7,7 млрд. сомго өскөн.

48. 2019-жылга мамлекеттик карыз боюнча отчеттуулук, пайыздарды төлөөгө киргизилген, МКВ боюнча ички карызды 163,4 млн. сомго азайтуу менен байланышкан туура эмес маалыматтарды камтыйт. Тышкы карыздар боюнча чыгымдарга, комиссия катары төлөнгөн, пайыздар боюнча 232,1 млн. сом киргизилген. Тышкы карыздын чыгымдары боюнча аткаруу, минус 505,5 млн. сом четтөөгө ээ.

49. 2019-жылга мамлекеттик карыз боюнча отчеттуулук, кассалык ыкма менен түзүлгөн, бул болсо, эларалык ченемдер, Бюджеттик кодекс менен макулдашылбайт жана мамлекеттик карыздын суммасын азайтууга алып келет, анткени, кабыл алынган милдеттенмелер эске алынбайт. 31.12.2019-жалга карата тышкы карыздын суммасы, эсептөө ыкмасын колдонуу менен 299,8 млрд. сомду түзөт, бул болсо, отчетто көрсөтүлгөндөн 31,6 млрд. сомго көп.

50. Тышкы карыз боюнча 81 кредиттик тилке боюнча эсептерде четтөөлөр аныкталган, буга байланыштуу, 31.12.2019-жылга карата тышкы карыздын аныктыгын тастыктоо мүмкүн эмес.

51. Мамлекеттик бюджетти аткаруу боюнча 2019-жылга топтолгон финансылык отчеттуулукта бюджеттин кирешелердин жана тышкы карыз алуулардын суммаларын 29,6 млн. сомго азайтуу аныкталган, ал бюджеттик мыйзамды бузуу менен, тышкы кредиторлор менен өз ара милдеттенмелерди чегерүү эсебинен болгон.

52. Эсептөөнүн бекитилген методикалык эсептөөлөрү жоктугунан, ички карыз боюнча эки максаттуу көрсөткүч аткарылбай калган. МБКнын өнүгүшүн жана республикада ички карызды тескөөнү талдоо боюнча максаттуу көрсөткүчтөр аныкталган эмес.

53. Мамлекеттик карыз боюнча отчетту түзүү жана ченемдерди эсептөө механизмдери боюнча ченемдик-укуктук актылардагы карама-каршылыктын болушу, мамлекеттик карыз боюнча маалыматтын аныктыгына жардам берет.

54. Тышкы карыз боюнча маалыматтарды сактоо жана иштеп чыгуу, жаңылоону жана алмаштырууну талап кылат, анткени, контролдоонун иштиктүү тутумун жана алардын тууралыгын камсыз кылбайт.

55. Баалуу кагаздарды эмиссиялоо практикасы, бюджеттин тартыштыгын азайтуу боюнча жакшы натыйжаларга жеткирбейт, МБК боюнча пайыздык кирешелерди төлөө жана төлөөгө (сатып алууга) кошумча бюджеттик карыздарды издөөгө алып келет.

56. Керектүү документтердин жоктугу, аныктыкты жана негиздүүлүктү тастыктабайт:

- 664,0 млн. сом суммасында калктын аманаттарын индексациялоо боюнча;
- Которулган векселдер боюнча 34,3 млн. сом карыз;
-бюджет алдында мамлекеттик карыз боюнча 92,4 млн. сом дебитордук карыз;
- мамлекеттик таза активдерди азайтууга 144,0 млрд. сом жана 704,9 млн. сом суммаларын эсептен чыгаруу.

57. 2019-жылга мамлекеттик бюджеттин аткарылышы боюнча отчетко карата тиркемеде көрсөтүлгөн, мамлекеттик карыз бөлүгүндө топтолгон отчеттуулук жана 2019-жылга мамлекеттик карыз боюнча финансылык отчеттуулук аудит тарабынан тастыкталган жок.

58. Колдонуудагы инвестициялык долбоорлор боюнча болжолдуу сарптоолордун өлчөмдөрүн аныктоо боюнча так эсептөөлөрдүн жана керектүү иш-чаралардын жоктугу, МИПти ашыра пландоого алып келген, анын көрсөткүчтөрү 2019-жылдын ичинде, Бюджеттик кодекстин 89-беренесине каршы келген өлчөмдө азайтылган.

59. Верификациялык компания менен Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин ортосунда контракт түзүү боюнча жол жоболордун кечиктирилгендигине байланыштуу, 2019-жылы “Социалдык коргоо секторун реформалоо боюнча контракт” программасы боюнча ЕСтен 422,3 млн. сом жана “Биринчи медициналык-санитардык жардамдын сапатын жакшыртуу” программасы боюнча ДБдан 349,0 млн. сом (174,5 млн. сом грант жана 174,5 млн. сом кредит) келип түшкөн эмес.

60. МИПти ишке ашырууну начар администрлөөнүн жана кредиттик ресурстарды өз убагында өздөштүрбөгөндүктүн натыйжасында, республикалык бюджеттен кошумча төлөмдөр **232,1 млн. сом,** анын ичинен, абдан чоң сумма “Камбарата ГЭС-2нин экинчи гидроагрегатын пайдаланууга киргизүү” программасы боюнча ЕАӨБга - 81,4 млн.сом жана “Түндүк-Түштүк альтернативдүү жолу” программасы боюнча Кытайдын Эскимбанкына - 39,4 млн.сом ж.б. төлөнгөн.

61. 01.01.2020-жылга карата коммерциялык банктардагы долбоорлордун атайын эсептериндеги каражаттардын калдыктары боюнча пайыздар **13,6 млн. сомду** түзгөн жана Бюджеттик кодекстин 47-беренесине ылайык, банктык кызмат көрсөтүүлөргө төлөө боюнча чыгымдарды алып салуу менен, республикалык бюджеттин кирешесине чегерилүүгө тийиш.

62. Россия Федерациясынын 714,0 миң сом гранттык суммасы боюнча республикалык бюджеттин аткарылышы боюнча бириктирилген отчетто жана программалык жардамдарын келип түшүүлөрүн эсепке алууга жооптуу бөлүмдүн отчетунун ортосунда айырма аныкталган.

63. Ченемдик-укуктук актыларда “мамлекеттик инвестициялардын долбоорлору” жана “программалык жардам” так түшүнүктөрү жоктугунан улам, программалык жардам линиясы боюнча алынган 30,1 млн.сом кредиттер, мамлекеттик инвестициялар катары бириктирилген отчетто мыйзамсыз көрсөтүлгөн.

64. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 02.12.2015-жылдагы №817 токтому менен белгиленген, эл аралык уюмдарга мүчөлөк, үлүштүк төгүмдөрдү төлөө боюнча тартип сакталбагандыгына байланыштуу, 2019-жылдын бюджети жөнүндө Мыйзам менен белгиленген, эл аралык уюмдарга мүчөлөк, үлүштүк төгүмдөрдү төлөө суммасы 0,6 млн.сомго ашырылган.

65. 478,4 млн.сом киргизилген өзгөртүүлөрдү эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 06.09.2019-жылдагы №330-б буйругу менен белгиленген 484,6 млн.сом белгиленген алдында, эл аралык уюмдарга мүчөлөк, үлүштүк төгүмдөрдү төлөө боюнча чыгымдар факты жүзүндө 431,6 млн.сомду түзгөн.

66. 2019-жылдын аягында эл аралык уюмдарга мүчөлөк, үлүштүк төгүмдөрдү төлөө боюнча кредиттик карыз 863,6 млн.сомду түзгөн, же 2018-жылга салышытырмалуу, алардын алдындагы карыздарын эске алуу менен, 16 уюмга санын көбөйтүү менен, 154,5 млн.сомго көбөйтүлгөн.

67. Министрликтер менен ведомстволордун кызматкерлеринин квалификацияларынын төмөндүгүнүн натыйжасында, натыйжалуулук индикаторлорунун максаттуу маанилерине жетишине талдоо жана мониторинг жүргүзүү боюнча иштер толук көлөмдө аткарылган эмес, бул болсо, натыйжаларга багытталган, тармактык өнүгүү программаларын ишке ашырууга негизделген, толук бюджеттөөгө өтүүнү кыйындатат.

68. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 30.05.2019-жылдагы № 243 “Электрондук катологдун жардамы менен товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүү тартибин бекитүү жөнүндө” токтому менен каралган, электрондук сатып алууларды жүргүзүү үчүн, 2019-жылдын аягында каталогдорду чыгаруу аягына чыгарылган эмес.

69. Республикалык бюджеттен каржыланган мекемелер тарабынан, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 29.05.2019-жылдагы № 3084-VI саламаттык сактоо үчүн атайын техникаларды (тез жардам машиналарын) жана билим берүү жана саламаттык сактоо секторунан сырткары, кызматтык автоунааларды, оргтехникаларды жана буюм-тайымдарды сатып алууга 3 жыл бою тыюу салууну киргизүү жөнүндө токтому сакталбагандыктан, **15 876,5 миң сом** суммасында кызматтык автомобилдер, эмеректер сатылып алынган.

70. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 09.09.2013-жылдагы №498 “Ички адуит боюнча Кеңеш жөнүндө” токтому менен бекитилген Жобону бузуу менен, 2018-жылга карата мамлекеттик органдардын ички аудит боюнча кызматынын иши жөнүндө отчёттор, ички аудит боюнча Кеңеш тарабынан каралган эмес.

71. Финансы министрлигинин ички аудит кызматы тарабынан 2019-жылга карата, Министрликтин өзүнүн 49 ведомстволук жана түзүмдүк бөлүмдөрүнө аудит жүргүзүлгөн, бул болсо, пландан 57%ды түзгөн.

72. Бюджеттик кредиттерди тескөө боюнча мамлекеттик агенттик (БКТМА) бюджеттик кредиттердин төмөн өздөштүрүлүшүн, 3,9 млрд. сомго мөөнөтү өткөн карыздын болушун эске алуу менен, бюджеттик кредиттерди натыйжалуу тескөө боюнча өзүнүн максатына жеткен эмес.

72.1. 2019-жылы банкроттуулук процесси аяктаган ишканалар боюнча республикалык бюджеттин кирешелерин жоготуу - 335,4 млн.сомду, жоюлган ишканалар боюнча бюджеттик кредиттерди кайтаруу - 1,2 млрд. сомду түзгөн.

72.2. Мөөнөтү өткөн карызды жоюу боюнча көрүлгөн чаралар жана бюджеттик кредиттерди кайтарууну болжолдоо маселелери боюнча Финансы министрлигинин борбордук аппаратынын тиешелүү бөлүмдөрү менен БКТМА ортосунда өз ара аракеттенишүү жок.

**Сунуштар**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине**

1. Финансы министрлигинин коллегиясында 2019-жылга республикалык бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы каралсын жана Министрликтин кызмат адамдарына жана кызматкерлерине карата дисциплинардык чаралар көрүлсүн:

- 2019-жылга мамлекеттик бюджеттин анын ичинде, республикалык бюджетке аткарылышы жөнүндө отчеттун даярдалышына жана түзүлүшүнө көзөмөлдүн жоктугу үчүн, бул болсо, туура эмес маалыматтарды отчетто бурмалоого жана көрсөтүүгө алып келген;

- бюджеттик процессти жөнгө салуучу мыйзамдык жана ченемдик -укуктук актылардын белгиленген ченемдерин, ошондой эле ченемдик- укуктук актыларды аткарууда кабыл алынган өздөрүнүн буйруктарын сактабагандыгы жана аткарбагандыгы үчүн;

- балансстан “Валюта жана депозиттер” эсеби боюнча 144,0 млрд. сом, ошондой эле “Акциялар жана капиталга катышуунун жана башка формалары” эсеби боюнча 704, 9 млн. сом каражаттарынын калдыктарын чечүүгө жана эсептен чыгарууга катышкан Финансы министрлигинин жетекчилигинин негиздемеси жана чечими жоктугу үчүн.

2. Такталбаган маалыматтарга байланыштуу, анын ичинде ички карызды **163,4 миллион сомго** азайтуу менен, “Мамлекеттик карыз” бөлүмү боюнча 2019-жылга карата мамлекеттик бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчеттун Түшүндүрмө жазуусуна түзөтүүлөр киргизилсин.

3. Республикалык бюджеттин кирешелеринде кредиторлордон келип түшкөн **29,6 миллион сом** кирешелерди жана алынган кредиттер боюнча республиканын милдеттенмелерин төлөөнүн ушул эле суммасындагы чыгымдарды көрсөтүү бөлүгүндө, 2019-жылга республикалык бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчеттун маалыматтары, 1 “Баланс” формасына жана анын тиркемелерине жана бириктирилген баланстын тиешелүү формаларына ылайык келтирилсин.

4. Камсыздалсын:

- түздөн-түз Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине тиешелүү болгон, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 30-сентябрындагы №510 “2018-жылга Кыргыз Республикасынын республикалык бюджетинин аткарылышына жүргүзүлгөн аудит жөнүндө Кыргыз Республикасынын Эсептөө

палатасынын отчетунда көрсөтүлгөн бузууларды жана кемчиликтерди жоюу боюнча иш-чаралардын планын бекитүү тууралуу" токтому менен бекитилген Иш-чаралар планынын пункттарын аткаруу;

- кийинки бюджеттик жылга республикалык бюджет жөнүндө Мыйзам долбоорун даярдоодо, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2020-жылдын 10-июнундагы №3822-VI токтому менен жактырылган, 2021-жылга Кыргыз Республикасынын Бюджеттик резолюциясы жана 2022-2023-жылдарга болжолу менен аныкталган багыттарга ылайык, республикалык бюджеттин негизги багыттарын жана артыкчылыктарын сактоо;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бюджеттик календардын бекитилишин караган Бюджеттик кодекстин 81 жана 116-беренелеринин сакталышы жана алардын ачык-айкындуулугун жана ыраатуулугун камсыз кылуу максатында, финансылык жылга республикалык бюджет жөнүндө Мыйзамга тиркемелердин формасында бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчеттун түзүмү;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 23-августундагы № 397 "2019-2021-жылдарга Кыргыз Республикасынын фискалдык саясатынын негизги багыттары жөнүндө" токтомуна ылайык, ФСНБга салынган контролдук цифраларга тиешелүү министрликтер жана ведомстволор тарабынан 2021-жылга чыгымдар сметасынын долбоорлорун түзүү;

- DT Global IDEV Europe, S.L. компаниясы тарабынан мамлекеттик каражаттарды тескөөнүн натыйжалуулугуна жүргүзүлгөн баалоону эске алуу менен, 2017-2025-жылдарга МФБ Стратегиясын ишке ашыруу боюнча 2020-2022-жылдарга (II этап) Орто мөөнөттүү иш-чаралар планына киргизилген иш-чараларды аткаруу;

- региондордун өнүгүү фонддоруна келип түшкөн каражаттарды эсептөө жана бөлүштүрүү тутумун автоматташтыруу;

- бекитилген программалык бюджеттер министрликтер жана ведомстволор тарабынан аткарылышына карата контролдоо жана натыйжалуулук көрсөткүчтөрүнө жетишүү жөнүндө тиешелүү отчетторду көрсөтүү;

- МБКны чыгаруунун жалпы түзүмүндө казына облигацияларынын эмиссиясынын оң динамикасын өнүктүрүү боюнча иш-чараларга өзгөчө көңүл буруу менен, 2018-2020-жылдарга Мамлекеттик карызды тескөө стратегиясында белгиленген иш-чараларды аткаруу;

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин жана эл аралык стандарттардын ченемдерине ылайык, мамлекеттик карыз боюнча отчеттуулукта республиканын карыздык милдеттенмелерин эсепке алуу, түзүү жана көрсөтүү;

- Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторундагы бухгалтердик эсепке алуу жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча Жобого" ылайык, мамлекеттик баалуу кагаздарды эсепке алуу жана төлөө;

- электрондук сатып алууларды жүргүзүү үчүн, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 30-майындагы №243 "Мамлекеттик сатып алуулар веб-порталынын электрондук каталогу аркылуу товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү мамлекеттик сатып алуунун тартиби жөнүндө" токтому менен каралган электрондук каталогду түзүү жана администрлөө;

- ченемдик актыларды аткарууга ылайык кабыл алынган өз буйруктарынын ченемдерин аткаруу.

5. Чаралар көрүлсүн:

- Бюджеттик кодексте каралган бюджеттик тутумдун принциптерине ылайык, аларды даярдоонун бардык этаптарында бюджеттик маалыматтын ачыктыгын сактоо максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен макулдашуу, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде кароо баскычтарында, бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча мыйзамдын долбоорун даярдоодо маалымат базасын түзүү боюнча;

- республикалык бюджеттин кирешесине төлөмдөрдүн келип түшүүсү боюнча, 2019-жылы мамлекеттик мүлктү пайдалануудан жана башкаруудан жеткире келип түшпөгөн - 460,3 млн. сом, "БМЗ" ААКсы боюнча дивиденддер - 11,5 млн. сом, "Кыргыз Темир Жолу" улуттук компаниясы" Мамлекеттик ишканасынын таза пайдасынан чегерүүлөр - 191,1 млн. сом, дивиденддер боюнча "РСК Банк" ААКсынын карыздары - 125,5 млн. сом, ижара төлөмү боюнча жеке юридикалык жана физикалык жактардын карыздары - 34,3 млн. сом;

- Бюджеттик кодекстин 114-беренесине Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 18-октябрындагы №248 "Кыргыз Республикасынын республикалык же жергиликтүү бюджетинде турган мекемелердин контракттарын жана бюджеттик милдеттенмелерин каттоонун тартиби жөнүндө" токтому менен бекитилген, мекемелердин контракттарын жана бюджеттик милдеттенмелерин каттоонун тартиби жөнүндө Нускамага ылайык келтирүү боюнча;

- министрликтердин жана ведомстволордун кызматкерлерин штаттык бирдиктерин, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 22-январындагы №473, 2017-жылдын 4-майындагы № 253, 2018-жылдын 7-майындагы № 227 токтомдоруна ылайык келтирүү боюнча;

- "Сот органдары тарабынан аныкталган мыйзамсыз алынган суммалар" жана "1996-1998-жылдардан бери тастыкталуучу булактары жок суммалар" КСК эсептерине эсептелген суммалардан республикалык же жергиликтүү бюджетке чегерүүгө тиешелүү суммаларды тактоо боюнча Финансы министрлигинин аймактык башкармалыктары тарабынан салыштыруу актыларын жүргүзүү, ошондой эле анын мыйзамсыздыгы сот органдары тарабынан аныкталган, ачыкталбаган 280,7 млн.сом суммасы боюнча;

- мамлекеттин активдерине депозиттик банасталган эсептерди которуу;

- Улуттук банктагы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн баланстан тышкаркы депозиттик эсептериндеги акча каражаттарынын калдыктарына эсептелген пайыздардын эсептөөлөрүнө салыштыруу жүргүзүү боюнча, жана республикалык бюджеттин кирешесине пайыздардын суммасы жыйынтыгы боюнча өндүрүлсүн, бул эсептешүү 2019-жылдын аягында **700,1 млн сомду** түзгөн;

- Бюджеттик кодекстин 105-беренесин бузуу менен, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын атайын уруксаты жоктугунан, коммерциялык банктарда ачылган алыш-бериш эсептериндеги калдыктарды БКЭге чегерүү боюнча: МСК - 313,3 миң АКШ доллары жана 156,7 миң сом; Башкы прокуратура - 691,7 миң АКШ доллары жана 1,5 миң росс. рубли; ТИМ - 1 184,0 миң сом, ЖАМКнын №16 мекемеси – 6,0 миң сом (2020-жылдын 1-январына карата - **70,0 млн.сом**);

- мамлекеттик тышкы карыздын ишенимдүүлүгүн камсыз кылуу максатында, тышкы кредиторлор менен өз ара эсептешүүлөрдү салыштыруу жана жыйынтыктары боюнча мамлекеттик карыздын маалымат базасына тиешелүү түзөтүүлөр киргизүү боюнча;

- Россия Федерациясынан гранттык жардам түрүндө алынган расмий трансферттер боюнча акча каражаттарынын жүгүртүлүшүнө салыштыруу жүргүзүү жана анын жыйынтыгы боюнча отчеттуулукка тиешелүү түзөтүүлөр киргизүү боюнча;

- бюджеттик кредиттердин кайтарылышын болжолдоо маселелери боюнча жана мөөнөтү өтүп кеткен карыздарды төлөө боюнча көрүлүп жаткан чаралар боюнча БКБМА менен өз ара аракеттешүү боюнча Финансы министрлигинин борбордук аппаратынын тиешелүү бөлүмүнө функцияларды бекитүү боюнча.

6. Ишке ашырылсын:

- Мурунку циклдерде каралган тиешелүү жылга көрсөткүчтөрдөн 3 пайызынан ашпаган республикалык бюджеттин болжолдуу көрсөткүчтөрүн кыскартууну караган Бюджеттик кодекстин 89-беренесине жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 01.11.2017-жылдагы №723 токтому менен бекитилген, "Республикалык бюджеттин долбоорун түзүүнүн жана республикалык бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн тартиби жөнүндө" Тартипке ылайык, тиешелүү бюджеттик жылдагы бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүү жана республикалык бюджеттин долбоорун түзүү;

- Бюджеттик кодекстин 109-беренесинде каралган ченемге ылайык, министрликтердин жана ведомстволордун чыгымдар сметаларынын беренелери боюнча каражаттарды кайрадан бөлүштүрүү;

- тиешелүү бюджеттик жылга республикалык бюджет жөнүндө Мыйзамдын беренесинде каралган каражаттардын көлөмүнө ылайык, мамлекеттик керектөөлөр үчүн, курулуш жана объектилердин Тизмесин түзүү;

- факты жүзүндө аткарылган жумуштардын көлөмүн жана курулуш этаптарын эсепке алуу менен, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 30-декабрындагы № 855 "Республикалык бюджеттен каржылануучу капиталдык салымдар түрүндө ишке ашырылуучу инвестициялык долбоорлордун тизмегин түзүү жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" токтому менен бекитилген Жобонун 12-пунктуна ылайык, капиталдык салымдарды каржылоо;

- Республикалык бюджет жөнүндө Мыйзам менен бекитилген, же Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан профилдик комитети макулдашуу боюнча параметрлерге максаттуу трансферттерди бөлүү, анын карамагына бюджеттик мыйзамдын маселелери кирет *(Өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө мыйзам кабыл алынганга чейин)*.

- "Салык эмес кирешелер жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Кодексинин 26-беренесинин 1-пунктуна ылайык, республикалык бюджеттен салыктык эмес кирешелерди кайтарып берүү.

7. Иштелип чыксын:

- чек ара аймактарын өнүктүрүүгө чыгымдарды каржылоонун механизми жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-ноябрындагы № 723 "Республикалык бюджеттин долбоорун түзүүнүн жана республикалык бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн тартиби жөнүндө" токтому менен бекитилген, республикалык бюджеттин долбоорун түзүү Тартибине белгиленген тартипте тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү;

- максаттуу трансферттерди бөлүү критерийлерин аныктаган ченемдик акт жана максаттуу трансферттерди бөлүштүрүүдө акыйкат эсептөөнү жана бирдиктүү мамилени камсыз кылуу үчүн алардын көлөмүн аныктоонун методикасы;

- эл аралык ченемдерге ылайык мамлекеттик карызды тескөө тутумун баалоо көрсөткүчтөрү, ошондой эле мамлекеттик карыздын абалына карата контролдун натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, республиканы өнүктүрүүнүн стратегиялык артыкчылыктарынын негизинде, карыз саясатынын көрсөткүчтөрүнө методологиялык камсыздоо жана анын мониторинг жүргүзүү;

- трансферттер же тышкы инвестиция катары кредиттик жана гранттык жардамдын агымдарын аныктоо менен, “программалык жардам” жана “мамлекеттик инвестициялык долбоорлор” түшүнүктөрүн бекемдөөчү методологиялык документтер;

- Финансы министрлигинин бириктирилген балансы үчүн, маалыматтарды натыйжалуу талдоону жана контролдоону камсыз кылган түзүмдүк бөлүмдөр тарабынан бухгалтердик эсепти жана каржылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча методикалык сунуштар.

8. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө төмөндөгү маселелерди кароону демилгелөө:

- Бюджеттик кодекстин 110-беренесине ылайык, бир айлык эмгек акы фондусунун негизинде, кийинки бюджеттик жылга республикалык бюджет жөнүндө Мыйзамдын беренесине киргизилген кассадагы накталай акчанын жүгүртүүдөгү көлөмү;

- Бюджеттик кодексинин жана “Кыргыз Республикасында бажылык жөнгө салуу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ченемдери менен, транспорттук каражаттарды бажылык коштоо боюнча кызмат көрсөтүү бөлүгүндөгү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралындагы №85 “Мамлекеттик органдар, алардын түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана ведомстволук мекемелери көрсөтүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрин (тизмесин) бекитүү жөнүндө” токтому менен бекитилген, мамлекеттик органдар тарабынан көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызматтардын Бирдиктүү реестрин (тизмесин) шайкеш келтирүү боюнча;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 11.04.2012-жылдагы № 238 “Кыргыз Республикасынын жергиликтүү мамлекеттик администрация башчыларынын - областтардын губернаторлорунун жана райондордун акимдеринин резервдик фондору жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” токтомун Бюджеттик кодекстин 25-беренесине ылайык келтирүү боюнча.

9. Мамлекеттик бюджеттик резервден каржылоону караган ченемдик- укуктук актылардын долбоорлорун, Кыргыз Республикасынын Бюджет кодексинин 23-беренесине так ылайык макулдашуу жүргүзүлсүн.

10. Подряддык уюмдар менен акыркы эсептешүүлөрдү жүргүзүү үчүн, аягына чыгарылган объектилер боюнча кредитордук карыздардын суммасын төлөө, тиешелүү бюджеттик жылга курулуш жана объектилеринин Тизмесинде милдеттүү тартипте каралсын.

11. Финансы министрлигинин тийиштүү түзүмдүк бөлүмүнө карата “Кумтөр Голд Компани” ЖАКнан жана “Центерра Голд Инк.” компаниясынан “Региондорду өнүктүрүү боюнча социалдык өнөктөштүк”, “Жаратылышты өнүктүрүү” жана онкологиялык кызмат (ММКФнын каражаттары) фондуна келип түшкөн каражаттарды эсепке алуу жана мониторинг жүргүзүү функциялары бекемделсин.

12. 34,3 млн. сом суммасындагы векселден которулган, ички карыз боюнча отчетто көрсөтүлгөн карыз, калктын аманаттарын индексациялоо боюнча 664,0 млн.

сом милдеттенмелер жана бюджет алдында мамлекеттик карыз боюнча 92,4 млн. сом дебитордук карыз тастыктоочу материалдар менен алардын негиздүүлүгүн караган бюджеттик мыйзамдардын ченемдерине ылайык келтирилсин.

13. Өз убагында өздөштүрүлбөгөн каражаттар үчүн комиссиялык төлөм түрүндө республикалык бюджеттен жоготууларга, ошондой эле кошумча төлөмдөрдү алууга жол бербестен, мамлекеттик инвестициялык долбоорлорду ишке ашыруу боюнча администрлөө күчөтүлсүн.

14. Бюджеттик кодекстин 47-беренесине ылайык, республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнө төмөнкүлөр өндүрүлсүн:

- Мамлекеттик бажы кызматынын атайын каражаттарынын эсебине келип түшкөн транспорттук каражаттарды бажылык коштоо боюнча жыйымдар **238,3 млн сом**;

- Кыргыз Республикасынын Улуттук банкындагы эсептерге жайгаштырылган KFW программасынын мөөнөттүү депозиттеринин каражаттары боюнча пайыздык калдык, **17 676,6 миң сом** суммасында;

- 01.01.2020-жылга карата коммерциялык банктардагы долбоордун атайын эсептериндеги калдыктар боюнча пайыздар, банк кызматтарын төлөө чыгымдарын алып салуу менен **13,6 млн. сом**.

15. Каржылоодо чегерилсин (бюджетке калыбына келтирилсин):

- Кредитордук карыздан дебитордук карыздын ашырылган суммасы “Эмгек акы” беренеси боюнча сметалык дайындоолордо: Жогорку Кеңеш - 850,3 миң сом; ЖК ИБ - 278,0 миң сом; ЖК ИБ гаражы - 93,3 миң сом, УДПиП - 556,2 миң сом; Улуттук статистикалык комитет - 50,8 миң сом; Мамлекеттик финансылык көзөмлдөө кызматы - 5,4 миң сом, бардыгы **1 834,0 миң сом**;

- 5 - Тиркемеге ылайык, республикалык бюджеттен дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен каржыланган региондордогу объектилерде аткарылган жумуштардын көлөмүн ашыруу калдыгы - **1 021,3 миң сом**;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн аймактардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн резервдик фонддору жөнүндө Жобону бузуу менен, чыгымдалган Баткен областынын ыйгарым укуктуу өкүлүнүн резервдик фондунан - **72,6 миң сом** жана Ош облусунун ыйгарым укуктуу өкүлүнүн резервдик фондунан - **236,0 миң сом**;

- “Товардык-материалдык баалуулуктардын жана каражаттардын калдыктарынын ченемден ашык корлорун эсепке алуунун тартиби жөнүндө” Нускамага ылайык, Саламаттыкты сактоо министрлигинин ведомстволук мекемелери тарабынан дебитордук карыздын кредитордук карыздан эсептеги ашырылышы - **6 780,1 миң сом;** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Ош областындагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратына - **94,3 миң сом**; Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Баткен областындагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратына - **34,5 миң сом**;

- 01.01.2020-жылга министрликтердин жана ведомстволордун кассадагы каражаттардын калдыктары **4 541,2 миң сом** суммасында, анын ичинен: Жогорку Кеңеш - 332,1 миң сом; Өкмөттүн Аппараты - 2942,9 миң сом; УДПиП – 1266,2 миң сом;

- 01.01.2020-жылга Социалдык өнүгүү министрлиги, “Балага сүйүнчү” акчалай жөлөкпулун төлөө үчүн, бюджеттен каржыланган каражаттардын калдыгы **13,0 млн. сом**.

16. “Акциялар жана капиталга катышуунун башка формалары” эсеби боюнча негиз жок туруп, баланс боюнча эсептен чыгарылган **704,9 миллион сом** калыбына келтирилсин.

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө:**

1.Төмөндөгү суроолор каралсын:

1.1. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 128-беренесин бузгандыгы үчүн дисциплинардык чаралар көрүлсүн:

- Республикалык бюджеттин аткарылышына отчетун так эмес түзгөндүгү үчүн жана туура эмес маалыматтарды аудитке берген, Каржы министринин орун басары - Борбордук Казыналыктын директору М.Л. Амандыковдун; мамлекеттик карыз боюнча отчетту түзүүдө талаптагыдай көзөмөл жоктугунан - финансы министринин орун басары Абдыбалы т.Суеркулдун; республикалык бюджет жөнүндө Мыйзам долбоорун түзүүдө көзөмөлдөөнүн жоктугунан, Мыйзам долбоорунун жана анын тиркемелеринин тексттик бөлүктөрүнүн дал келбегендигинен - финансы министринин орун басары А.К. Азимовдун;

- “Салыктык эмес кирешелер жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Кодексин бузуу менен, кезектеги келип түшүүлөр жок туруп, 491,9 млн сом суммасындагы салыктык эмес кирешелерди 2020-жылы республикалык бюджеттен кайтарууга жол берген Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Мамлекеттик салык кызматынын жоопту кызматкерлеринин;

1.2. Бюджеттик тартипти тартибинин начарлашы жана аткаруу милдеттенмелердин начар болжолдонушу жана аткарылышы менен байланыштуу, бюджеттик каражаттар жана атайын эсептин каражаттары боюнча сметаларды аткарууда, киргизилген өзгөртүүлөрдү эске алуу менен, 2019-жылдын бюджети жөнүндө Мыйзамды аткарбагандыгы, Бюджеттик кодексти сактабагандыгы үчүн, министрликтердин жана ведомстволордун кызмат адамдарынын жоопкерчилиги.

1.3. Республиканын милдеттенмелерин азайтуу максатында, эл аралык уюмдар жана бирикмелер менен кызматташуу боюнча министрликтер жана ведомстволор тарабынан көрүлүп жаткан иш-чаралардын натыйжалуулугу.

2. Бюджеттик кодекстин 110-беренесине ылайык, бир айлык эмгек акы фондусунун негизинде, кезектеги бюджеттик жылга республикалык бюджет жөнүндө Мыйзамдын беренесине киргизилген кассалык жүгүртүүдөгү накталай акча каражаттарынын көлөмүн ылайык келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн.

3. Коммуналдык кызматтарды төлөөгө республикалык бюджеттен каржыланган чыгымдарды үнөмдөө максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Өкмөтүнүн Иш башкармалыгына караштуу Мамлекеттик имараттар департаменти менен түзүлгөн келишимдер боюнча министрликтерге жана ведомстволордун балансына имараттарды өткөрүү маселеси боюнча, Финансы министрлигине негизделген сунуштарды карап чыгуу жана киргизүү министрликтерге жана ведомстволорго тапшырылсын.

4. Тапшырылсын:

4.1. Министрликтер жана ведомстволор Бюджет кодексинин кирешелеринин жана (же) бюджеттин чыгымдарынын өзгөрүшүнө алып келген ченемдик-укуктук

актыларды кабыл алууну, кезектеги бюджеттик жылдан кийинки 1-январдан эрте эмес, 31-марттан кийин демилгелөөнү караган 4-беренесин так аткарышсын.

4.2. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги мамлекеттик карыздарды тескөө боюнча контролдоонун, өтүмдүүлүк резервдерин түзүү менен, аларды пайдалануунун кырдаалын аныктоонун максаттуу көрсөткүчтөрүн көрсөткөн зайымдардын жана акча агымынын туруктуулугунун узак мөөнөттүү стратегиясын, ошондой эле, белгиленген тартипте бекитүү үчүн экономиканы өнүктүрүүгө жана бюджеттин тартыштыгын азайтууга өбөлгө түзүүчү мамлекеттик өнүгүү программаларын каржылоо максатында, аларды инвесторлордун жана республиканын калкынын арасында жигердүү жайгаштыруу үчүн, мамлекеттик баалуу кагаздарды чыгаруу стратегиясын иштеп чыгуу;

4.3. Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрлиги Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечимдери менен белгиленген техникалык жана кенже тейлөөчү персонал боюнча ченемдик санга ылайык келтирүү максатында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 18-августундагы №495 “Маданият, искусство жана маалымат мекемелеринин штаттык санынын чегин бекитүү жөнүндө” токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө ченемдик актынын долбоорун дайындалсын жана белгиленген тартипте кароого киргизсин;

4.4. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги орто билим берүү мекемелерин, колледждерди жана лицейлерди каржылоонун стандарттарын иштеп чыгууну камсыз кылсын жана анын натыйжалары боюнча белгиленген тартипте кароого ченемдик актынын долбоорун даярдасын.

4.5. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 26.08.2015-жылдагы №604 “Мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүнүн долбоорун түзүүнүн уюштуруу маселелери жөнүндө” токтомуна толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө ченемдик актынын долбоорун даярдасын.

5. Төмөндөгүлөргө көңүл бурулсун:

- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын сунушуна ылайык, аудит аяктаганда оңдолгон, 8 202,7 млн.сомго такталган план жана 6 694,8 млн.сомго жалган аткаруу боюнча МСКнын кирешелер сабы боюнча көрсөткүчтөр, 2019-жылдын республикалык бюджетинин аткарылышы жөнүндө отчетто туура эмес көрсөтүүлөргө;

Программалык бюджетти аткарууга карата минитсрликер менен ведомстволордун жасалма мамилеси, программалык толук бюджеттөө процессин кыйындатат.

Аудиттин жыйынтыктары боюнча:

- Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратына, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине, Кыргыз Республикасынын Коопсуздук Кеңешине, Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына – отчет;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө – отчет жана сунуш;
- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине - отчет, сунуш жана жазма буйрук жөнөтүлсүн.

Аудит Эсептөө палатасынын аудитору А.Т. Байгазаковдун жетекчилиги менен, башкы инспекторлор Г.Дж.Ашимова (аудит тобунун жетекчиси), Н.А. Лозицкая, А.Ж. Жакшылыков, А.С. Токтоналиев, К.Ш. Эсенов, Ш.У. Сатимбаев, мамлекеттик инспеткорлор У.А. Байтереков, А. Сооронбаев, С.К. Тookeев, А.К. Солпиева, А. Ибраев, С. Осмоналиев, аналитик В.И Грачева, инспектор Ж.И. Осмонова тарабынан жүргүзүлгөн.

**Аудитор** **А.Т. Байгазаков**